

**5-6**
**2020**

ISSN 0132-618x
1928-жылдан баштап чыгууда

# ЭЛ АГАРТУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН “АРДАК БЕЛГИСИ” ОРДЕНДҮҮ ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК ЖУРНАЛЫ
-------------------------------------------------

НАУЧНО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЙ И МЕТОДИЧЕСКИЙ ОРДЕНА «ЗНАК ПОЧЕТА» ЖУРНАЛ МИНИСТЕРСТВА ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
---------------------------------------------------------

SCIENTIFIC-PEDAGOGICAL AND METHODOLOGICAL ORDER "BADGE OF HONOR" MAGAZINE OF THE MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Редколлегия**

**1. Анаркулов Х.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор.
**2. Акматалиев А.А**. -филология илимдеринин доктору, академик
**3. Бекбоев И.Б.** -педагогика илимдеринин доктору, профессор.
**4.Биялиев К.** - педагогика илимдеринин доктору.
**5. Исаков К.** - филология илимдеринин доктору, профессор.
**6. Ишекеев Н.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор.
**7. Ниязов Т.** – география илимдеринин кандидаты, профессор.
**8. Оморов И.** - география илиминин кандидаты.
**9. Өмүрбеков Т.** –тарых илимдеринин доктору, профессор.
**10. Соронкулов Г.** – педагогика илимдеринин кандидаты.
**11. Тайтелиев Ч.** –“Эл агартуу” журналынын баш редактору.

**Редколлегия**

**1. Анаркулов Х.** – доктор педагогических наук, профессор.
**2. Акматалиев А.А**. –доктор филологических наук, академик.
**3. Бекбоев И.Б. -** доктор педагогических наук, профессор.
**4.Биялиев К.** - доктор педагогических наук .
**5. Исаков К.** - доктор филологических наук, профессор.
**6. Ишекеев Н.** – доктор педагогических наук, профессор .
**7. Ниязов Т.** – кандидат географических наук, профессор.
**8. Оморов И.** - кандидат географических наук .
**9. Өмүрбеков Т.** –доктор исторических наук, профессор.
**10. Соронкулов Г.** – кандидат педагогических наук.
**11. Тайтелиев Ч.** –гл. редактор журнала “Эл агартуу”.

**Editorial board**

**1. Anarkulov H.** - doctor of pedagogical sciences, professor.
**2. Akmataliev A. A.-** doctor of philological sciences, academic.
**3. Bekboev I. B.** - Doctor of Education, Professor.
**4.Biyaliev K**. - Doctor of Education.
**5. Isakov K**. - Doctor of Philology, Professor.
**6. Ishekeev N**. - doctor of pedagogical sciences, professor.
**7. Niyazov T**. - Candidate of Geographical Sciences, Professor.
**8. Omorov I.** - Candidate of Geographical Sciences.
**9. Omurbekov T. A**. - doctor of historical sciences, professor.
**10. Soronkulov G**. - PhD.
**11. Taiteliev Ch**. - main editor of magazine "El agartuu".

***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***
***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***PEDAGOGICAL SCIENCE***

**УДК 551.85(24)04**

**А.Т.Турдугулов,**
*филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Билим берүү академиясы*

**ОКУУ КИТЕПТЕРИНИН МАЗМУНУ ПРОГРАММАЛАРГА ДАЛ КЕЛЕБИ?**

**А.Т.Турдугулов,**
*доктор филологических наук, профессор, Кыргызская академия образования*

**СООТВЕТСТВУЕТ ЛИ СОДЕРЖАНИЕ УЧЕБНИКОВ ПРОГРАММАМ?**

**A.T. Turdugulov**
*Doctor of Philology, professor, Kyrgyz Academy of Education*

**DOES THE CONTENT OF TEXTBOOKS CORRESPOND TO THE PROGRAMMES?**

**Аннотация:** *Окуу китептеринин сапаттуу билим берүүнүн же алуунун негизги каражаттарынын бири катары мааниси чоң, алар, адатта, тигил же бул предмет боюнча түзүлүп, бектилген программалардын негизинде жазылат. Макалада республиканын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин кыргыз адабияты боюнча жазылган окуу китептеринин ошол программаларга дал келүү абалы тууралуу конкреттүү мисалдардын негизинде сөз болот.*

**Түйүндүү сөздөр:** *Окуу программалары, окуу китептери, мамлекеттик стандарт, билим берүү концепциялары, окуу китебинин мазмуну жана структурасы.*

**Аннотация:** *Несомненно важную роль в получении качественного образования учащимися играют учебники. Учебники создаются в соответствии с программами утвержденными министерством образования и науки, следовательно, учебник как программа является государственным нормативным документом, регулирующим систему образования. В статье рассматривается ряд ключевых моментов соответствия учебников программамм по кыргызской литературе для общеобразовательных школ республики.*

**Ключевые слова:** *Учебные программы, учебники, государственный стандарт, концепции образования, содержание и структура учебников.*

**Abstract:** *Undoubtedly, textbooks play an important role in obtaining a quality education for students. Textbooks are created in accordance with programs approved by the Ministry of Education and Science; therefore, the textbook as a program is a state regulatory document that regulates the education system. The article discusses a number of key points in the correspondence of textbooks with programs on Kyrgyz literature for secondary schools of the republic.*

**Keywords:** *curricula, textbooks, state standard, concepts of education, content and structure of textbooks.*

**Программалардын мазмуну жана структурасы.**

Адатта, мектеп курсундагы окуу предметтеринин программалары билим берүүнүн мамлекеттик стандартарына ылайык түзүлүп, ал эми окуу китептери ошол программаларга карата иштелип чыгат, бул мурдатан болуп келген салт, эми деле ошол салт бузула элек. Мындай абал мектептеги бардык предметтерге мүнөздүү нерсе, биз бул ирет кыргыз адабияты предмети боюнча окуу программалары менен аларга ылайык жазылган окуу китептери тууралуу кеп кылабыз. Кантсе да ар бир

окуу китебинин мазмуну программага дал келиши керек. Тагыраак айтканда, мектептер үчүн түзүлгөн кыргыз адабиятынын окуу программасы, анын мазмуну менен структурасы, максаты менен милдеттери, программада сунуш кылынган көркөм чыгармаларды иргеп алуунун педагогикалык, методикалык критерийлери менен чен – өлчөмдөрү, тилил же бул тема боюнча сабактарды уюштурууда мугалим жетекчиликке ала турган программалык талап – аннотациялар, сабакты уюштурууга карата сунуштар тууралуу, а эң негизгиси, ошол программаларда сунуш кылынган окуу материалдарынын окуу китептериндеги абалы тууралуу кеп кылабыз.

Жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин окуу пландарында каралган предметтердин ар биринин окуу программалары сыяктуу эле кыргыз адабияты предметинин окуу программасы да анын мектептик билим берүүдө алдына коё турган максат – милдеттерин, методологиясын аныктап, көркөм чыгармаларды иргеп алуунун критерийлери, программанын структурасы, окутуу иштерин жүргүзүүгө карата сунуштар жөнүндөгү маселелерди шарттайт.

Кыргыз адабияты предметинин программасынын мазмуну менен структурасы мектеп окуучуларына заманбап талаптарга ылайык адабий билим берүүнүн багыттарын аныктап алууда жана окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карай улуттун элдик оозеки чыгармачылыгынын мыкты үлгүлөрүн, эл акындарынын адабий мурастарынын мыкты үлгүлөрүн, профессионал жазма адабияттын үлгүлөрүн жана котормо адабиятты камтыган көркөм чыгармалардын эң бир мыкты үлгүлөрүн иргеп алып, алардын сабак процессинде купулга толорлук деңгээлде өздөштүрүлүүсү үчүн педагогикалык – дидактикалык шарттарды аныктап берүү милдетин аткарат. Мындай шарттар кыргыз адабиятын мектепте окутуу ишинин заманбап талаптарга ылайык жүзөгө ашыруунун идеологиясы менен тыгыз байланыштуу. Кыргыз адабиятын мектепте окуу предмети катары өздөштүрүүнүн идеологиясы өз кезегинде өлкөнүн улуттук идеологиясы менен тыгыз байланышат. Демек, мектептеги кыргыз адабияты сабактарынын алкагында өздөштүрүлүүчү көркөм чыгармалардын мисалында мектеп окуучусунун келечекте ким болуп тарбияланаары, ал канткенде айланасындагы ажайып коздукту, сулуулукту, ички руханий тазалыкты баалай билген, өзүнүн да жан – дүйнөсү таза, чынчыл, туруктуу, мекенчил, күрөшчүл инсан катары татыктуу билим менен тарбия алган адамды калыптандыруу милдети жүктөлөт. Бүгүнкү күндүн мектеп окуучусу жомоктордогудай романтикалык дүйнөнүн жашоочусу же анын сырттан байкоочусу катары эмес, реалдуу жандуу турмушту ошол турушунда кабылдай билген жигердүү жаш инсан катары калыптанганы шарт.

Ырас, совет доорундагы билим берүү, окуучуну тарбиялоо иштери, демек, билим берүү мыйзамдары, стандарттар, программалар менен окуу китептери азыркыдан такыр башка эле. Ошондуктан бул ирет бизди кыргыз адабияты предметинин окуу программаларынын адеп түзүлүп баштаганынан берки тарыхы эмес, заман, доор өзгөргөн жаңы шарттарда, эгемендүүлүк жылдары иштелген окуу программалары, алардын негизинде жазылган окуу китептеринин мазмуну менен структурасы кызыктырат. Окуучуга билим менен тарбия берүү ишиндеги жогоруда тезис иретинде айтылган пикирлердин абалын адегенде окуу программаларынан издеп көрөлү. Кантсе да программа сунуш кылган окуу материалдары (биздин шартыбызда, көркөм чыгармалар) окуучуга ошондой билим берип, аны ошондой нукта тарбиялайт. V-XI класстар үчүн кыргыз адабияты программасына көркөм чыгармаларды тандап алууда төмөндөгүдөй адабий – теориялык, педагогикалык – дидактикалык жана илимий – методикалык критерийлер жетекчиликке алынган: Адеп-ахлактык критерий: чыгарманын бийик моралдык-этикалык асыл нарктарга, гуманисттик идеяларга тарбиялоочу мүмкүнчүлүгү, тарбиялык – таанытуучулук потенциалы; эстетикалык-көркөмдүк критерий:

чыгарманын көркөм формасынын кооздугу жана анын окурмандар арасындагы рейтингинин жогорулугу; лингвистикалык чен-өлчөм: адабий тилдин нормасынын жалпы калк үчүн мүнөздүүлүгү; психологиялык – педагогикалык критерий: чыгарманын окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, кабылдоо, өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүнө, таанып-билүүчүлүк кызыкчылыгына, муктаждыгына ылайык келиши; жанрдык – тематикалык критерий: чыгармалардын жанрдык жана тематикалык ар түрдүүлүгү [8, 3 – 4 бб.]. Мунун түзүүчүлөрү белгилегендей, программада акын, жазуучулардын өмүрүн жана чыгармачылыгын үйрөнүүнүн үч шарты сунуш кылынган. Биринчиси, акын, жазуучулардын өмүрүнөн, чыгармачылыгынан кыскача кабар берилет (бул айрыкча V-VII класстарга мүнөздүү); экинчиси, акын, жазуучулардын өмүрү, чыгармачылыгы кененирек маалымат түрүндө тааныштырылат, бул VIII-IX класстарда; үчүнчүсү, акын, жазуучулардын өмүрү жана чыгармачылык жолу кенири мазмунда баяндалат, бул X-XI класстарга мүнөздүү [8, 4 б.]. “Сүрөткердин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндөгү аңгеменин эмоционалдуулугун, таасирдүүлүгүн арттырып, мазмунун тереңдетүүдө, акын же жазуучу жөнүндөгү эскерүүлөрдөн, өзүнүн афоризмдеринен, күндөлүгүнөн, жеке турмушундагы. коомдук ишмердигиндеги, чыгармачыл өнөрканасындагы элдик баалардан, сейрек сүрөттөр болсо, алардан пайдалануунун мааниси чоң. Айрым жазуучулардын туулган, жашаган, эмгектенген жерлерине крайтаануу саякаттарын уюштуруу жакшы натыйжа берет” [8, 4 – 5 бб.].

Программада чыгарманын көркөм образын, эстетикалык сулуулугун анын идеялык адеп-ахлактык мазмуну менен бирдикте окутуп-үйрөтүүгө көңүл буруу зарылдыгы айтылат. “Көркөм чыгарманыидеялык-тематикалык планда гана талдап, анын көркөм формасын унутта калтыруу - адабияттын образдык спецификасын унутуу деген сөз. Адабиятты окуп жатып, окуучу сөз даамын татсын, көркөм образдан ырахат алсын, жазуучунун тилине тамшансын, сөз байлыгы өссүн, каармандар менен кошо толгонсун, күлсүн, ыйласын жана алар менен бирге азапка кабылсын, турмуштук татаал суроолорго жооп издесин, адабий табити тарбиялансын, эң негизгиси, руху арууланып, инсан катары өссүн, ошол өсүүдө окуган адабий чыгармасы көмөк көрсөтсүн” [8, 5 б.]. Мектепте кыргыз адабиятынан билим алуу процессинин мына ушундайча өнүгүүсү үчүн окутуунун ийкемдүү формаларын, усулдарын жана каражаттарын колдонуу талап кылынат. Анүчүн лекция сабактар, семинар сабактар, диспут сабактар, сахна сабактар, сабак – конференция, адабий викторина, тегерек үстөл сабактары сыяктуу заманбап салттуу, салттуу эмес жана да интерактивдүү формаларын, ыкма-жолдорду ийкемдүү пайдалануу өзүнүн алгылыктуу натыйжаларын бербей койбойт.

Адабият программасында айтылганга ылайык, адабий-теориялык түшүнүктөр адабияттан билим берүүнүн курамдык бөлүгү гана эмес, анын мектептик курсунун өзүнчө бир илимий базасы. Адабият теориясынын маалыматтарын катыштырбай туруп сөз өнөрүнүн образдык – эстетикалык табиятынын мыйзамченемдүүлүктөрүн аңдап түшүнүү, демек, эстетикалык табити жогору, ар тараптуу билимдүү, маданияттуу окуучуну тарбиялоо мүмкүн эмес. Улам класс жогорулап, улам жаңы чыгармалар окуп үйрөнүлгөн сайын окуучунун адабият теориясы боюнча алган билими кеңейип, тереңдеп жүрүп отурушу керек.

Мектеп окуучусунун адабий билимин класстан, мектептен тышкары окулуучу көркөм чыгармалар толуктайт. Программада бешинчи – тогузунчу класстарга ылайык окуучулардын класстан тышкары окуган чыгармаларын талдоо үчүн атайын сааттар да бөлүнгөн. Ошол тизмедеги сунуш кылынган адабий чыгармаларды тандоодо алардын көркөмдүгүнө, тематикасына, актуалдуулугуна, таанытуучулук, тарбия берүүчүлүк мүмкүнчүлүгүнө

жана тилдик байлыгына көңүл бурулушу керектиги программада белгиленген.

Искусствонун түрү катары көркөм адабият боюнча окуучулардын билиминин тереңдешине жана кеңейишине техникалык жана көрсөтмө каражаттар, кино, радио жана телеберүүлөр, компьютер, интернет түйүнү, видеотасмалар менен иш жүргүзүү чоң мааниге ээ болорун, адабият сабагын класстан тышкаркы ийримдер, адабий кечелер, диспут, КВН, музейлерге, концерт, кинотеатрларга баруу, эл арасында китепти пропагандалоо жана кошумча, тандоо сабактарын өткөрүү менен терең айкалыштыруу зарылдыгын, эл арасындагы оозеки адабиятты жыйноого да өзгөчө маани берүү кажет экени белгиленген. Предмет аралык байланыш үчүн адабият сабагын кыргыз тили, кыргыз тарыхы, география, биология, сүрөт, музыка, адеп, орус тили жана адабияты ж.б. предметтер менен байланыштырып өтүү жемиштүү натыйжасын бермекчи. Программада мугалимдер үчүн эстетика, адабият таануу, сын боюнча адабияттардын жана зарыл деп табылган илимий-методикалык эмгектердин, көрмө жана укма каражаттардын толук эмес тизмеси сунуш кылынган, авторлордун айтымында муну толуктоо - мугалимдин милдети. А эң негизгиси – программа окуучулардын адабият предметинен алуучу билимдерине, билгичтиктерине коюлуучу негизги талаптар орун алган.

Сунуш кылынган көркөм чыгармаларды өздөштүрүүгө бөлүнгөн сааттар болжолдуу, мугалимдер зарылдыгына карай ал бөлүнгөн сааттарды өз алдынча өзгөртүүгө, бир чыгармадан экинчисине жылдырууга, ооштурууга мүмкүнчүлүк берилген, чыгармаларга бөлүнгөн сааттардан эсебинен жазуу жумуштарын жүргүзүүгө да болот. Программа сунуш кылган бардык чыгармаларды калтырбай окутуп, анын талаптарын аткарууга мугалим милдеттүү, себеби, олимпиадалардын, жогорку окуу жайларына кирүү үчүн тесттердин, билеттердин негизин ушул материалдар түзөөрүн, дилбаяндар да ушул программанын мазмунуна ылайык түзүлөрү белгиленген.

Мектептер үчүн түзүлгөн кыргыз адабияты программасына карата айрым пикирлерди айтып жатып, андагы мугалимге ылайыкташтырылган методикалык сунуштарга атайын кеңири токтолдук. Демек, программанын киришүү бөлүмүндө айтылгандар кайсы бир деңгээлде адабиятты окутуу боюнча усулдук көрсөтмөнүн же колдонмонун да милдетин аткарат.

Улам мезгил өткөн сайын билим берүүнүн да талаптары өзгөрүп, мезгил талаптарына ылайыкташтырылып калыптанып олтурду. 2018 – жылы иштелип, колдонууга сунуш кылынган программада [9] адабиятты мектепте компетенттүүлүлүктүн негизинде окутууга басым жасалган. Программада төмөндөгүдөй үч компетенттүүлүктүн ишке ашырылуусунун зарылдыгы белгиленген: “Окурмандык компетенттүүлүк– адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө окуучулардын түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүлүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү.

Баалуулук – дүйнө таанымдык компетенттүүлүк – адабиятта чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө таанымкатегорияларды түшүнүү, ушул баалуулуктарга өзүнүн мамилесин аныктоо жана негиздөө, гуманисттик адеп – ахлактык позицияларга бек туруу.Адабий – чыгармачылык компетенттүүлүк – ар түрдүү типтеги дилбаяндарды жана түрдүү жанрдагы

жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк” [9, 4 б.].

Программанын сөз болуп жаткан редакциясында класстарга каралган программалык сааттардын кескин азайганы байкалат. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары кыргыз адабияты предметинин V класстан тарта мектепти бүтүп кеткенге, он биринчи класска чейин ар бир класста жумасына 3 сааттан, жылына 102 саат сабак өтүлүшүнө жетишилген эле. Ал эми бүгүнкү күндө кыргыз адабиятына каралган сааттар жыл санап азайтылып, кескин кыскартылып барат. Программанын акыркы басылыштарында, тагыраагы, 2018 – жылы түзүлүп, колдонууга берилген программада V, VI жана VIII класстардагы кыргыз адабияты предметине мурдагыдай жыл бою 102 саттан эмес, 68 гана саат каралыптыр [9, 15 – 41 бб.]. Бул боюнча педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Б.Оторбаевдин пикирин угуп көрөлү: “Программадагы сааттардын азайышы бул мектептеги кыргыз адабияты предметинин көркөм туундуларды камтуу мүмкүнчүлүгүнүн, аларга бөлүнчү сабак-сааттардын санынын кыскарышын, демек, тээ байыртадан бери топтолуп, бүгүнкү классикалык деңгээлге чейин жеткирилген улуттук көркөм сөз өнөрүбүздү мектеп окуучуларына талаптагыдай окутуп – үйрөтүүгө деген аракет-умтулууларыбыз акырындык менен пастап, начарлоого багыт алышын билдирет. Ушул балакеттин баары чет өлкөлүк «кеңешчилердин» тымызын таасир этүүлөрүнөн, «боордоштук» колдоо көрсөтүүлөрүнөн улам болуп жатат. Минтип отурса, кыргыз адабияты предмети бир паста эле биротоло жоюлуп же башка окуу предметтери менен жуурулушуп интеграциялануунун кейиштүү тагдырына тушугуп, мектепте окуп – үйрөнүлүүдөн таптакыр тышкарыда калчудай. Ансыз деле акыркы жылдары өлкөбүздө окурман калктын катары бир далай суюлуп кетти. Кылымдардан бери келаткан руханий байлыгыбызды – көркөм адабиятыбызды мектепте окуп – өздөштүрүүдөн жакынкы келечектеги жана андан кийинки жаш муундарыбыз куржалак кала турган болушса, анда эле журтчулугубуздун кургуйга кулаганы ошо. Анда эле бир муун алмашып – алмашпай, руханий дүйнөбүз жакырланып, өз алдынчалуу улут катары сыймыктануу сезимибиз мокоп, анан барып эгемендүү эл эсебинен чийилип калышыбыз мүмкүн. Эмитен ойлонбосо, кийин кеч болуп калат” [10, 74 б.]. Окумуштуу – методист бекеринен тынчсызданып жаткан жок, анын мындай пикири ар бирибизди ойлонууга чакырат.

**“Кыргыз адабияты” окуу китептеринин мазмуну жана структурасы.**

Адатта, ар бир окуу китеби ошол предмет боюнча түзүлгөн программанын мазмуну менен структурасын сактап жазылат, программа сунуш кылган окуу материалдары, аларга каралган саат өлчөмдөр да кыйшаюусуз сакталат, буга чейин ушундай болуп келген, азыр да ошондой. Иш жүзүндө кандай? Жалпы орто билим берүүчү мектептердин V-VII, VIII-IX, X-XI класстары үчүн «Кыргыз адабияты» окуу китептери авторлор тарабынан адабиятты мектепте предмет катары өздөштүрүүнүн үч баскычынын ар биринин өздөрүнө гана тийиштүү талаптарына, ал класстардагы окуучулардын куракттык, интеллектуалдык, психологиялык бөтөнчөлүктөрүнөн, айырмачылыктарынан улам келип чыкчу милдеттүү окуу материалын кабылдоо мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык түзүлгөндүгүн көрүүгө болот. Ырас, мында дидактиканын жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга карай принциби сакталган абалда болушу керек. Улам класс жогорулаган сайын окуу китебинде сунушталчу чыгармалар класстагы окуучулардын жаш өзгөчөлүгү эске алынып, улам оорлошуп, татаалдашып жүрүп отурат, иш жүзүндөгү абал чынында эле ушундай. Окуу китептеринде программа сунуш кылган окуу материалдары ушундай абалда берилгенин көрүүгө болот.

Көркөм чыгармаларды иргеп, аларды V-VII, VIII-IX, X-XI класстардын тийиштүү окуу китептерине жайгаштыруунун, талашсыз, өзүнчө тартиби, ички логикалык ирээттүүлүгү болот. Окуучу бешинчи класстан тарта мектепти бүтүп кеткенге чейинки кыргыз адабияты курсунун негизги мазмунун байыркы доордогу жана орто кылымдардагы адабий мурастардын үлгүлөрү, улуттук фольклордун мыкты үлгүлөрү, эл акындарынын чыгармачылыгы, кол жазма адабияттын айрым үлгүлөрү жана профессионал адабияттын үлгүлөрү түзөт. Бул класстардын окуу китептеринде орус жана батыш классикасынын айрым үлгүлөрү да орун алган. Окуучулардын тарыхый акыл-эсин, өзүн – өзү аңдап түшүнүүсүн жана адабий-эстетикалык кругозорун өстүрүү максатында түрк калктарынын жана чыгыш классикасынын үлгүлөрүнө да орун берилген. Мында бөтөнчө V-VI класстарда өспүрүм балдардын жаш өзгөчөлүгү жана окурмандык кызыкчылыктары эске алынып, фантастикалык чыгармалар мурдагыга караганда көбүрөөк жайгаштырылган, анан бардык класстарда мурда тыюу салынып келген кыргыз акын, жазуучулары жана алардын адабий мурастары сунуш кылынган. Булар жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин бешинчи – он биринчи класстары боюнча жазылган окуу китептеринин мазмуну ушундай, программанын талаптары да ушундай болчу.

Окуу китептеринин өзүнө келсек, мында мектептер үчүн кыргыз адабияты окуу китептеринин жазылыш тарыхын толук чагылдыруу максаты коюлбагандыктан, өлкөнүн эгемендүүлүк жылдары жазылып, учурда колдонулуп жаткан кыргыз адабияты окуу китептери, алардын мазмуну менен структурасы, ар бир окуу китебинин өзүнө чейинкилерине салыштырмалуу артыкчылыктуу жактары жана мүчүлүштүктөрү тууралуу сөз болот.

**“Кыргыз адабияты” окуу китеби, Vкласс.** Бул окуу китеби филология илимдеринин доктору, профессор К.Артыкбаев менен эл мугалими Б.Исаковдун авторлугунда жазылып, алгач IV класс үчүн түзүлгөн окуу хрестоматиясы (1986), ал эми 1990 – жылдан тартып ал V класс үчүн ылайыкташтырылып, 1998 – жылдан бери программага ылайык улам оңдолуп, толукталып басылып келе жаткан “Биздин адабият” хрестоматия - окуу китеби [1] болчу. Ал азыркы заманбап талаптарга ылайык иштелген окуу куралдарынын адепкиси болду окшойт. Эми “Кыргыз адабияты” деп аталган бул окуулук адепки колдонуудагы “Биздин адабият” хрестоматия – окуу китебинен эмнеси менен айырмаланат? Албетте, андан бери программа өзгөрдү, класска сунуш кылынган чыгармалар өзгөрдү, талаптар өзгөрдү дегендей, талашсыз, окуу китеби соңку программага ылайыкташтырылды. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Н.Ишекеевдин пикиринде, “мында биринчиден, адабий материалдарды өздөштүрүүгө карата методикалык, педагогикалык – дидактикалык аппараттар конкреттештирилип, окуучулардын интеллектуалдык ишмердүүлүктөрүн уюштурууга өзгөчө маани берилген, китептеги “өз алдынча иштөө”, “ойлон”, “салыштыр”, “талкуула” сыяктуу методикалык – дидактикалык талаптардын коюлушу системалуу мүнөгө ээ; экинчиден, окуу китебинин балдарды турмуштук жигердүүлүккө, атуулдук жоопкерчиликке чакырган, үндөгөн пафосу конкреттүү жана романтикалуу; үчүнчүдөн, программалык окутуунун талаптарына ылайык жана окуучулардын чыгармаларды кабылдоосун жеңилдетүү максатында адабий материалдар атайын бөлүмдөргө ажырымдалган; төртүнчүдөн, айрым чыгармалардын уңгулуу, эң бир урунттуу эпизоддору иргелүү менен, окуу программасынын талаптарына шайкеш келтирилген; бешинчиден, камтылган материалдардын басымдуу көпчүлүгүн макалдар коштоп, окуучулардын көркөм чыгармалардын идеялык мазмунун так, айкын жана кыска түшүнүүсүнө, мүнөздөөсүнө көмөк берген; алтынчыдан, окуу куралына “санжыргалуу сөз берметтери” деп аталган поэтикалык – лексикалык каражаттар аркылуу уюштурулган тексттен тышкаркы

аппараттар мүнөздүү; жетинчиден, предмет аралык байланышты камсыз кылуучу, адабий материалды жалпылоочу иштелмелер жана көркөм окуунун үлгүлөрү берилген; сегизинчиден, окуу китебинде он жети сүрөткердин өмүр баяндары, чыгармачылыгы кыска, бирок нускалуу тастыктамага ээ. Окуу китебинде өркүндөтүлгөн окуу программасынын мазмунуна ылайык киргизилген кошумчалар да жок эмес. Дегинкиси, мындагы башкы максат окуучуларга терең билим, сапаттуу тарбия, тиешелүү жөндөм, көндүм берүүгө, аны өстүрүп жетилтүүгө баш ийдирилген [11, 122-123 бб.]. Демек, аталган окуу китебинин мазмуну программа менен толук дал келет, ал эми анын ички структурасы окуучунун окуу материалдарын натыйжалуу кабыл алуусуна ылайык иштелген. Ал балким так ушул белгилери менен өзүнүн мурдагы редакцияларынан айырмаланып турат.

**“Кыргыз адабияты” окуу китеби VI класс.** Аталган окуу китеби педагогика илимдеринин доктору, профессор Н.Ишекеев менен эл мугалими А.Сманбаев тарабынан жазылып, 2000 – 2007 – жылдары бир нече ирет ондолуп, толукталып басылып чыгып отурган хрестоматия – окуу китеби [2]. Мында программа сунуш кылган акын, жазуучулардын өмүр баяны, чыгармачылыгы жөнүндөгү маалыматтар адабияттык окуунун талаптарына ылайык иштелген. Окуу китебинде сунуш кылынган көркөм чыгарма боюнча жүргүзүлгөн талдоолор, адаптацияланган тексттер, теориялык түшүнүктөр предметтүү жана жеткиликтүү берилген. Материалдардын мазмуну адабият илиминин соңку жетишкендиктерине негизделип, көркөм-эстетикалык булактары, түшүнүктөрү, эрежелери, бүтүмдөрү так жана нускалуу, системалуу, окуучунун курактык өзгөчөлүктөрүнө дал келет. Хрестоматия-окуу китебиндеги окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн берилген суроо-тапшырмалардын табияты аларга көркөмдүк, адеп-ахлактык, эмгектик жана атуулдук билим-тарбия берүүнүн каражаты катары уңгулуу касиетке ээ.

**“Кыргыз адабияты” окуу китеби, VII класс.** Учурда колдонуудагы бул окуу китеби педагогика илимдеринин доктору, профессор Б.Алымов менен педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Муратов тарабынан жазылып, алгач ирет 1992-жылы басмадан жарык көргөн [3]. Бул окуу китеби Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги жана ошондогу мамлекеттик басма комитети тарабынан жарыяланган конкурста экинчи сыйлыкка татыктуу болгон. Китептин киришүү бөлүмүндө турмуштун көп түрдүүлүгү, аны адабиятта көркөм чагылдыруунун мазмуну менен формалары, көркөм чыгармалардагы мүнөздөр менен кырдаалдардын өз ара байланышы, философиялык, адеп – ахлактык, ыймандык, социалдык баалуулуктар жөнүндөгү маалыматтар камтылган. Окуу китеби алты бөлүмдөн турат, анын мазмунун элдик эпостор, эл акындары, классикалык орус, кыргыз, боордош калктар жана элдердин адабияттарынын материалдары түзөт. Окуу китебиндеги милдеттүү өздөштүрүүгө негизделген окуу материалдарынын басымдуу бөлүгү улуттук профессионал жазма адабиятка берилген. Профессор Н.Ишекеевдин айтымында, бул окуу китеби окуучуларга «бири кем дүйнөнүн өйдө-төмөнүн чагылдырып, көркөм чындык жөнүндө акыйкат билим берүүгө, окуучунун өзүн – өзү таануусуна кадимкидей көмөктөшүүгө, турмуштук активдүүлүгүнө ак дилден «кол кабыш» кылууга, жашоонун өйүз – бүйүзүн образдуу таанып – билүүсүн өркүндөтүүгө, туруктуу оң эмоцияларды калыптандырууга, эстетикалык ырахатка, жыргалга бөлөөгө, аларды жаратуучулукка ниеттендирүүдө коoздук сезимдерин, көркөмдүк табиттерин алгалоого жарамдуу» [11, 181 б.]. Программанын деле талап – аннотацияларында болжол менен ушундай маанидеги маалыматтардын болушу шартталган, демек, бул окуу китебинин мазмуну да ага толугу менен дал келет.

**«Кыргыз адабияты» окуу китеби, VIII класс**. 2004 – жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү

жана илим министрлиги тарабынан жаңы муундагы окуу китептерин жазууга карата жарыяланган ачык конкурста жеңген VIII класс үчүн жазылган бул окуу китеби филология илимдеринин доктору, профессор А.Турдугулов менен педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Б.Оторбаев тарабынан даярдалган. Окуу китеби 2009 – 2010 – окуу жылына карата пайдаланууга берилмек, кечиктирилип, 2013 – жылы КРнын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 40 миң нускада жарык көрдү. Окуу китеби 2014 – 2015 – окуу жылынан тарта мектептерге милдеттүү колдонууга сунуш кылынган. Окуу китебине кирген «Уламышка айланган акылман инсандардын мурастарынан», «XIX – XX кылымдардагы эл ырчыларынын чыгармачылыгы» (Калыгул, Арстанбек, Токтогул, Жеңижок, Барпы), «Түрк элдеринин мурастарынан», «Байыркы кытай поэзиясы» бөлүмдөрүн А.Турдугулов, ал эми «Кыргыз элинин байыркы жазма эстеликтери», «Кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармачылыгы (казынасы)», «Манас», «Семетей» жана «Сейтек» эпостору, «Курманбек» эпосу, «Орто кылымдардагы адабий мурастар», «Чыгыш классикалык адабияты» бөлүмдөрүн Б.Оторбаев жазган. 2018 – 2019 – окуу жылына карата иштелип, колдонууга сунушталган жаңы программага ылайык, окуу китебинен «Огуз наама» дастаны, «Байыркы кытай поэзиясы» бөлүмдөрү кыскартылып, алардын ордуна «Курманбек» эпосунун материалдары киргизилген. Мына ошондон кийин гана бул окуу китеби азыркы колдонуудагы программанын мазмуну менен дал келет деп айтууга болот.

«Бул жаңы муундагы окуу китебинин, - деп жазат, профессор Н.Ишекеев, айрыкча көзгө урунган бөтөнчөлүгү кыргыз адабиятынын соңку программасындагы азыркы профессионал адабиятка чейинки элдик оозеки адабияттын өткөөл баскычта орто мектептин VIII классында окуп үйрөнүүгө сунушталган шарттары көңүлгө алынгандыгында. Окуу китебинде кайсы бир деңгээлде чыгарманын өзүн, анын текстин өздөштүрүүгө маани берилип, ошону менен катар жогорку класстарга көбүрөөк мүнөздүү адабий талдоолорго да жетиштүү көңүл бурулган. Структурасында тарыхый – адабий курстун элементтерин камтып, системалуу курска жакындатылган адабияттык окуу курсунун ички логикасына, спецификасына, методикалык талаптарына, ошондой эле окуучулардын жаш өспүрүмдүк ички руханий кызыкчылыктарына ылайык, эми ал адабий туундулардын өзүн окутууга, көркөм тексти менен тикелей жакындан тааныштырууга мүмкүнчүлүк түзүлүп отурат. Арийне, окуу китебин түзүүдө анын мугалимдер менен окуучулардын колдонуусуна ыңгайлуу жагы да эске алынган. Мына ушул максатта ар бир сабак суроо – тапшырмалар тизмеги менен жыйынтыкталып, чектелип берилген. Андыктан тийиштүү календардык планды түзүп алууда адабият мугалими анчалык деле кыйынчылыкка дуушар болбойт» [2, 185 б.].

**«Кыргыз адабияты» окуу китеби, IX класс.** Өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында IX класс үчүн мына ушундай жаңы заманбап талаптардагы «Кыргыз адабияты» окуу китебин түзүү милдети профессор Б.Алымовдун энчисине тийиптир. Автор бул акыркы эмгегин ооруп жатканына карабай көшөрүп иштеп, өжөрлүккө салып бүтүргөндүгү белгилүү. Окуу китеби алгач автордун көзү өткөндөн кийин 1999 – жылы жарык көрүп, андан бери бир нече жолу кайталанып басылды [5]. Окумуштуу Б.Оторбаевдин пикиринде «окуу китебинде адабияттын мектеп курсунан совет доорунан бери орун алып келаткан А.Токомбаев, К.Баялинов, К.Жантөшев, М.Элебаев, Ж.Турусбеков, Ж.Бөкөнбаев, К.Маликов, Т.Сыдыкбеков, А.Осмонов, Ч.Айтматовдон тышкары жыйырманчы жылдардагы адабияттан К.Тыныстанов, С.Карачев, кийинки муундан Н.Байтемиров, К.Каимов, А.Саспаев, Ө.Даникеев, Ш.Садыбакасов сыяктуу акын – жазуучулардын чыгармачылыгы камтылган. Ал эми чыгыш элдеринин классикалык мурастарынын үлгүсү катары «Кабус наме» аттуу икаялар топтому сунуш кылынган. Окуу китебинин автору жогоруда ысымдары аталган акын – жазуучулардын

чыгармачылыгы боюнча монографиялык маалыматтарын программанын талап – аннотациясына ылайык жогорку чеберчиликте жана көркөмдүктө талдап берүүгө жетишкен. Окуу китеби кыргыз адабияты боюнча учурда колдонууда турган окуу китептеринин ичинен эң эле мыктыларынын бири катары эсептелинет» [10, 76 б.].

**«Кыргыз адабияты» окуу китеби, X класс.** Белгилүү окумуштуулар К.Асаналиев, С.Байгазиев, С.Жигитов, К.Иманалиевдин авторлугундагы X класстын жаңы окуу китеби [6] алгач 2000 – жылы басылды. Китептин структурасы беш бөлүктөн турат: XIX – XX кылымдардагы кыргыз кол жазма адабияты; кыргыз профессионал адабиятынын жаралышы (1919-1924); кыргыз адабияты согушка чейинки мезгилде (1930--1940); Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз адабияты (1941-1969); батыш классикасы. Булардын баары обзордук темалар болуп, ошол мезгилдерге туш келген авторлордун монографиялык маалыматтары ичине киргизилген. Аталган обзордук бөлүмдөрдө адабияттагы көркөм – эстетикалык кубулуштардын ортосундагы зарыл жана объективдүү, маани-маңыздуу, туруктуу, кайталануучу алака – катыштар, байланыштар кенен, ар тараптуу чечмеленген. Окуу китебинин соңку редакциясында портреттик бөлүмдөрдүн катары жаңы ысымдар менен толукталган, айталы, Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Осмонаалы Сыдыков, Белек Солтоноев, Казыбек Мамбетимин уулу жана Касым Тыныстановдун чыгармачылыгы программага соңку мезгилдерде эле киргизилгени маалым эмеспи. Бул калемгерлердин өмүр баянын жазууда, чыгармаларын талдоодо окуу китебинин авторлору мазмунду аныктоонун илимийлүүлүк, тарыхыйлуулук, удаалаштык, системалуулук, тиешелүүлүк жана гумандуулук принциптерин жетекчиликке алышкандыгын баамдоого болот. Ошентип, “аталган окуу китебинин авторлору көркөм-эстетикалык билим берүүнүн көп түрдүү жана абройлуу мазмунун интеграциялоо аркылуу кол жазма адабиятынан баштап согуштан кийинки мезгилге чейинки улуттук поэтиканын илимий сүрөттөлүшүн көз алдыга сапаттуу тартып берүүгө жетишишкен” [10, 78 б.].

**“Кыргыз адабияты” окуу китеби, XI класс.** Бул класстын окуу китебинин мурдагысынан кыйла жаңыланган редакциясы Н.Ишекеев, А.Муратов сыяктуу китеп жазуу ишинде кыйла тажрыйбалуу жаңы авторлор менен толукталып, 2000 – жылы жарык көрдү [7]. Китеп өркүндөтүлгөн окуу программасына ылайык жазылгандыгы менен кескин айырмаланып турат. Ал 1960 – 1990-жылдардагы кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө обзордук планда кенен кайрылуу менен ачылат. Окуу китебинин мазмунундагы факты, материалдардын тактыгы, талдоолорунун негиздүүлүгү, ойлорунун логикалуулугу менен айырмаланат. Б.Оторбаев бул окуу китебинин мазмунундагы материалдарды “акын – жазуучулардын өмүр баянына, чыгармачылыгына арналган таржымалдардын да окуучуларга билим берүүчүлүк, инсанга таалим – тарбия этүүчүлүк жана жарандык өнүктүрүүчүлүк касиет – наркы мыкты иштелгендигин белгилейт” [10, 79 б.]. Окуу китебиндеги абалтан окутулуп келген “Майдан”, “Сынган кылыч” романдарына удаа сунуш кылынган жана ар башка жанрлардагы жаңы киргизилген чыгармалар, айталы, С.Эралиевдин “Кесиринсан” поэмасы, Б.Сарногоевдин “Ашуудан берген отчету”, драматург М.Байжиевдин “Төрт адам” сыяктуу чыгармалар мазмуну менен формасына ылайык мыкты талдангандыгын айтууга болот. Окуу китебинин мазмуну жана формасы кыргыз адабияты илиминин акыркы жылдардагы жетишкендиктерине таянуу аркылуу мектеп окуучуларынын көркөм-эстетикалык билимдеринин тереңдетилишине өбөлгө болот жана алардын адабий чыгарманы жана адабий билимди кабылдоо мүмкүнчүлүктөрүнө, куррактык бөтөнчөлүктөрүнө дал келет. Ошентип, бул окуу китеби да программанын талаптарына дал келгенин баса бергилөө зарылдыгы бар.

**Адабияттар:**

1.Артыкбаев К., Исаков Б. Биздин адабият. Орто мектептердин V классы үчүн окуу китеби. - Б.: Мектеп, 1998, 2003, 2007. - 448 б.

2.Ишекеев Н., Сманбаев А. Кыргыз адабияты. Орто мектептердин VI классы үчүн окуу китеби. - Б.: Учкун, 2007. - 320 б.

3.Алымов Б., Муратов А. Кыргыз адабияты. Орто мектептин VII классы үчүн хрестоматия-окуу китеби. - Б.: Билим-компьютер, 2007. - 400 б.

4.Турдугулов А., Оторбаев Б. Кыргыз адабияты. Орто мектептин VIII классы үчүн окуу китеби. - Б., 2013. - 288 б.

5.Алымов Б. Кыргыз адабияты. Орто мектептин IX классы үчүн окуу китеби. - Б., 1999, 2002. - 436 б.;

6.Асаналиев К., Байгазиев С., Жигитов С., Иманалиев К. Кыргыз адабияты. Орто мектептин X классы үчүн окуу китеби. Толукталып 3-басылышы. - Б.: Билим куту, 2007. - 360 б.

7.Артыкбаев К., Асаналиев К., Байгазиев С., Иманалиев К., Ишекеев Н., Муратов А. Кыргыз адабияты. Орто мектептин XI классы үчүн окуу китеби. - Б.: Бийиктик, 2004, 2007. - 336 б.

8.Кыргыз адабиятынын программасы (Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов). Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V–XI класстары үчүн. - Б., 2012, 2014, 2015, 2016, 2017. - 56 б.

9.Кыргыз адабиятынын программасы (Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов). Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын V–IX класстары үчүн. – Б., 2018. – 56 б.

10.Оторбаев Б. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Бишкек, 2020. – 560 б.

11.Ишекеев Н. Кыргыз адабиятынын окуу китептери: өткөнү, бүгүнкүсү жана келечеги. - Б., 2010. - 208 б.

**Оторбаев Б. К.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун доценти*

**КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫН МЕКТЕПТЕ ӨТҮҮДӨГҮ ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮЧҮЛҮК ТЕХНОЛОГИЯЛАР**

**Оторбаев Б. К.**
*доцент КНУ им. Ж.Баласагына*

**СОВРЕМЕННЫЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕТЕХНОЛОГИИ ИСПОЛЬЗУЕМЫЕ ПРИ ОБУЧЕНИИ ПРЕДМЕТА КЫРГЫЗСКАЯ ЛИТЕРАТУРА В ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ШКОЛАХ**

**B. K. Otorbaev**
*Associate professor of KNU named after J. Balasagyn*

**MODERN EDUCATIONAL TECHNOLOGIES USED IN LEARNING THE SUBJECT KYRGYZ LITERATURE IN GENERAL EDUCATIONAL SCHOOLS**

**Аннотация:** *Макалада педагогикалык технология түшүнүгү, анын үч аспектиси жана мектепте кыргыз адабиятынан билим берүүдөгү технологиялык мамиле, кыргыз адабиятын мектепте окутуудагы заманбап билим берүүчүлүк технологиялар тууралуу кеп болот.*

**Түйүндүү сөздөр:** *технология, педагогикалык технология, окутуу технологиялары, заманбап билим берүүчүлүк технологиялар.*

**Аннотация:** *В статье рассматриваются понятие педагогической технологии, три ее аспекта и технологический подход к преподаванию кыргызской литературы в школе, современные образовательные технологии обучения кыргызской литературе в школе.*
**Ключевые слова:** *технология, педагогическая технология, технология обучения, современные образовательные технологии.*

**Resume:** *The article examines the concept of pedagogical technology, its three aspects and a technological approach to teaching Kyrgyz literature at school, modern educational technologies for teaching Kyrgyz literature at school.*
**Key words:** *technology, pedagogical technology, teaching technology, modern educational technologies.*

**1. Педагогикалык технология түшүнүгү, анын үч аспектиси жана мектепте кыргыз адабиятынан билим берүүдөгү технологиялык мамиле. Окутуу техногияларынын методикадан айырмачылыгы, артыкчылыктуу жактары. Кыргыз адабиятын мектепте окутуудагы заманбап билим берүүчүлүк технологиялар.**

Учурда педагогика илиминде «технология», «педагогикалык технологиялар», «билим берүүнүн технологиялары», «окутуунун технологиялары» терминдери байма-бай колдонулууда. «Технология» термини байыркы грек тилинде «техно» - искусство, чеберчилик, аткаруучулук, ал эми «логос» - окуу, үйрөнүү маанилерин түшүндүрөт. Демек, технология тигил же бул ишмердүүлүктү жогорку деңгээлде жүргүзүү, аны үйрөнүү болуп саналат. Ал эми

педагогикалык технология бул, бир жагынан, окуу материалын иштеп чыгуу, аны өзгөртүүнүн жана алып чыгуунун усулдары менен каражаттарынын жыйындысы болсо, экинчи жагынан, техникалык жана маалыматтык каражаттардын негизинде мугалимдин окуучулар менен бирдикте окуу процессин алып баруусу эсептелинет. Педагогикалык технология окутуунун максатынын, анын мазмунунун, дидактикалык усул-каражаттардын, формалардын бири-бири менен байланышын жана аныкталышын өзүнө камтыйт.[1]

Дагы тактасак, педагогикалык (билим берүүчүлүк) технология - бул педагогикалык процесстин илимий негизде курулган, убакыт жана мейкиндик аралыгында программаланган жана белгиленген натыйжаларга алып келүүчү бардык курамдык бөлүктөрүнүн аракеттенүү системасы.

«Педагогикалык технология» түшүнүгү үч башка аспектиде каралат:

1) илимий: педагогикалык технологиялар - педагогикалык илимдин окутуунун максаттарын, мазмунун, усулдарын үйрөнүүчү жана иштеп чыгуучу жана да педагогикалык процесстерди долбоорлоочу бөлүгү;

2) процессуалдык-баяндап жазуучулук: окутуунун пландаштырылган натыйжаларына жетишүү үчүн сабак процессин, максаттардын жыйындысын, мазмунун, усулдарын жана каражаттарын баяндап жазуу;

3) процессуалдык-аракеттенүүчүлүк: технологиялык (педагогикалык) процессти жүзөгө ашыруу, бардык инсандык, инструменталдык жана методологиялык педагогикалык каражаттардын аракетте болуусу.

Так мына ушундайча, педагогикалык технология окутуунун кыйла сарамжалдуу жолдорун изилдөөчү илим катары, окутуу ишинде колдонулуучу ык-амалдардын, принциптердин жана иретке салуучу каражаттардын системасы катары, кайсы бир предметти реалдуу окутуу процесси катары аракетте болот.

Педагогикалык технология төмөндөгү белгилеринен улам аныкталат:

- окутуунун объектилерин, усул-ыкмаларын, техникалык каражаттарын, окуу-тарбиялык процесстеги педагогикалык алака-катыш мамилелерин максатка багыттап колдонгонунан;
- педагогикалык маалыматты жана педагогикалык процесстеги алака-катыштарды уюштуруу системасын максатка багыттап түзүп, иреттештирип алып чыкканынан;
- окуучулардын таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүн башкаруунун системасынан;
- педагогикалык процесстин каражаттарын жана усулдарын белгилүү бир милдеттерди чечүү үчүн түзүп чыкканынан;
- окутуу жана тарбиялоо процессин уюштурганынан;
- окуучулардын ишмердүүлүктөрүн, билим берүүнүн максаттарына жетишүү үчүн ресурстарды уюштуруунун идеяларын, ык-жолдорун системалуу бириктирүүнү камтуучу комплекстүү интеграциялык процессинен;
- педагогикалык системаларды долбоорлоонун технологиясынан;
- билим берүүчүлүк процесстерди пландаштыруунун, ишке ашыруунун жана баалоонун методологиясынан.

Ушунда жалпы орто билим берүүчү мектепте кыргыз адабияты предметин окутуу процессин заманбап технологияларга ылайык алып барууда колдонулчу айрым маанилүү усулдук каражаттарга түшүнүк бере кетүү зарылдыгы бар.

---

[1] Караңыз: Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. - Б., 2008. - 138-б.

**Баарлашуу**-мектепте сабакты, кыргыз адабияты сабагын, уюштуруунун формасы, мында чектелүү дидактикалык бирдик окуучуга кыргыз адабиятынан адабий билим берүүнүн жана аны интеллектуалдык жактан өнүктүрүүнүн демейки максаттарына жетишүү үчүн интерактивдүү маалымдоо иретинде аракетке келтирилет. Белгилүү бир убакыт аралыгындагы маалымдоо багыттарынын кезектештирилип колдону-луусунан көз карандылыкта баарлашуунун бир канча түрүн айырмалашат: катарлаш көзөмөлдөнүү менен, алдын ала көзөмөлдөнүү менен, болуп өткөндөн кийин көзөмөлдөнүү менен ж.б.

**Лекция**- сабакты, кыргыз адабияты сабагын, уюштуруунун формасы, мында ирилештирилген дидактикалык бирдик окуучуга кыргыз адабиятынан адабий билим берүүнүн жана интеллектуалдык өнүктүрүүнүн кыйла кеңири максаттарына жетишүү үчүн бөтөнчө жигердүү маалымдоо иретинде аракетке келтирилет.

**Педагогикалык техника**- кыргыз адабиятын окутуу процесстеринин алкагында колдонулуучу каражаттардын жана ык-амалдардын биргелешип аракетте болушу.

**Окутуунун пландаштырылган натыйжалары**- биздин мисалыбызда кыргыз адабиятын мектепте окутуунун алдын ала болжолдонуучу жана пландаштырылуучу максаттары, булар системалык милдеттер түрүндө алып чыгылуусу мүмкүн.

**Практикум**- сабакты, кыргыз адабияты сабагын, уюштуруунун формасы, мында класс топторго бөлүнүп коюлат, топтор белгилүү бир убакыт аралыгына деп тапшырмаларды алышат, убакыттын бүтүшү менен жетишилген натыйжалар боюнча эсеп-чот беришет, андан соң тапшырмалар топтон топко карай убак убагы менен алмаштырылат.

**Аңгемелөө**- сабакты, кыргыз адабияты сабагын, уюштуруунун формасы, мында чектелүү дидактикалык бирдик окуучуга кыргыз адабиятынан адабий билим берүүнүн жана интеллектуалдук өнүктүрүүнүн демейки максаттарына жетишүү үчүн бөтөнчө жигердүү маалымдоо иретинде аракетке келтирилет.

**Семинар**- сабакты, кыргыз адабияты сабагын, уюштуруунун формасы, мында ирилештирилген же чектелүү дидактикалык бирдик окуучуга кыргыз адабиятынан адабий билим берүүнүн жана интеллектуалдык өнүктүрүүнүн кыйла кеңири жана демейки максаттарына жетишүү үчүн бөтөнчө жигердүү маалымдоо иретинде аракетке келтирилет.

**Тапшырмалар системасы**- кыргыз адабиятынан үйрөнүлүп жаткан тема, окуу материалы боюнча сабактардын топтомуна карата тапшырмалардын жыйындысы.

**Сабак**- бир сааттык (40-45 мүнөт) мөөнөттү камтуучу минималдуу окутуу убактысы.

**Окутуунун (кыргыз адабиятынан билим берүүнүн) максаттары**-адабиятты окутуудагы коомдун жана инсандык өнүктүрүүнүн талаптарына ылайык келүүчү күтүлгөн жана пландаштырылган натыйжалардын мүнөздөмөсү.

Азыркы коомубуздагы билим берүү процесстеринин өнүгүшү, педагогикалык инновациялардын, автордук мектептердин жана жаңычыл мугалимдердин көптөгөн тажрыйбалары, психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жалпылоону жана системага салууну талап этет. Бул проблеманы чечүүнүн каражаттарынын бири болуп мектептеги окутуу процессине - кыргыз адабиятын окутуу процессине карата **технологиялык мамиле** эсептелинет. Адабиятты мектепте окутуу процессине карата технологиялык мамиле билдирет:

1. Окутуунун бүткүл жүрүшүн окуу максаттарына ылайык уюштурууну.

2. Окутуунун пландаштырылган натыйжаларына жетишүүгө багытталган болжолдуу окуу максаттарынын коюлушун жана түзүлүүсүн.
3. Күндөгү натыйжаларды баалоону жана аларды оңдоп-түзөтүүнү.
4. Натыйжалардын жыйынтыктоочу баасын.

Дегинкиси, окутуу ишине -кыргыз адабиятын окутуу ишине технологиялык мамиле окутуу процессинин үстүнөн болгон так инструменталдык башкарууну жана коюлган окутуу максаттарынын ишенимдүү ийгиликке жетишин карайт. Белгилеп кетүү керек, кыргыз адабиятын мектепте окутуудагы билим берүүчүлүк жана педагогикалык процесстерге карата технологиялык мамилени универсалдуу деп эсептөөгө болбойт, ал болгону педагогиканын, психологиянын, социологиянын, социалдык педагогиканын, саясат таануунун, илимдин жана практиканын дагы да башка багыттарынын илимий мамилелерин толуктайт.

Бир караганда, технология методиканын жаңыча аталышы сыяктуу. Кайсы бир деңгээлде мунун чындык жагы бар, бирок айырмачылыктары да жетишерлик. Кептин аныгына чыгуу үчүн бул эки түшүнүктү өз ара салыштырып көрөлү.

| **Методика** | **Технология** |
|---|---|
| 1. Негизинен окутуу процессине багытталуу. | 1. Негизинен окутуунун натыйжаларына багытталуу. |
| 2. Окутуунун ык-жолдорунун жекелештирилген жыйындысы (кесиптик тажрыйбаны өткөрүп берүү кыйындайт). | 2. Окутуунун ык-жолдорунун азыраак жекелештирилген системасы (мугалимдин кесиптик тажрыйбасын өткөрүп берүү жана кеңейтүү мүмкүнчүлүгү менен). |
| 3. Окутуунун ык-жолдорунун жана формаларынын жыйындысы. | 3. Окутуунун ык-жолдорунун жана формаларынын системасы. |
| 4. Окуу предметинин спецификасынын басымдуулук кылышы, окуу маалыматынын сапаттык өз алдынчалыгына басым коюу. | 4. Окуу предметтеринин универсалдуу байланыштарынын басымдуулук кылышы, билим берүүчүлүк системанын бүтүндүк-дүйнөгө көз караштык түзүмүнө басым коюу. |
| 5. Окуу маалыматын билим берүүчүлүк-дидактикалык өлчөөлөрдүн арбын болушу. | 5. Билимдердин кыймылын анын илимий-изилдөөчүлүк генезисинен билим берүүчүлүк процесске карай ишке ашыруу (чечмелеп түшүндүрүлүп) |

Салыштыруунун негизинде окутуунун анык мазмунун мектеп окуучуларынын аң-сезимине сиңдирүүнүн эрежелеринин системасы окутуунун методикасы болот да, ал эми билим берүүчүлүк ишмердүүлүктүн анык мазмуну менен байланышпаган эрежелеринин долбоорлонгон жана теориялык жактан негизделген системасы педагогикалык технология болуп эсептелинет деп жыйынтык чыгарылат. Б.а., **педагогикалык технология** билим берүү процессин илимий таанып-билүүнүн натыйжасы катары окутуу процессинин мыйзамченемдүүлүктөрүнө негизденет, ал эми методика эмпирикалык тажрыйбага, мугалимдин педагогдук чеберчилигине таянат.

Педагогикалык технологиянын артыкчылыктуу жактары булар:

1. Педагогикалык технологияга негиз болуп түпкү максаттын так аныкталышы кызмат кылат. Мында максат борбордук компонент катары каралат.

2. Максаты так аныкталган педагогикалык технология көзөмөлдөп-текшерүү жана ага жетишүү усулдарын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

3. Педагогикалык технология алгылыктуу вариантты издөөдө педагогикалык экспорттоп алууга өтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

4. Педагогикалык технология сабактардын иштелмелеринен айырмаланып, окуу процессинин долбоорун көңүлгө алат. Окутуу ишмердүүлүгүн долбоорлоо окуучулардын ийгиликтеринин туруктуулугуна алып келет.

Кыргыз адабиятын мектепте окутуудагы заманбап билим берүүчүлүк технологиялар, алардын түрлөрүнө келсек, булар мектептик жалпы орто билим берүүгө деген азыркы учурдун талаптарына толук шайкеш келүү менен, окуу процессин уюштуруунун ушундай бир үлгүлөрүн сунушташат, мында биринчи планга адабият мугалими менен окуучунун окуп-билим алуучулук кандай болсо, так эле ошондой практикалык олуттуу милдеттерди чечүүгө багытталып, өз ара байланышкан ишмердүүлүгү алып чыгылат. Бул инсандык өсүп-өркүндөлүү процесстерине карама-каршы келбейт, себеби педагогикалык технологиялардын ар бири өзүнүн жекече аймагына ээлик кылып, инсанды өнүктүрүүнү мына ошол өздөрүнө тийиштүү аймактын чектеринде жүзөгө ашырышат.

**Кыргыз адабиятын мектепте окутуудагы заманбап билим берүүчүлүк технологиялардын классификациясы:**

**1. Инсанга багыттап окутуунун технологиялары**

1) Ар түрдүүчө деңгээлдеп окутуунун технологиясы.

2) Окуу-изилдөөчүлүк катары окутуу технологиясы.

3) Кызматташып окутуу технологиясы.

4) Эвристикалык окутуу технологиясы.

5) Долбоордук технология.

6) Өнүктүрүп окутуу технологиясы (Л.В.Занков, В.В.Давыдов, Д.Б.Элькони).

7) Адабиятты искусство катары жана адамды калыптандыруучу предмет катары окутуу (Е.Н.Ильин).

**2. Предметке багыттап окутуунун технологиялары**

1) Максаттарды коюу технологиясы.

2) Толук өздөштүрүү технологиясы (М.В.Клариндин материалдары негизинде).

3) С.Д.Шевченко боюнча педагогикалык процесстин технологиясы.

4) Топтоштуруп окутуунун технологиясы.

5) Модулдук окутуунун технологиясы.

**3. Маалыматтык технологиялар**

1) Маалыматтык компьютердик технология.

2) Аралыктык (дистанттык) окутуунун технологиялары.

**4. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун технологиялары**

1) «Портфолио» технологиясы.

2) Баа койбой окутуу технологиясы.

3) Рейтингдик технологиялар.

**5. Интерактивдүү технологиялар**

1) Сынчыл ойломду окуу, жазуу аркылуу өнүктүрүү технологиясы.

2) Дискуссияларды жүргүзүү технологиясы.

3) Дебаттар (кайым айтыштар) технологиясы.[2]

**Мектептик билим берүүнүн заманбап технологияларын төмөндөгүдөй да классификациялап жүрүшөт:**

1. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар.

2. Сынчыл ойломду өнүктүрүүнүн технологиясы.

3. Долбоордук окутуунун технологиясы.

4. Өнүктүрүп окутуу технологиясы.

5. Ден соолукту сактап, кам көрүүчүлүк технологиялар.

6. Проблемалык окутуу технологиясы.

7. Оюндук технологиялар.

8. Модулдук технология.

9. Чыгармачылык устатканалар технологиясы.

10. Кейс-технологиясы.

11. Интеграциялап окутуу технологиясы.

12. Кызматташып окутуу технологиясы.

13. Деңгээлдик дифференцирлөө технологиясы.

14. Топтук технологиялар.

15. Салттуу технологиялар (класстык-сабактык система).[3]

**Булардын ичинен негиздүүлөрү төмөндөгүлөр:**

1. Проблемалык окутуу технологиясы.

2. Ар түрдүүчө деңгээлдеп окутуунун технологиясы.

3. Өнүктүрүп окутуу технологиясы.

4. Долбоордук окутуунун технологиясы.

5. Оюндук технологиялар.

6. Ден соолукту сактап, кам көрүүчүлүк технологиялар.

7. Топтоштуруп окутуунун технологиясы.

8. Кейс-технологиясы.

9. Маалыматтык технологиялар.

Азыркы учурда окутуунун кандай заманбап технологиялары бар экенин билип коюу парз. Анан, албетте, мугалим - кыргыз адабияты мугалими жалпы орто билим берүүчү мектепте кыргыз адабияты сабагын өтүүдө ушул акыркы тогузу менен эле чектелип калбайт, өтүлчү теманын бөтөнчөлүгүнө, ички мазмунуна, максат-милдеттерине, ылайыктуулугуна карай окутуунун жогоруда келтирилген заманбап технологияларынын ичинен иргеп пайдаланат.

**2. Заманбап билим берүүчүлүк технологиялардын негиздүүлөрүнүн кыргыз адабияты сабагынын мисалында баяндалышы, маани-мазмуну.**

Эми адабиятты окутуудагы заманбап билим берүүчүлүк технологиялардын

---

[2] Караңыз: Маслова Н.Г. Использование современных педагогических технологий в преподавании русского языка и литературы (статья) (Интернет булактан).

[3] Караңыз: Современные педагогические технологии в общеобразовательной школе (статья) (Интернет булактан).

негиздүүлөрүнүнкыскача баяндалыштарына, маани-мазмунуна токтололу. Алгач **проблемалык окутуу технологиясына** кайрылабыз. Мында окуу ишмердүүлүгүндө- кыргыз адабияты сабагы маалында проблемалык кырдаалдарды түзүү жана окуучулардын аларды чечмелөөлөрү үчүн жигердүү өз алдынчалуу ишмердүүлүктөрүн уюштуруу жумуштары алып барылат, ушунда жалпы жана кесипкөйлүк компетенцияларды калыптандыруу, билимдерге, билгичтиктерге чыгармачылык менен ээлик кылуу процесстери жүрөт, ой жүгүртүүчүлүк жөндөмдүүлүктөр өнүктүрүлөт.

**Ар түрдүүчө деңгээлдеп окутуунун технологиясында** кыргыз адабияты мугалиминде начар окуганга көмөктөшүү, жакшы окугандарына атайын көңүл буруу мүмкүнчүлүгү келип чыгат, мыкты окуган окуучулардын билим алууда тезирээк жана терендетип билим алууга карата каалоо-умтулуулары ишке ашырылат. Күчтүүлөр - адабияттан билим алуудагы өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүнө болгон ишеним-ынанымдарын бекемдешет, начарлар - окуудагы ийгиликтерин сынап, байкап көрүү мүмкүнчүлүгүн алышат, жыйынтыгында дүйнөнү адабий таанып-билүүнүн жана ага ээ болууга карата ниеттенүүнүн (мотивдешүүнүн) деңгээли жогорулайт.

**Өнүктүрүп окутуу технологиясында** мектеп окуучусуна биргелешип аракеттенүүдөгү өзүн курчап турган чөйрөнүн өз алдынчалуу субъектисинин ролу ыйгарылат. Бул өз ара биргелешип аракеттенүү кыргыз адабияты сабагындагы окуу ишмердүүлүгүнүн бардык этаптарын өзүнө камтыйт, болочок инсанды өнүктүрүүдө булардын ар бири өздөрүнө гана тийиштүү салымдарын кошушат. Мында маанилүү болуп ниеттендирүү баскычы эсептелинет, мунун уюштурулуш ыгы боюнча өнүктүрүп окутуу технологиясынын төмөндөгүлөргө таянуучу чакан топтору аракетте болушат:

- таанып-билүүчүлүк кызыгуу (Л.Занков, Д.Элькони-В.Давыдов);
- инсандын - окуучунун жекече тажрыйбасы (И.Якиманская);
- чыгармачылык керектөөлөр (Г.Альтшуллер, И.Волков, И.Иванов);
- өзүн өзү өнүктүрүүнүн керектөөлөрү (Т.Селевко).

**Долбоордук окутуунун технологиясындагы** окуулук-чыгармачылык долбоор көтөрүлгөн идеядан анын ишке ашырылуусуна чейин мугалимдин - кыргыз адабияты мугалиминин көзөмөлдөөсү жана кеңештерди берип туруусу астында материалдык же интеллектуалдык үлгүдө өз алдынчалуу иштелип чыгат жана даярдалат. Заманбап билим берүүдө системалуу предметтик окутуунун ордуна эмес, аны менен катарлаш билим берүү системасынын маанилүү бир курамдык бөлүгү катары колдонулат.

**Максаттары:**

1) долбоордук ой жүгүртүүнү калыптандыруу;

2) окуучулардын өз алдыларынча билим алууга болгон умтулууларын колдоо;

3) окуучулардын билимдерди жаңы таанып-билүүчүлүк жана практи-калык милдеттерди чечүү үчүн колдонуу билгичтиктерин өнүктүрүү;

4) билимдерди турмуштук кырдаалдарда колдоно билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;

5) аналитикалык, сындык жана чыгармачылык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

6) заманбап жашоодо пайдасы тийчү маанилүү компетенцияларды өнүктүрүү;

7) илим-изилдөөчүлүк билгичтиктерди өнүктүрүү.

Долбоорлордун төмөндөгүдөй **типтерин** бөлүп көрсөтүшөт:

- изилдөөчүлүк (түзүмү боюнча илимий изилдөөгө жакын: далил, теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн проблемасын, предметин жана

объектисин аныктоо, милдеттерди, усулдарды, маалымат булактарын белгилөө, гипотезаны - илимий божомолду алып чыгуу, натыйжаларды, жыйынтык-корутундуларды жалпылоо, натыйжаларды жазып-толтуруу, жаңы проблемаларды белгилеп-тактоо);

- чыгармачылык (деталдуу иштелип чыккан түзүмгө ээ эмес, түпкү натыйжанын тегине баш ийет (аңгеме, повесть, роман, драма ж.б.), бирок алынган натыйжалар ойлонулуп бүткөрүлгөн түрүндө (повесть, романдын өзөк окуяларынын кыскача баяндалышы, драманын адабий жана театрдык талданышы) жазып толтурулат;

- маалыматтык;

- коммуникациялык;

- социалдык-маанилүүлүк.

**Оюндук технологиялар** окуучулар теориялардын жана фактылардын бир түрдүүлүгүнөн тажап, сабакка көңүл буруулары начарлай баштаган маалдарда колдонулат. Сабак таптакыр эле бошондоп кетпес үчүн убак-убагы менен оюндун элементтерин киргизүү керек. Мисалы, обзордук темаларда «Укмуштар талаасы» оюну колдонулганы ылайык (мында окуучулар оюнга алаксып, көздөрү жайнап, толкундап чыга келишет, баарысы жеңип чыккылары, жакшы бааларды, байгелерди алууну каалашат; кыргыз адабияты кабинетинде оюнду өткөрүү үчүн атайын белгилөөлөрү менен барабан болушу керек). Оюндун таасири окуучуларды оюнда жеңип чыгуу үчүн окуу материалын конспектилеп жазууга, көңүл буруп угууга түртмөлөйт. Ошондой эле мектептеги кыргыз адабияты сабагында интерактивдүү «Кар томологу» усулдук ыкмасы жандуу алып барылат. Бул оюн түрүндөгү ыкма-каражатты кайталап бышыктоодо жана өтүлгөн материалды бекемдөөдө пайдаланса болот.

Кыргыз адабияты сабактарында окуучулардын эмгегинин натыйжалуулугун жана өтүлчү темага карата кызыгууларын жогорулатууга «Эмне? Кайсы жерде? Качан?» сабак формасы жардам берет. Мындай сабактар жазуучунун же акындын, драматургдун чыгармачылыгын үйрөнүүдө пайдалуу. Бул жерде ошондой эле сынчы-адабиятчылардын калемгердин чыгармачылыгы жөнүндө жазгандары пайдаланылганы ылайык. Мисалы, IX класста белгилүү прозачы А.Саспаевдин чыгармачылыгын өтүүдө адабиятчы К.Артыкбаевдин «Күн же Сарала итте эмне айып» аттуу сын макаласы пайдаланылат. Ал эми XI класста жазуучу Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романын өтүүдө адабиятчы К.Даутовдун изилдөөлөрүнүн материалдары колдонулганы туура.

**Ден соолукту сактап, кам көрүүчүлүк технологияларын** колдонуу сабак маалында тапшырмалардын ар башка түрлөрүн бирдей өлчөмдө үлөштүрүүгө, ой жүгүртүүчүлүк ишмердүүлүктү дене тарбиялык мүнөттөр менен кезектештирүүгө, татаал окуу материалын берүүнүн убактысын аныктоого, өз алдынча бүткөрүлчү иштерди жүргүзүүгө убакыт бөлүүгө, окутуунун техникалык каражаттарын нормативдүү пайдаланууга шарт түзөт, бул мектеп шартында кыргыз адабиятын окутууда оң натыйжаларга жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Топтоштуруп окутуунун технологиясынын** максаты окуучуларды окуу процессинин оптималдуу уюштуруучулук түзүмүн түзүү аркылуу окутуунун жана тарбиялоонун сапатын жогорулатууда, окутууну адамдык кабылдоонун табигый психологиялык бөтөнчөлүктөрүнө жакындатууда турат. Орто мектептер үчүн кыргыз адабияты программасында окуп-өздөштүрүүгө деп сунушталган көркөм туундулардын мунусун же тигинисин окууга карата кааалоону ойготуу үчүн чыгармадан кызыктуу эпизоддор окулат, акын же жазуучунун жашоосу жөнүндө баяндар, эскерүүлөр пайдаланылат. Тапшырмалары менен карточкалар класста өтүлгөн адабий чыгармалардын материалдарынын негизинде түзүлөт.

**Кейс-технологиясын** кейс метод деп да аташат. Кейс - көп маанилүү түшүнүк. Кейстер усулу (кейс-технологиялар) турмуштук же кесиптик кырдаалдардын сунушталган жагдайларын кароону көңүлгө алат, усулдун маани-маңызы, кыргыз адабиятын окутуунун мисалында алып караганыбызда, окуучуларга реалдуу турмуштук кырдаалды же көркөм чыгармадан алынган кырдаалды ой электеринен өткөрүү сунушталат, анын баяндалышы бир эле учурда билимдердин кайсы бир практикалык топтомун чагылдыруу менен эле чектелип калбайт, кейсти бул проблеманы чечмелөөдө өздөштүрүү зарыл. Андан да проблеманын өзүнүн чечилиши ар кыл түрдүү. Мында билим берүүнүн басымы даяр билимге ээ болууга эмес, аны иштеп чыгууга, окуучу менен мугалимдин биргелешкен чыгармачылык ишине коюлат. Билимдерди алуу процессинде толук демократия өкүм сүрүп, окуучулар проблеманы талкуулоо процессинде сабакта катышып отургандардын бардыгы менен тең укукта болушат. Дегинкиси, кыргыз адабияты сабагындагы кейс-технологиялар окуучулардын ички резервдерин жигерлештирүүгө, алардын табигый жөндөмдүүлүктөрүн аракетке келтирилүүсүнө өбөлгө түзүшөт. Дагы тактасак, кейс-технология - бул реалдуу же ойдон чыгарылган кырдаалдардын негизинде предметти - кыргыз адабияты предметин окутуунун интерактивдүү технологиясы, ал жаңы билим-маалыматтарды өздөштүрүүгө канчалык болсо, дал эле ошончолук окуучуларда жаңы сапаттарды жана билгичтиктерди калыптандырууга багытталган болот.

Кейс-технологиянын эң бир маанилүү мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп фактылык материалга кайрылуунун теориясын пайдалана алуу билгичтиги эсептелинет, мына ушундан улам кыргыз адабиятынан билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу маселеси дагы курч турган болот. Ар бир адабият мугалиминин алдына болочок бүтүрүүчүлөрдө бири-биринен ажыратылбай өз ара байланышта турган билимдерди, абстрактуу эмес, анык билимдерди калыптандыруу милдети коюлат.

Ал эми кыргыз адабиятын окутуунун **маалыматтык технологияларын** сабактардын бардык типтери үчүн колдонсо болот:

- жаңы билимдерди өздөштүрүүдө жана жаңы билгичтиктерди калыптандырууда;
- билимдерди, билгичтиктерди практикалык колдонууда;
- өздөштүрүлгөндү жалпылоодо жана системалаштырууда;
- билимдерди, билгичтиктерди көзөмөлдөөдө жана оңдоп-түзөөдө;
- комбинирленген (аралаш) сабактарда.

Изилдөөнүн мындай аспабын кыргыз адабияты сабактарынын бардык баскычтарында электрондук үй тапшырмасы, презентациялар, тесттер катары (окуу предмети боюнча кошумча маалымат булагы, өз алдынча билим алууну уюштуруунун ыкмасы, билим берүүдө инсанга багыттап окутууну ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү эсебинде) пайдаланса болот.

Мектепте кыргыз адабияты сабактарын ушундайча алып баруунун талашсыз артыкчылыктуу жактары эсебине төмөндөгүлөрдү киргизсе болот:

- үйрөнүлүп жаткан предметке - кыргыз адабияты предметине кызыгууну маалыматтык технологиялардын жардамы менен түртмөлөө;
- изилдөөчүлүк мүнөз;
- жамааттык иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- окуучулар жана мугалимдер ортосундагы кызматташтык.

Жогоруда кыргыз адабиятын мектепте окутууда колдонулчу заманбап технологиялардын айрым негиздүүлөрүн гана учкай карап чыктык. Бул маселеге кийинчерээк дагы далай кайрылабыз.

**Билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Технология, педагогикалык технология деген эмне? «Педагогикалык технология» түшүнүгү кандай аспектилерде алып чыгылат?
2. Педагогикалык технология кандай белгилеринен улам аныкталат?
3. Мектепте кыргыз адабияты предметин окутуу процессин заманбап технологияларга ылайык алып барууда колдонулчу айрым маанилүү усулдук каражаттар кайсылар жана алардын ар биринин кыскача мүнөздөмөлөрү кандай?
4. Адабиятты мектепте окутуу процессине карата технологиялык мамиле эмнелерди билдирет? «Методика» жана «технология» түшүнүктөрү бири-биринен кандайча айырмаланышат?
5. Педагогикалык технологиянын артыкчылыктуу жактары кайсылар?
6. Кыргыз адабиятын мектепте окутуудагы заманбап билим берүүчүлүк технологиялар кандайча классификацияланышат?
7. Мектептик билим берүүнүн заманбап технологияларын дагы кандайча классификациялап жүрүшөт?
8. Мектепте адабиятты - кыргыз адабиятын окутуудагы заманбап технологиялардын негиздүүлөрү кайсылар?
9. Проблемалык окутуу технологиясы менен иш алып барууда кандай жумуштар алып барылат, кандай процесстер жүрөт жана кандай жөндөмдүүлүктөр өнүктүрүлөт?
10. Ар түрдүүчө деңгээлдеп окутуунун технологиясында кандай иш-чаралар алып барылат жана кандай натыйжаларга жетишилет?
11. Өнүктүрүп окутуу технологиясы эмнеси, кандай өзгөчөлүгү менен айырмаланат? Мында өнүктүрүп окутуу технологиясынын эмнелерге таянуучу чакан топтору аракетте болушат?
12. Долбоордук окутуунун технологиясындагы окуулук-чыгармачылык долбоор кимдер тарабынан иштелип чыгат жана анын максаттары болуп кайсылар эсептелишет? Мектепте адабиятты окутуудагы долбоорлордун кандай типтерин атай аласыңар?
13. Оюндук технологиялар кайсыл убактарда колдонулганы ылайык? Оюндук технологиялардан кайсыларын атай аласыңар жана алар сабак маалында кандайча колдонулушу мүмкүн?
14. Ден соолукту сактап, кам көрүүчүлүк технологиялар деген эмне жана аларды кыргыз адабияты сабактарында колдонуунун мааниси тууралуу эмнелерди айта аласыңар?
15. Топтоштуруп окутуунун технологиясын колдонуунун максаты эмнеде жана аны колдонууда кандай иш-чаралар алып барылат?
16. Кейс-технологиясы жана аны сабак маалында колдонуунун мааниси тууралуу эмнелерди айта аласыңар?
17. Маалыматтык технологияларды кыргыз адабияты сабагынын кандай типтеринде колдонсо болот? Маалыматтык технологиялардын негизинде мектепте адабияты сабактарын алып баруунун талашсыз артыкчылыктуу жактары эсебине эмнелерди киргизсе болот?

**Адабияттар:**

1. Алексеева М.А.Преподавание литературы: образовательные технологии. Учеб.-метод. пособие. - Екатеринбург: Изд-во Урал.университета, 2014. - 100 с.
2. Богданова О.Ю., Леонов С.А., Чертов В.Ф. Теория и методика обучения литературе. Учебник для студентов пед. вузов. - М.: Издательский центр «Академия», 2004. - 400 с.
3. Доманский В.А. Литература и культура. Культурологический подход к изуче-нии словесности в школе. Учеб. пособие. -М.: Флинта-Наука, 2002. - 368 с.
4. Коджаспирова Г.М. Педагогика. Учебник. - М.: КНОРУС, 2010. - 744 с.
5. Методика преподавания литературы./ Под ред. О.Ю.Богдановой, В.Г.Маранцмана. В 2 ч. 1 ч.- М.: Просвещение. Владос, 1994. - 288 с.; 2 ч. - М.: Просвещение. Владос, 1994. - 304 с.
6. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. - Б.: Турар, 2013. - 554 б.
7. Оторбаев Б.К. Адабиятты мектепте окутуунун актуалдуу маселелери. - Б., 2013. - 96 б.
8. Пранцова Г.В., Романичева Е.С. Методика обучения литературе: практикум. - М.: Флинта-Наука, 2012. - 272 с.
9. Романичева Е.С., Сосновская И.В. Введение в методику обучения литературе. Учебное пособие для вузов по специальности «Русский язык и литература. - М.: Флинта-Наука, 2012. - 208 с.
10. Селевко Г.К. Энциклопедия образовательных технологий. В 2 т. Т. 1. -М.: НИИ школьных технологий, 2006.- 468 с.; Т. 2. - М.: НИИ школьных технологий, 2006. - 401 с.
11. Сосновская И.В. Методика преподавания литературы в современной школе: монография. - Иркутск: Изд-во ВСГАО, 2016. - 307 с.
12. Технология и методики обучения литературе. Учебное пособие для бакалавров. Под редакцией В.А.Кохановой. - М.: Флинта-Наука, 2011. - 248 с.
13. Ядровская Е.Р. Развитие интерпретационной деятельности читателя-школьника в процессе литературного образования (5-11 классы): монография. - СПб.: ООО «Книжный Дом, 2012. - 184 с.
14. Янушевский В.Н. Проектная деятельность на уроках литературы. 5-9 классы: методическое пособие. - М.: ООО «Русское слово - учебник», 2016. - 144 с.

**Тыныстанова Нуриса Ашыровна,**
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун доценти*

**ОКУУЧУЛАРДЫ Ч.АЙТМАТОВДУН «КАССАНДРА ТАМГАСЫ» РОМАНЫ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУНУН НЕГИЗДҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ**

**Тыныстанова Нуриса Ашыровна**
*доцент КНУ имени Ж.Баласагына*

**КЛЮЧЕВЫЕ ВОПРОСЫ ОЗНАКОМЛЕНИЯ ШКОЛЬНИКОВ С РОМАНОМ «ТАВРО КАССАНДРЫ» Ч.АЙТМАТОВА**

**Tynystanova Nurisa Ashyrovna**
*Associate Professor of KNU named after J.Balasagyn*

**KEY ISSUES FOR INTRODUCING STUDENTS TO THE NOVEL "KASSANDRA'S BRAND" BY CH.AITMATOV**

**Аннотация:** *Макалада окуучуларды Ч.Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү менен обзордук лекция сабактарында жалпылап тааныштыруу маселелери каралды. Мында мугалимдин «Кассандра тамгасы» романы тууралуу баяндамасын жигердүү сабак формасы катары уюштурууга өзгөчөлүү көңүл бурулду. Бул максатта «инновация», «инновациялап окутуу» маселелерине өзгөчөлүү көңүл бурулуп, булар тууралуу кыскача, бирок ынанымдуу маалыматтар келтирилди. Макала романдын жогорку класстарда окутулушу боюнча бир катар түйүндүү маселелерди чечмелеп берүү менен, мектеп мугалимдери үчүн усулдук колдонмо катары жазылды.*

**Түйүндүү сөздөр:** *негизги окуялар, эстетикалык түшүнүк, окутуу формалары, инновациялык окутуу, инновациялык усулдар, окуу процессин жигерлештирүү.*

**Аннотация:** *В статье рассмотрены вопросы обобщеннего ознакомления школьников идейно-художественными особенностями романа Ч.Айтматова «Тавро Кассандры» на лекционных уроках обзорного содержания. Особое внимание было уделено на организацию рассказа учителя по роману «Письмо Кассандры» как форме активного обучения. С этой целью также особое внимание было уделено вопросам «инновации» и «инновационного обучения», предоставлена краткая, но убедительная информация.*

*Статья написана как методическое пособие для школьных учителей, разъясняющее ряд ключевых вопросов преподавания романа в старших классах.*

**Ключевые слова:** *основные события, эстетическое понятие, формы обучения, инновационное обучение, инновационные методы, активизация учебнего процесса.*

**Annotation:** *The article deals with the issues of generalized familiarization of schoolchildren with ideological and artistic features of the novel by Ch.Aitmatov “The Kassandra Brand” at lecture lessons of a review content. Here, special attention is paid to the organization of the teacher’s story about the novel “Kassandra's Brand” as an active form of the lesson. For these purposes, special attention is paid to the issues of "innovation", "innovative learning" and these are briefly but reliable information. The article has developed some key questions for studying the named novel in high school and it is written as a methodological guide for school teachers.*

**Key words:** *main events, aesthetic concept, forms of training, innovative training, innovative methods, activation of the educational process.*

Мектептин XI классында Ч.Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романын окутуу үчүн атайын монографиялык тема каралган эмес. Окуучуларды бул адабий туунду менен тааныштыруу жумуштары Ч.Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу лекция-баянда, ошондой эле «Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы адабиятынын өнүгүшү» аттуу обзордук темалардын өтүлүү процессинде жүзөгө ашырылат. «Кассандра тамгасы» романынын өзөк окуялары, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү менен мектеп окуучуларын сөзсүз тааныштыруунун зарылдыгы эч күмөн туудурбайт деген ишенимдебиз.

Ч.Айтматовдун «Кассандра тамгасы» аттуу романы өзүнүн поэтикасы боюнча анын мурдагы жазгандарынан таптакыр башкача. Аларда, маселен, каармандын образы классикалык романдын бийик үлгүлөрүндө, «адам жанынын диалектикасын» такай изилдөө негизинде көрсөтүлсө, бул романдын каармандары, жөнөкөйлөштүрүп айтсак, өзүнүн жашоо тагдырынын кыл чекитинде, өмүр менен өлүмдүн мизинде сүрөттөлөт.

Кандай гана сабак болбосун, мугалимдин аракети окуучулардын эстетикалык түшүнүктөрүн тереңдетүүгө багытталууга тийиш, б.а., «Кассандра тамгасына» байланышкан адабий-теориялык булактарды жаттап айтып бергенине караганда алардын өздөрүн көрсөтө ала турган чыгармачылыктарына басым коюу, ар бир айтылган ойду белгилүү бир аргументтер менен далилдөөгө шарт түзүү, андагы ар бир окуучунун өз алдынчалыгын таап, алып чыгуу сыяктуу мугалимдин аракеттери, мактоо сөздөрү окуучулардын эстетикалык ой жүгүртүүлөрүн өркүндөтүүгө багыт алганы маанилүү орунду ээлейт. Практика көрсөткөндөй, сабакта окуучулардын ойлонуусуна эркиндик түзүү – алардын теманын тегерегинде гана өз пикирлерин айтууга ыңгайлуу шарт түзбөстөн, ошол өздөрү «аныктап» алган көз караштарды ар кандай таяныч материалдар – туюнтма белгилер, таяныч таблицалар аркылуу көрсөтүүгө да мүмкүнчүлүк берет.

Ушунда мектеп окуучулары канчалык жигердүү болушпасын, алар кандай гана эркин ойлонушпасын, андагы «Кассандра тамгасы» романына байланышкан адабий-эстетикалык баалуулуктарды табуу үчүн баары бир даярдануулары керек экендиги айкын болуп отурат. Эгерде сабак окуучулардын өз алдынча даярданууга мүмкүнчүлүгү чектелүү аймактарда (айыл, кыштак жеринде) өтүлө турган болсо, анда «Кассандра тамгасына» байланышкан адабий-эстетикалык баалуулуктарды түшүндүрүү мугалимдин комментарийлөөсү аркылуу болгону маанилүү. Анткени, практика көрсөткөндөй, окуучулар канчалык чыгармачылыгын көрсөтүүгө аракеттенбесин, алардын колунда окуу китебинен (айрым мектептерде окуу китептеринин да жетишсиздиги байкалат) тышкары кошумча адабий-теориялык эмгектер болбогондугу, айылдагы коомдук китепканалардын басымдуу бөлүгү иштебей калгандыгы, гезит-журналдардын жетишсиздиги алардын берилген тема боюнча өз алдынча даярдануусуна тоскоол гана болот. Экинчиден, элет жеринде окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө, сабакты өз алдынча изденип даярдануусуна мектеп, ал тургай ата-энелер тарабынан шарттардын түзүлбөгөндүгү темага тиешелүү маалыматтын бардыгын мугалимдин өзүиздеп таап, өзү жалгыз изденүү аргасыздыгын жаратат.

Ч.Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романынын материалдары менен жогорку класстын окуучуларын кыска жана нускалуу негизде тааныштыруу ишин алып барууда андагы жалпы эле сабак процессин, окутуу формаларын адабияттан билим берүүнүн азыркы заманбап талаптарына ылайык инновациялоо, кандайдыр жаңы негиздерде уюштуруу мүмкүнчүлүктөрүнүн аракетке

киргизилиши зарыл болуп турат. Белгилүү болгондой, акыркы жылдары методика илиминде жана мектептердеги окутуу процессинде «инновациялап окутуу», «инновациялык технология», ал гана эмес «инновациялык усулдар» деген термин-түшүнүктөр кеңири колдонулуп келет. Андан да басымдуу учурларда бул термин-түшүнүктөрдү туура эмес туюнулуп, сырттан даяр түрүндө келген же келүүчү өзгөчөлүү метод, сөзсүз аткарылчу көрсөтмө катары кабылдоолор байкалууда. Деги «инновация», «инновациялап окутуу» деген эмне?

«Инновация» – эки сөздөн турган, латын тилинен кирген термин. Биринчи бөлүгү – *ин*: «ичинен», «өзүнөн» деген маанини, ал эми экинчи бөлүгү – *новация*: «жаңылануу», «өзгөрүү» түшүнүгүн туюндурат. Профессор Ж.Чымановдун түшүнгөнүндө «билим берүүдөгү инновация – бул окутуунун максатын, мазмунун өзгөртүп жаңылоо менен окутуу процессине жаңыча мамиле жасап, окутуунун методдорун, формаларын жана каражаттарын кайра карап чыгуу».(1. 59)

Ал эми профессор Б.Оторбаевдин чечмелөөсүндө: «билим берүүдөгү инновация же педагогикалык инновация - бул окутуудагы жалпы эле жаңылануу, жаңыдан киргизүү, прогрессивдүү өзгөрүү болуу менен катар, окутуу ишинде буга чейин колдонууда болуп келген салттуу усулдардын, ык-амалдардын, окутуу технологияларынын, дегеле мектептеги окутуу процессинин ичтен жаңылануусу, предметти окутуу усулдарынын, ыкмаларынын, каражаттарынын, системаларынын ички катылуу мүмкүнчүлүктөрүн ачыкка чыгаруу, жигердештирүү негизинде аларды бүгүнкүнүн талаптарына ылайык келгендей кылып жаңылап кайра иштеп чыгуу, анан ошо жаңыланган түрүндө сабак процессинде пайдалануу».(2. 62) Мисалы, мектептеги лекция сабактарын - бизге тийиштүүлүгүндө өтүлүп жаткан обзордук лекция курамындагы «Кассандра тамгасы» романы тууралуу баяндаманы ичтен жаңылантуу аркылуу окутуу иш-чараларынын жигердештирилүүгө тийиш болгон бүтүндөй бир топтомун аракетке келтирүүнү – сабактын өзүнчө бир жигердүү формаларынын бирине айландырууну инновациялоонун бир көрүнүшү эсебинде караса болот. Сабактын жигердүү формасы демекчи, «ушунда деги лекция-сабакты жигердүү сабак формасы катары кароого болобу? – деген суроо туулат. Ишмердүүлүк бир жактуу – жеке мугалим сүйлөп, окуучулар анын айтканын угуп, түшүнгөнүн конспектилеп жазуу менен гана алектенип жаткандай болуп көрүнгөн лекция-сабак бир караганда пассивдүүлүктүн классикалык үлгүсү сыяктуудай. Окутуу ишиндеги негизги сабак формаларынан болгон лекциянын түпкү маңызын, түзүлүш структурасын, уюштурулуш жагдайларын дагы бир сыйра карап чыгып, мындагы мурда көзгө илинбеген, байкалбаган ички мүмкүнчүлүктөрдү аракетке келтирүү, жигердештирүү негизинде лекцияны сабактын жигердүү формасына айландыруу зарылдыгы учурдун эң бир маанилүү милдеттеринен болуп отурат.

Лекция маалымат берүүгө гана эмес, билимди аң-сезимге системалуу түрдө сиңирүү менен, ага ишендирип, окуучулардын адамдарга, дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырып, аны бекемдөөгө жөндөмдүү. Жигердүүлүк сабактын бул же тигил формасын колдонууга алганда эле өзүнөн-өзү келип чыкпайт, ал мугалимдин жана окуучулардын тийиштүү маселе боюнча өз ички оюн айтмайын тим тура албаган чыгармачылык эмгеги аркылуу түзүлөт. Ушунда лекцияны активдештирип, инновациялоо зарыл болуп турат. Дегинкиси, алардын өзүндө бай мүмкүнчүлүктөр катылып жатат. Мугалимдин жандуу айтылган баяндамасы өтүлүп жаткан материалга болгон эмоционалдык-эстетикалык мамилени жаратып, окуучулардын ички жан дүйнөсүндө «таза сезимдердин» ойгонушуна, жыйынтыгында коомубуздун татыктуу инсаны катары калыптануусуна көмөкчү болот. Андан да лекциянын жардамы аркасында окуучулардын сабак учурундагы жана сабактан тышкаркы убактардагы чыгармачылык ишмердүүлүктөрүнө жетекчилик

жүзөгө ашырылат, билим алууга болгон көндүмдөрдүн ар кыл түрлөрү калыптанууга мүмкүнчүлүк алат. Ошондой эле лекция-сабак окуучулардын жаратуучулук жигердүүлүктөрүн ойготууга карата зор мүмкүнчүлүктөргө ээ. Мында окуучулардын чыгармачылык жигердүүлүктөрүнө, өз алдынчалуулук демилгелерине кубануу гана керек, себеби так ушул жакшына саамалыктардан улам алардын жекече жөндөмдүүлүктөрү болушунча жогорку өнүгүүгө жетише алат».(3. 137-138)

Сабакта лекцияны, мисалы, Ч.Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романы тууралуу лекция баянды (анын курамындагы кыскача талдоо баяндамасын) окуучулардын нукура чыгармачылык менен кабылдай билүүлөрүнө кантип үйрөтүү керек? «Лекцияны кабылдоо – бул өзгөчөлүү көндүм экени түшүнүктүү, ар кандай окуу көндүмдөрү сыяктуу эле ал да максаттуу багытталган педагогикалык ишмердүүлүк процессинде түзүлүп бекемделет. Андыктан баарыдан мурда окуучунун лекцияны угуу учурундагы жумушунун негизинде жаткан көндүмдү аныктап алуу керек. Бул – угулган материалдагы эң маанилүүсүн, негиздүүсүн аныктай билүү көндүмү».(3. 138) XI класстагы кыргыз адабияты сабагындагы обзордук лекцияда «Кассандра тамгасы» романы менен тааныштыруу ишин мугалим 15–20 мүнөттүк көлөмдөгү кыскача талдоо баяндамасы түрүндө алып барат.

Бул романында жазуучу адам баласынын өзүн-өзү таанып-билүү процессинин эң бир татаал баскычтарына, коомдун жана ойлоонун өнүгүшүнүн ички сырына, маңызына, мыйзамдарына, генетикадагы теориялардын адамзаттын жашоосу үчүн ролуна жана биохимиялык, мутагендик методдордун жеке адамдын психологиялык өнүгүш процессиндеги зор таасирине, менделизм менен дарвинизмдин концепцияларына, адам баласынын эмбриондук өнүгүшүнө бекеринен кызыгып жатпагандыгын көрөбүз. Эмбриондук өнүгүү– организмдин жекече өөрчүшү энелик клеткадан – зиготадан башталган менен, анын бүткүл дүйнөлүк жалпы социалдык-психологиялык, философиялык-нравалык, моралдык-эстетикалык мааниге эгедер экендиги – «Кассандра тамгасы» романынын эң башкы тематикасы.

Романдын аталышы антикалык мифологиянын материалдарынан улам алынган. Андагыга ылайык, Троянын падышасы Приамдын кызы Кассандраны Аполлон кудай сүйүп калып, ага көзү ачыктык дарамет тартуулайт. Ал кудайдын сүйүүсүнөн баш тартканда, ыза болгон Аполлон анын алдын ала айткандарына эч ким ишенбегендей кылып салат. Ушундан улам Кассандранын Троянын кыйрашына Спартанын падышасы Менелайдын аялы Еленаны уурдап Парис себепкер болорун айтканына эч ким ишенбейт. Ушул сыяктуу эле романдагы илимпоз Андрей Крыльцовдун ачылышынын пайда алып келерине, келечектүүлүгүнө планетадагы адамдардын эч бири ишенбей, жыйынтыгында ал ачык космоско боюн таштап, өз жанын өзү кыюуга аргасызданат.

Кассандра тамгасы – бул эмбриондун жашоодон, жарык дүйнөгө келүүдөн, келечектеги жоопкерчиликтен, милдеттен баш тартуусу, бул тууралуу коомчулукка алдын алып билдирүүсү. Кассандра тамгасынын сигнал белгиси аркылуу негативдүү түйүлдүктөн адам баласынын «бешенесине жазылган тагдырды» байкап билсе болот экен. Анын өмүр сүрүшү өзүнө эмес, биосфера менен геосферага тыгыз байланыштуу. Окумуштуунун түшүнгөнүндө кассандро-эмбриондун сигнал-белгисин этибарга албоо – Адамзат менен Ааламдын түбөлүктүүлүгүнө, өсүп-өнүгүшүнө кайдыгер кароо дегендик.

Космостон Жерге кайра кайтып келүүдөн баш тартып, орбиталык станцияда жападан жалгыз калып калган орус окумуштуусу, кандайдыр диний окуулар менен байланыштуулукта Филофей деп өзүнө атак берген Андрей Андреевич Крыльцов илимий ачылышынын дүйнөлүк мааниси жөнүндө Рим папасына жазган катынын мазмуну адам баласынын эмбриондук өнүгүшүнө, тукум куучулукка, онтогенез менен филогенезге, генотипке, генофондго, биобашкарууга, биосинтезге, биоматерияга, бир сөз

менен айтканда, адамзат жашоосунун бүгүнкү жана эртеңки тагдырына барып такалат. Энеде эмбрион (түйүлдүк) пайда болгон алгачкы күндөрдө эле интуитивдүү түрдө алдын ала аны турмуштун кандай тагдыры күтүп тургандыгын жана ага өзү эмбрион кандайча мамиледе болорун туят. Эгерде ал мамиле негативдүүлүктөн кабар берсе, анда кассандра-эмбрион жарык дүйнөгө келүүгө каршылык көрсөтүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Кассандро-эмбрион жашоого келбей жатып жадагыдай, баш тарткыдай анчалык эмне болду? Балким, жазуучу бул романын окурмандын көңүлүн эптеп өзүнө буруш үчүн жөн эле жазгандыр?..

Дегинкиси, романдагы проблемалар – бардык улутка, элге таандык, жалпы адамзаттык проблемалар. Филофейдин кассандро-эмбрион теориясы бир караганда тилеги жакшы болуп көрүнгөнү менен, жалпы адамзат үчүн трагедия катары. Космостук темага, масштабга кайрылуу романдагы окуялардын масштабдуу өнүгүшүнө шарт түзүп, чыгарманын өзөгүн ээлейт. Бекеринен Ч.Айтматов каарманынын кайрылуусунун маанисин майдалап жазбайт. Филофей кайрылуусунда өзүнүн илимий теориясын жөн гана баяндап койбостон, аны практикада кездешүүчү реалдуулук катары көрсөтөт.

Алгач таланттуу окумуштуу, генетик катары таанылган Андрей Крыльцов өзүнүн Руна Лопатинага байланыштуу тагдыр өксүгүнөн улам адамзаттын жаралуу сырына кызыгып, адам ниетин илим аркылуу тазартсамбы деген ойдо ушул илимий багытты тандап алат. Өзүнүн илимий ачылыштарында Жер планетасындагы бүткүл адамзат коомунун руханий атмосферасын тазартуу, алдыда күтүлүүчү ар кандай кырсыктуу катаклизмдерден сактоо, келечек үчүн пайдалуу иш жасаганга

бурууга умтулууну көздөдү. Бирок анын бул аруу тилегин, улуу ачылышын адамдардын басымдуу көпчүлүгү кабылдай алышпады. Ырасында эле али төрөлө элек чүрпөсүнүн келечекте аферист, алдамчы, зордукчу, саткын, кылмышкер, киши өлтүргүч болуп жетилерине кандай гана эне ишенип, кабылдай алат?. Балким, бул улуу демилге акырындап жалпы элдик колдоого ээ болор беле, тилекке каршы, Андрей Крыльцовдун бул ак ниеттүү, түбү келечектүү ишине кайра эле анын Оливер Ордок сыяктуу туруктуу позициясы жок, куулук-шумдугу ашынган саясатчы замандаштары тоскоолдук кылат. Азезилдик роль эми Оливер Ордок өңдүү адамдарга өткөн сыяктуу. Андайлардын анабашысы Оливер Ордок – өз кызыкчылыгы үчүн өз замандаштарынын эле эмес, келечектин кызыкчылыгын кошуп туруп өз пайдасы үчүн соодалап жиберүүгө маш болуп бүткөн адам. Анын дагы бир коркунучтуу жагы, ал Андрей Крыльцов – Филофейдей интеллектуал болбогону менен, башы бышкан саясатчы катары массага таасир эте билет. «Кассандра тамгасы» – XX кылымдын соңунун роман-трагедиясы. Бирок ал пессимизмге багытталган трагедия эмес. Адамзат келечегин жакшыртуу идеясына ишенген Филофейдин, Руна Лопатинанын, Роберт Борктун, алардын ишин улантууну өзүнө милдет катары алган Энтони Юнгердин жаркын образдары жалпы чыгармага оптимисттик дух берип турат.

Мында өтүлүп жаткан материалдан камтылган ойлордун эң башкысын аныктай билүү, аны деңгээлинен түшүрбөй кайра айтып берүү, талдоо, жеңил жана татаал пландын түзүлүшү, конспектилөө, угулганга оозеки жана жазуу үлгүсүндө жооп даярдоо – мына ушунун баары сабактын натыйжалуу чыгышына көмөкчү болот. Кандай болгон күндө да окуучулар жөн гана пассивдүү угуучу болбой, өтүлүп жаткан сабакка жигердүү катышуулары керек, мына ошондо гана мындагы мугалимдин обзордук лекциялык материалында камтылчу Ч.Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романы тууралуу кыскача талдоо баянынын сабактын жигердүү формасы катары уюштурулуусуна –инновацияланышына жетишүү мүмкүн.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Чыманов Ж.А. Кыргыз тили: Окутуу методдору. – Б., 2007. – 100 б.
2. Оторбаев Б.К. Адабиятты мектепте окутуунун актуалдуу маселелери. - Б.: Айат, 2013. - 96 б.
3. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Окуу китеби. - Б.: Айат, 2020. - 560 б.
4. Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. Китепте: Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы. Бешинчи том. - Б.: Улуу тоолор, 2018. - 584 б.

**Кыштообаева Ч.А.,**
ага окутуучу,Талас Мамлекеттик Университети.
E-mail: kysktoobaeva@mail.ru

## БОЛОЧОКТОГУ МАТЕМАТИКА МУГАЛИМДЕРИН КЕСИПКЕ ДАЯРДООДО «САНДЫК МЕТОДДОР» КУРСУН ОКУТУУНУН ОРДУ ЖАНА РОЛУ

**Кыштообаева Ч.А.,**
старший преподаватель,Таласский государственный университет.
E-mail: kysktoobaeva@mail.ru

## МЕСТО И РОЛЬ ОБУЧЕНИЯ КУРСА «ЧИСЛЕННЫЕ МЕТОДЫ» В ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ПОДГОТОВКЕ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ МАТЕМАТИКИ

**Kyshtoobaeva Ch.A.,**
Senior Lecturer,Talas State University.
E-mail: kysktoobaeva@mail.ru

## PLACE AND ROLE OF TRAINING THE COURSE "NUMERICAL METHODS" IN THE PROFESSIONAL TRAINING OF FUTURE TEACHERS OF MATHEMATICS

УДК 51

**Аннотация:** *Бул макалада азыркы санариптештирүү коомунда маалыматташтыруунун жана компьютерлештирүүнүн илимдин жана экономиканын өнүгүшүнө тийгизген таасири каралды. Кесиптик билим берүүнү өркүндөтүү жана маалыматташтыруу процесси өзгөчө ролго ээ. Билим берүүнүн маалыматташтыруу тенденциялары кесиптик ишмердүүлүктүн жана анын чектеш тармактарында компетенттүү, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого багытталууда. ЖОЖдордо «Сандык методдор» курсун окутууга байланыштуу маалыматтык жактан даярдоону, студенттердин кесиптик ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен окутуу процессин уюштурууну, башкача айтканда, кесиптик дисциплиналарды окутууда компьютердик технологиялар каражаттарынын коштоосу максатка ылайыктуу. Демек, ЖОЖдордо «Сандык методдор» курсун окутуунун максаты - маалыматтык коомдо анын окутуу методикасын, илимий жана технологиялык билимдерин сандык методдордун аймагында калыптандыруу жана болочоктогу кесиптик ишмердүүлүгүндө заманбап маалыматтык -коммуникациялык технологияларды колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүү.*

**Түйүндүү сөздөр:** *сандык методдор, компьютердик технология, маалыматташтыруу, компьютерлештирүү, кесиптик даярдык, колдонмо жана технологиялык окутуу.*

**Аннотация:** *В этой статье рассматривается влияние информатизации и компьютеризации на развитие науки и экономики в современном цифровом обществе.Особую роль играет процесс улучшения и информатизации профессионального образования. Тенденции информатизации образования направлены на подготовку компетентных, высококвалифицированных специалистов в профессиональной деятельности и смежных областях. Целесообразно проведение информационных тренингов, связанных с преподаванием курса «Численные методы» в вузах, организацией учебного процесса с учетом специфики профессиональной деятельности студентов, т.е. поддержка компьютерных технологий в преподавании профессиональных дисциплин. Поэтому целью преподавания курса «Численные методы» в вузах является формирование в нем методики преподавания, научных и технологических знаний в области численных методов в*

*информационном обществе и развитие навыков использования современных информационных и коммуникационных технологий в будущей карьере.*

**Ключевые слова:** *численные методы, компьютерные технологии, информатизация, компьютеризация, профессиональное обучение, прикладное и технологическое обучение.*

**Annotation:** *This article examines the impact of informatization and computerization on the development of science and economics in a modern digital society. The process of improving and informatization of vocational education plays a special role. The tendencies of informatization of education are aimed at training competent, highly qualified specialists in professional activities and related fields. It is advisable to conduct information trainings related to teaching the course "Numerical Methods" in universities, organizing the educational process, taking into account the specifics of students' professional activities, i.e. support of computer technologies in teaching professional disciplines.Therefore, the goal of teaching the course "Numerical Methods" in universities is to form teaching methods, scientific and technological knowledge in the field of numerical methods in the information society and develop skills in using modern information and communication technologies in a future career.*

**Keywords:** *numerical methods, computer technology, informatization, computerization, vocational training, applied and technological training.*

ЖОЖдордо болочоктогу математика мугалимдерин кесиптик даярдыгына карата заманбап талаптар маалыматтардын агымы адамдын өз алдынча функционалдык көз карандысыздыгын камсыздоочу маалыматтык каражаттарга жана компьютердик технологияларга ээ болуу деңгээлин болжолдойт. Демек, илимде билим берүүнү маалыматташтырууга өзгөчө көңүл бурулууда, башкача айтканда маалыматтык коомдун шарттарында толук кандуу жашоого жана иштөөгө жөндөмдүү адисти калыптандыруу зарыл [3].

Билим берүүнү маалыматташтыруу окутуунун максатын, мазмунун өркүндөтүү менен биргеликте компьютерди окутуу каражаты катары колдонууну белгилейт. ЖОЖдордо заманбап билим берүү системасында болочоктогу математика мугалимдеринин кесиптик даярдыгында негизги өзгөртүүлөрдүн бири жаңы маалыматтык - коммуникациялык технологияларды жайылтуу боюнча иш алып барууда. Болочоктогу математика мугалиминин кесиптик даярдыгынын маанилүү бөлүгү теориялык билим алуу гана эмес, ошондой эле компьютердик технологиялар каражаттарынын практикалык көндүмдөрүн пайдалануусу жана жаңы маалымат технологияларын түзүү ыкмаларын үйрөнүүсү абзел.

Жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик даярдыгы белгилүү деңгээлде билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн системасын гана камсыз кылбастан, өз алдынча өнүгүү жана билим алуу жөндөмдүүлүгүн да калыптандыруусу зарыл. Бул учурда жалпы теориялык, фундаменталдык курстарга өзгөчө көңүл бурулууда [5, 58-б].

Кесиптик калыптануу студент-математиктердин болочоктогу мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн интегралдык көрсөткүчү катары педагогикалык билим берүү менен тыгыз байланышта. Педагогикалык билим берүү - бул алган адистигине ылайык окуу жайларында окуу-тарбия иштерин жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бере турган педагогикалык билимдердин тобу (жалпы теориялык, педагогикалык, атайын билимдер жана практикалык педагогикалык көндүмдөр) болуп эсептелет [5, 348-б.].

Адистин ишинин ийгилиги анын кесиптик даярдыгынын сапатына байланыштуу болот. «Кесиптик даярдык - бул атайын билимдердин,

билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн сапаты, эмгек тажрыйбасы жана аныкталган кесип боюнча ийгиликтүү иштөөнү камсыз кылуучу талаптардын нормасы болуп саналат» [6, 149-бет]. Кесиптик даярдыктын жыйынтыгында системалаштырылган билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн жана керектүү инсандык-кесиптик сапаттагы кесиптик билимдерге ээ болуу максаты иш жүзүнө ашырылат.

Дүйнөлүк тенденция жаатында алып караганда, заманбап билим берүүдө адистиктердин актуалдуулугуна жана окутуу процессиндеги калыптандыруучу компетенциялардын толуктугуна студенттердин көз караштарын өзгөртүүнүн зарылдыгы келип чыгууда. Болочоктогу адистин квалификациясына болгон жаңы талап катары эсептөө принциптерин түшүнүүсү, колдонуусу жана кесиптик ишмердүүлүгүн тез өнүгүп жаткан компьютердик илимдер менен байланыштырып окутуу, жаңыча ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруусу абзел. Бул көз караштa алып караганда, математика багыты боюнча адистерди даярдоонун базалык дисциплиналарынын бири «Сандык методдор» курсуна өзгөчө көңүл бурулууда.

Курстун материалы алгебранын негизги түшүнүктөрү, математикалык анализ, дифференциалдык теңдемелер теориясы, функционалдык талдоо, ыктымалдуулук теориясы менен тыгыз байланыштуу жана компьютердик технологиялар аркылуу математикалык маселелерди чыгаруунун сандык методдору жөнүндө фундаменталдык билимдерди калыптандырууга багытталган.

«Сандык методдор» курсу математикалык жана табигый-илимий циклине тиешелүү, анын милдети студенттердин бир өзгөрмөнүн нөлдүк функцияларын изилдөөдө, сызыктуу жана сызыктуу эмес теңдемелер системасын чыгарууда, матрицалардын өздүк сандарын жана өздүк векторлорун эсептөөдө, функцияларды интерполяциялоодо, сандык дифференцирлөөдө жана интегралдоодо, дифференциалдык жана интегралдык теңдемелерди сандык чыгарууда теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн калыптандыруу болуп саналат.

«Сандык методдор» курсун окутуунун жумушчу программасына ылайык, максаты: студенттерди классикалык математикалык маселелерди чыгаруунун негизги сандык ыкмаларын үйрөтүү; натыйжалуу алгоритмдерди тандоодо, методдорду программалоодо, математикалык пакеттерди эсептөөдө, талдоодо жана эсептөөнүн натыйжаларын интерпретациялоодо, эсептөө математикасынын маселелерин коюуда көндүмдөрүн жана билгичтиктерин калыптандыруу; математикалык билим берүүнү тереңдетүү, окуу планында каралган дисциплиналарды системалуу кабыл алууну өнүктүрүү; студенттерди табият таануу, техника, экономика жана аны башкаруу боюнча маселелерди чыгарууда математикалык методдорду жана компьютердик технологияларды пайдаланууга, илим-изилдөө ишмердүүлүгүндө билимдерин колдонууга жана андан ары өз алдынча билим алууга даярдоо.


Болочоктогу математика мугалимдеринин кесиптик даярдыгында «Сандык методдор» курсунун ролун жана ордун аныктоо үчүн И.Н. Пальчикованын илимий-усулдук изилдөөсүнүн алкагында аткарылган "эсептөөчү математика", "сандык методдор" түшүнүктөрүнүн аныктамаларын тактоого кайрылабыз [7].

Автор илимий, методикалык адабияттарды, жалпы жана кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарын талдоонун негизинде «Эсептөөчү математика» курсунун ордун болочоктогу математика мугалимдердин фундаменталдык даярдыктарынын бөлүгү катары аныктаган.

Сандык методдор деп, биз изилдөө объектиси математикалык структуралар болгон эсептөөчү математиканын бөлүмүн түшүнөбүз, ал эми изилдөөнүн предмети - моделденүүчү математикалык структуралары жана компьютердик каражаттарды колдонуу менен аларды ишке

ашыруунун жолдору, жыйынтыгындагы абстракттуу эсептөөчү алгоритмдер, сандар эсептелет.

Биз ошондой эле, М.И. Рагулиндин [8] классификациялык структуралоосунун негизинде математиканын илимий методикалык багыттарын теориялык, техникалык жана колдонмо математика деп бөлүүсүнө кайрылсак, анда «Сандык методдор» окуу курсунун мазмунун өздөштүрүүгө теориялык математика боюнча математикалык негиздерин калыптандырууга чоң салым кошсо, ал эми техникалык математиканы окутуунун архитектуралык-компьютердик эсептөөлөрдү жана маалыматтык системаларды, автоматаштырылган эсептөөчү процесстерди ишке ашырууга; ал эми колдонмо математика - математикалык маселелерди чыгарууда сандык методдорду ишке ашыруунун формалдуу аппаратын түзүүгө жана эсептөө эксперименттин технологиясын өздөштүрүүнүн математикалык ыкмаларын ишке ашыруу менен ар кандай тармактарда математикалык моделдерди үйрөнүүгө мүмкүндүк берет (1.1. –сүрөт).





**1.1.-сүрөт.** Математиканы классификациялоо структурасы.

Эсептөөчү математика бөлүмү - сандык методдор - дискреттик моделдерди, эсептөөчү алгоритмдерди изилдөөдө жана маалыматтардын эсептөө экспериментин өздөштүрүүдө жогорку потенциалга ээ болууда, анткени ал формалдашуудан компьютердик технологияларды колдонуу менен ишке ашырууга чейинки чынжырчанын өткөндүгүн көрсөтүп турат б.а.: «Математикалык модель - Сандык метод (дискреттик модель жана эсептөө алгоритми) - Программа же аспаптык каражаттар (сандык методдорду ишке ашыруу)- Эсептөө эксперименти жана жыйынтыктарын талдоо».

«Модель», «математикалык моделдөө» түшүнүктөрүнө кыскача токтололу. «Модель» сөзү латынча modus (көчүрмө, көрүнүш, чагылдыруу). Моделдөө – каалагандай А (оригинал) объектисин В (модели) башка объекттин ээлеши. Математикалык модель - математикалык түшүнүктөрдүн жардамы менен чыныгы дүйнөнүн жөнөкөй сүрөттөлүшү. Математикалык моделдөө - реалдуу процесстердин жана көрүнүштөрдүн математикалык моделдерин түзүү жана изилдөө процесси, б.а. реалдуу дүйнө объекттерин жана процесстерин математикалык тилде жакындаштырылган сүрөттөөнүн жардамы менен изилдөө методу [4, 49-б].

Математикалык моделдин этабы «Сандык методдор» курсун окутуунун сандык методдорун колдонуу жана чыгаруу менен өз ара байланышта каралган (1.2.-сүрөт).




**1.2.-сүрөт.** Математикалык моделдин этаптарынын өз ара байланышы

Өткөн замандын ири окумуштуулары жаратылыштын кубулуштарын математикалык сүрөттөө (математикалык моделдер) аркылуу берүүнү өз эмгектеринде айкалыштырышкан. Татаал моделдерди талдоонун маселелерин чыгаруу жаңы ыкмаларды б.а. сандык ыкмаларын түзүүнү талап кылууда.

Математикалык моделдөөнүн негиздөөчүсү катары академик А.А. Самарский эсептелет. Ал белгилүү математикалык моделдөөнүн методологиясын "модель – алгоритм – программа" үчилтигинин негиздөөчүсү [9, 27-б].

Сунушталган методология "эсептөө эксперименти" технологиясы түрүндө өнүгүүгө ээ болду. Эсептөө эксперименти - бул айлана-чөйрөнүн кубулуштарын иликтөөгө багытталган, б.а. эксперимент жүргүзүү мүмкүн болбосо (мисалы, адамдын ден соолугун изилдөөгө), же өтө коркунучтуу (мисалы, экологиялык кубулуштарды изилдөөдө), же өтө татаал (мисалы, астрофизикалык көрүнүштөрдү изилдөөдө) маалыматтык технология.

«Сандык методдор» курсунун математикалык маселелерди чыгаруудагы дискреттик модели деп, математикалык маселелерди жакындаштырып чыгаруу моделинин (метод) сандык методдорунун алгоритми, ошондой эле компьютердик технологиялардын жардамы менен эсептөө процесстерин ишке ашыруунун математикалык моделинин программасы жана эсептөө процессин маалыматтык процесстин бир түрү катары карайбыз.

Демек, дагы бир жолу болочоктогу математика мугалимдеринин кесиптик даярдыгында «Сандык методдор» курсунун ролун белгилеп кетели. Эсептөөчү математика-фундаменталдык илим жана болочоктогу математика мугалиминин «Сандык методдор» окуу курсу боюнча предметтик даярдыгын калыптандырат. Фундаменталдык илим-адамзаттын маданияттынын элементи, ал эми эсептөөчү математика - кеңири мазмундуу аймакты камтыйт, анда эсептөө маселелерин чыгаруунун тажрыйбасы топтолгон жана алар эсептөө маданиятына өз салымын кошот.

Ошондуктан, биз маалыматты өзгөртүп түзүү процессинин төмөндөгүдөй схемасына келебиз: компьютерде баштапкы ресурстары менен берилген маалыматтар, компьютердин жардамы менен эсептөө процессинин аткаруу жыйынтыгындагы алынган эсептөө катачылыктары, компьютер тарабынан эсептөө процессинин орто аралык натыйжаларын байкоо жүргүзүүнүн технологиялары, автоматтык

эсептөөлөрдү ишке ашыруу өзгөчөлүктөрү маанилүү болуп саналат.

«Сандык методдор» курсун окутуунун жана практикалык жактан пайдаланууда төмөнкү тезистерди колдонууга болот:

1. Эсептөөлөрдүн максаты - бул сан эмес, түшүнүү;
2. Маселени чыгаруудан мурда, анын практикалык жактан колдонулушун карап чыгуу зарыл;
3. Компьютердик технологиялар эсептөөлөрдү кыска убакытта чыгара алат.


Демек, биздин оюбузча болочоктогуматематика мугалимдерине компьютердик технологияларда эсептөөлөрдү жүргүзгөнгө чейин, программанын жардамы менен моделдөө процесстеринин математикалык маңызын ачып көрсөтүү абзел.

Демек, «Сандык методдор» курсу билим берүү жана дүйнөнү таанып билүү ролуна ээ жана биз курсту окутуу учурунда Хеммингдин пикирин негиз катары алып карайбыз: «Биздин девиз "Эсептөөнүн максаты – сан эмес, ал түшүнүү", ар бир студент, эсептөө кандай жүргүзүлөөрүн түшүнүү деңгээлине жетишүүсү керек. Эгерде ал эмне кылып жатканынан эч нерсе түшүнбөсө, анда ал эсептөөлөрдү чыгарып кетиши абдан күмөн. Ал ачык сандарды гана көрүп, бирок, аларды эсептөөнүн чыныгы мааниси жашыруун болуп калышы мүмкүн» [11, 397-б].

«Сандык методдор» курсун окутуунун өзгөчөлүгү, көп сандаган мисалдарды бир эле учурда кароо мүмкүнчүлүгү жана маселени чыгаруу - бул процессти (маалыматтарды кайрадан өзгөртүп түзүүнү) билдирет, ошондой эле компьютер бул процессти ишке ашырууну жана автоматташтыруу каражаты катары жыйынтыктарды талдоону көрсөтөт.

Биздин көз караште, ЖОЖдордо «Сандык методдор» курсун окутуу, эсептөө математикасынын илимий фундаментин өздөштүрүүнү камтыган билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн зарыл болгон деңгээлин камсыздашы керек; анын фактыларын түшүнүү, идеяларын, ыкмаларын жана ошону менен бирдикте компьютердик технологияларды натыйжалуу колдонуу аркылуу колдонмо математикалык маселелерди чыгаруу жөндөмдөрүн калыптандырууга шарт түзүү зарыл.

«Сандык методдор» курсу башка дисциплиналар менен бирдикте предметтик жактан теориялык жана колдонмо даярдыгынын пайдубалын түптөйт. «Сандык методдор» курсу базалык жана бир катар дисциплиналар менен байланышта жана дисциплиналардын ортосундагы байланыш 1.3.-сүрөттө көрсөтүлгөн.




**1.3.-сүрөт.** «Сандык методдор» курсунун башка дисциплиналар менен өз ара байланышы

«Сандык методдор» курсун окутуу процессинде студенттер математикалык маселелерди чыгаруунун заманбап эсептөө методдору, мисалы, аппроксимациялоо жана ката, эсептөө алгоритми, жакындатылган чыгарылыштын жыйналуучулук шарттары, компьютерде тегеректөөнүн эсептөө алгоритминин туруктуулугу ж.б. сыяктуу курстун негизги түшүнүктөрүн өздөштүрүшөт, бул студенттердин тил маданиятынын өнүгүшүнө таасирин тийгизет.

«Сандык методдор» курсун окутуу процессинде ар түрдүү предметтик тармактардан маалыматтар алынып, мында билим деңгээлинде предмет аралык байланыштар аныкталат. Окуу процессинде сандык методдорунун өз ара байланыштарын, салыштырууну ишке ашыруу студенттердин системалуу билимдерди алуусун камсыздоого өбөлгө. Ал эми «Сандык методдор» курсун окутууда предмет аралык байланыштарды ырааттуу ишке ашыруу ар түрдүү математикалык дисциплиналар боюнча студенттердин жалпыланган билимдерин өнүктүрүүгө шарт түзөт (1.1.-таблица).

«Сандык методдор» курсунун универсалдуулугу, анын башка өтүлүүчү курстар менен өз ара предметтик байланыштарда болушу менен окутууда студенттердин ой - жүгүртүүсүн активдештирет.

Математиканын бөлүмдөрүнүн жана «Сандык методдор» курсунун байланышы алардын мазмуну жана ар кандай математикалык маселелерди чыгаруудагы окшоштуктары эсептелинет. «Сандык методдор» курсунун негизги түшүнүктөрү теңдеме, теңдемелер системасы ж.б. математиканын өнүгүшүнө көп таасир берет. «Сандык методдор» курсун окутууга карата предметтер аралык байланыштар окутуунун жеткиликтүүлүгүн арттырууга, студенттердин таанып-билүү мотивациясын өркүндөтүүгө, алардын билимдеринин сапатын жакшыртууга өбөлгө түзүүчү дидактикалык шарт жана студенттердин илимий көз карашын натыйжалуу өнүктүрөт.

**1.1.-таблица.** «Сандык методдор» курсунун жана математикалык дисциплиналар менен байланышы.

| Математиканын бөлүмдөрү | Сандык методдор курсунун мазмуну |
|---|---|
| • **<u>Сызыктуу алгебра</u>:** Матрица жана аныктагычтар. Векторлор жана алар менен болгон амалдар. Бир өзгөрмөлүү теңдемелерди чыгаруу, матрицаларды өзгөртүү, матрицалардын өздүк маанилерин жана векторлорун табуу. | Каталар теориясынын элементттери (тактык жана жанажакындатылган сандар; абсолюттук жана салыштырмалуу каталыктардын алгоритми). Сызыктуу эмес теңдемелерди чыгаруунун сандык методдору (Маселенин коюлушу; тамырларды бөлүштүрүү;графикалык жана аналитикалык жол аркылуу тамырларды бөлүштүрүү;тамырларды тактоо жана баалоо; кесиндини тең экиге бөлүү методу; итерация методу; Ньютондун методу (жаныма методу); хорда методу. Сызыктуу эмес теңдемелерди чыгаруунун методдорун салыштыруу. Математикалык пакеттердин каражаттарын сызыктуу эмес тендемелерди чыгарууда колдонуу технологиясы. |
| • **Сызыктуу алгебра:** 2 жана 3 белгисиздүү сызыктуу алгебралык теңдемелер системалары. Сызыктуу мейкиндик. Сызыктуу эмес алгебралык теңдемелер системасы | Сызыктуу алгебралык теңдемелер системаларын чыгаруунун сандык методдору. Маселенин коюлушу; Гаусстун методу; Итерация методу; Зейделдин методу; Математикалык пакеттердин каражаттарын колдонуу менен сызыктуу алгебралык теңдемелер системаларын чыгаруу |

| | |
|---|---|
| | технологиясы. Сызыктуу эмес алгебралык теңдемелер системаларын чыгаруунун сандык методдору. Маселенин коюлушу; Ньютон методу; Итерация методу; Математикалык пакеттердин каражаттарын колдонуу менен сызыктуу эмес алгебралык теңдемелер системаларын чыгаруу технологиясы. |
| ✓ **Математикалык анализ** Функцияларды изилдөө, аныкталган интеграл, Ньютона–Лейбництин формуласы, ийри сызыктуу трапециянын аянты, дифференциалдык теңдеме. | Сандык интегралдоо. Маселенин коюлушу; Тик бурчтуктар методу; Трапециянын формуласы ; Симпсондун методу; Маселенин коюлушу; Эйлердин методу; Рунге-Куттун методу; n-тартиптеги жөнөкөй дифференциалдык теңдемелерди сандык чыгаруу; Жөнөкөй дифференциалдык теңдемелерди сандык чыгаруу методдорун салыштыруу; Математикалык пакеттерди колдонуу менен жөнөкөй дифференциалдык теңдемелерди сандык чыгаруу. |
| • **Математикалык программалоо:** аппроксимациялоо маселелери, интерполяциялоо, экстраполяциялоо. | Аппроксимациялоо маселенин коюлушу; Эң кичине квадраттар методу; Аппроксимациялоо маселесин чыгарууда математикалык пакеттердин каражаттарын колдонуу; Интерполяциялоо. Маселенин коюлушу. Ньютондун биринчи жана экинчи интерполяциондук формуласы; Сплайн-интерполяциялоо. |

Азыркы мезгилде колдонмо жана эсептөөчү математика, математикалык методдор бардык илимдерде, техникада жана технологияларда кеңири колдонууда.

Биз, болочоктогу математика мугалимдеринин кесиптик даярдыгында «Сандык методдор» курсун окутууда математика жана компьютердик технологиялар тармагындагы билим берүүнүн методологиялык негизин мүнөздөөчү б.а. “маалымат-математикалык моделдер-компьютердик технологиялар” жаңы үчилтигин сунуштайбыз.

Жогорудагыларды, ошондой эле болочоктогу математика мугалимдеринин кесиптик даярдыгынын жалпы максатын эске алуу менен, биз «Сандык методдор» курсунун мазмунунун негизин математикалык маселелердин чыгарылышын сандык жыйынтыкка жеткирүүнүн жалпы идеялары, б.а. сандык методдорду математикалык жактан негиздөөсү жана алгоритмин түзүүсү, ошондой эле ар кандай эсептөө системаларда аны ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрүн чагылдыруусу түзөт деген пикирибизди сунуштайбыз.

Жыйынтыгында, болочоктогу математика мугалими «Сандык методдор» курсун окуп үйрөнүү процессинде математикалык маселелерди чыгаруунун заманбап эсептөөчү алгоритмдерине ээ болушат; компьютердик технологиялардын каражаттардын жардамы менен аларды программалык ишке ашыруунун көндүмдөрүн өнүктүрөт; алынган натыйжаларды интерпретациялоо жана алардын каталыгын баалоо; заманбап эсептөөчү математиканын ролун жакшы билишет жана рационалдуу ой жүгүртүү үчүн белгилүү же жаңы колдонмо алгоритмдерди, математикалык маселелерди чыгаруу үчүн жаңы натыйжалуу эсептөөчү алгоритмдерди иштеп чыгуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушат.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**


1. Авдеев, А.С., Кремлев А.Н., Конюх Г.В., Кутов В.П. Введение в численные методы и их применение в компьютерном моделировании. — Новосибирск: НГУ, 1998.-46 с.
2. Аданников, А.А. Фундаментализация физико-математической подготовки в профессиональной подготовке студентов технических вузов: Дисс. канд. пед. наук. Тольятти: ТГУ, 2001. - 208 с.
3. Акматкулов, А.А. Научно – методические основы углубления и расширения знаний по фундаментальным понятиям математики во втузе / [Текст]: дисс. док-ра п.наук: 13.00.01 / А.А. Акматкулов. – Б.:2007. – 308 с.
4. Антонов, Н.С. Слагаемые знания (О межпредметных связях в учебном проц) / Н.С. Антонов. – Архангельск: Сев.-Зап. кн.изд., 1969, – 153 с.
5. Бабанский, Ю.К. Оптимизация учебно-воспитательного процесса [Текст]: / Ю.К. Бабанский М: Просвещения, 1982. – 192 с.
6. Байсалов, Дж.У., Научно-методические основы создания и использования модульного обучения в методической подготовке студентов – математиков в педвузе / [Текст]: дисс. …д-ра пед. наук: 13.00.02 / Дж.У. Байсалов. – Алматы, Алматынский гос. унив-т, 1998. – 309 с.
7. Пальчикова, И.Н. Совершенствование подготовки будущих учителей информатики по вычислительной математике: Дис... канд. пед. наук:13.00.02 / И.Н. Пальчикова.- СПб., 1999.- 202 с.
8. Рагулин М.И. Информационные технологии в математике. — М: Академия, 2008. -301 с.
9. Самарский, А.А. Численные методы: Учеб.пособие для вузов / А.А. Самарский, А.В. Гулин.- М.: Наука. Гл. ред. физ.-мат. лит., 1989.- 432 с.
10. Селевко, Г.К. Современные образовательные технологии: Учебное пособие для педагогических вузов и институтов повышения квалификации / Г.К. Селевко.- М.: Народное образование, 1998.- 256 с.
11. Хемминг, Р.В. Численные методы. Для научных работников и инженеров / Р.В. Хемминг; пер. с англ. В.Л. Арлазорова и др.; под ред. Р.С. Гутера, - Изд. 2-е, испр.- М.: Наука, 1972.- 400 с.
12. Selwin, N. Home computers & university ICT use / N. Selwin, N. Marriott & P. Marriott // Journal of Computer Assisted Learning.- 2002.- № 18.- P.4450.

**Рысбаев С.К.,**

*педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясы.*

**ДЕҢГЭЭЛДИК БИЛИМ ЖАНА АНЫ БААЛОО ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ**

**Рысбаев С.К.,**

*доктор педагогических наук, профессор, Кыргызская академия образования.*

**УРОВНЕВОЕ ОБУЧЕНИЕ И ТЕХНОЛОГИИ ЕГО ОЦЕНКИ**

**Rysbaev S.K.,**

*Doctor of Pedagogy, Professor, Kyrgyz Academy of Education.*

**LEVEL EDUCATION AND TECHNOLOGIES OF ITS ASSESSMENT**

**Аннотация:** *Макалада билим берүүдөгү көйгөйлүү маселелерден болгон окутуунун проблемалуулугу, окуучунун билим алуудагы чыгармачылык ишмердик мамилеси тууралуу сөз болот. Ушул маселенин негизинде кыргыз тили, адабиятынан окуучунун билимин деңгээлдик негизде текшерүү жана баалоо боюнча автордук жеке тажрыйба сунушталат.*

*Мындагы идеялар жеке эле кыргыз тили, адабияты эмес, башка предметтерди окуткан мугалимдер үчүн да колдонууга кызыгууну жаратпай койбойт.*

**Түйүндүү сөздөр:** *билим берүү, индивиддин билимдүүлүгү, проблемалуу окутуу, проблемалуу милдеттер, чыгармачылыктын деңгээлдери, билимди текшерүүнүн деңгээлдери.*

**Аннотация:** *В статье рассматривается один из самых проблемных вопросов в образовании: проблемное обучение и творческий подход студента к обучению. На основе этого вопроса предлагается личный опыт автора по многоуровневому тестированию и оценке знаний учащихся по кыргызскому языку и литературе. Эти идеи интересны не только учителям кыргызского языка и литературы, но и учителям других предметов.*

**Ключевые слова:** *образование, образованность индивида, проблемное обучение, проблемные задачи, уровни творчества, уровни проверки знаний.*

**Abstract:** *The article examines one of the most problematic issues in education: problem-based learning and a student's creative approach to learning. On the basis of this question, the author's personal experience of multilevel testing and assessment of students' knowledge of the Kyrgyz language and literature is proposed.*

**Key words:** *education, education of an individual, problem learning, problem tasks, levels of creativity, levels of knowledge testing.*

### Билим берүүдөгү проблемалуу жагдайлар тууурасында

Деги эле, **«билим берүү» деген эмне**? Ал өзүнө кеңири маанини камтып турат? Кыргыз википедиясынан бул тууурасында төмөндөгүдөй маалыматтарды табууга болот, т.а., ал: окуучунун билим алуу, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу ишмердигин, окуучунун инсан катары калыптануу процессин, билим-тарбия берүү, аны ишке ашыруунун жалпы комплексин, натыйжада инсандын гармониялуу мүнөздөгү өнүгүшүн

түшүндүрөт. Мындагы «жалпы комплекс» деген эмне? Ал курчап турган чөйрөнүн адамдын аң-сезиминде чагылышы, анын негизинде эмпирикалык жана практикалык жактан текшерилген таанып – билүүнүн натыйжасы болуп саналат.

**Индивиддин билимдүүлүгү эмнеде?**

Демек, мында **индивиддин билимдүүлүгү** - кайсы бир турмуштук маанилүү маселени чечүүгө мүмкүнчүлүк түзөр маалыматка ээ болуусу жана ал маалыматты турмуштук кырдаалдарда колдоно билүү ишмердигин билгизет. Билим окутуу процессинде калыптанат. Анткени окутуу – окуучуларды билим алууга, аны өздөштүрүүгө үйрөтүүнүн, турмушка даярдоонун негизги жолу.

Билим берүү процессинде көп маселелер комплекстүү чечилет. Ал маселелер төмөндөгүлөр: жаңы билим алуу, алган билимди практикада колдонуу, ал аркылуу турмуштук проблемалуу маселелерди чечүү, аларга чыгармачылык мамилени калыптандыруу жана өз алдынчалуу мамиле кылуу маселелери экендиги белгилүү. Ошону менен бирге, окутууда проблемалык кырдаалдарды чечүү маселеси өзгөчө орунду ээлейт. Аны проблемалуу окутуу деген түшүнүк менен атап келерибиз белгилүү.

**Проблемалуу окутуу**

**Проблемалуу окутуу** (Джон Дьюи,1859—1952) окутуунун мазмунун турмушта жолугуучу ар түрдүү проблемалуу кырдаалдарга жараша активдүү түрдө колдоно билүүнүн ыкмалары менен жолдорун жана окутуунун өзүн ошол багытта жүргүзүү ыкмаларын үйрөтөт, алган билими боюнча ой жүгүртө билүүнү жана аны чыгармачылык менен өздөштүрүүнү да билгизет. Ошону менен бирге, алган билимди жөн гана жаттап албастан, анын теориялык жана практикалык жактан проблемалуу маселелерин чыгармачылык менен өздөштүрүү жолдорун ишмердиктин негизинде уюштурууну түшүндүрөт.

Проблемалуу окутуу өзгөчө схема менен жүзөгө ашат, мисалы, анда: мугалим тарабынан проблемалуу кырдаал түзүлөт, ага жараша проблемалуу милдетти чечүү тапшырмасы коюлат, коюлган тапшырманы же милдетти аң сезимдүү түрдө ой жүгүртүү менен чечүүнүн жолдору уюштурулат, анын негизинде окуучу өзүнө жаңылыкты табуусу т.а. жаңы билимге ээ болуусу ишке ашырылат. А бул кездеги проблемалуу кырдаал- алдыга коюлган милдеттерди камтыган, ага жараша машыгууларды, жаттыгууларды жана көндүмдөргө ээ болууну ишке ашыруучу таанып – билүү милдеттери бар маанилүү маселе катары мүнөздөлөт.

Проблемалуу окутуудагы мүнөздүү белги – негизинен, билимди окуучунун чыгармачыл түрдө өздөштүрүүсүнүн жаңы башталмаларын калыптандырат. Ал башталма- буга чейин болбогон жана боло элек жаңы ишмердик, жаңы ыкмалар жана аларга ээ болуу, жаңы билим алуу, жаңы көндүмгө ээ болуу, окууга болгон жаңыча мамилеге үйрөнүү. Алар, албетте, баланы жаңы багытта өнүгүүгө жол ачат.

**Проблемалуу милдеттер**

Мындагы **проблемалуу милдеттер кандай болот**? Ал милдеттер окутуу процессинде окуучуну ой жүгүртүүгө түртүүчү, анын өз алдынча демилгелүү ишин уюштурууучу, ой жүгүртүп чечимге келүүгө шарт түзүүчү, окуу ишине чыгармачыл мамилесин талап кылуучу милдеттер болуп саналат. Анын демейдеги тапшырмалардан айырмачылыктары булар, т.а. ал кадимкидей эле чечилүүчү тапшырма болбойт, жөн гана жооп берип коюучу маалыматты талап кылбайт, буга чейин белгисиз болгон нерсени табуу мүнөзүн сунуш кылат жана аны талап кылат, жаңыны табуу шартын коет. Андай проблемалуу милдеттин мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп, ички себеп жана натыйжалуулук байланыш, жаңы маалыматтарды табуунун жана издөөнүн, жаңыны таанып билүүнүн уланмалуулук жолу,

чындыкты табууга карай өнүгүү жолу жана багыты… Мунун негизин-ишмердик мамиле ээлейт.

**Ишмердик мамиле**

**Ишмердик мамиле аркылуу** билим алуунун өзүнчө мүнөзү бар, алар төмөндөгүлөр:

- предметтин мазмунун билүү гана талап кылынбайт;

-предметтин мазмунун өздөштүрүүнүн ыкмалары менен жолдорун билүү талап алдыга коюлат;

-окуу милдеттерин окуучунун өз алдынчалуу мамилесин калыптандырууга көңүл бөлүнөт;

-ой жүгүртүү менен маселени чечүү милдети коюлат жана ал ишке ашат;

-алдыдагы чечилүүчү маселенин максат-милдетин туура түшүнүү ишке ашат;

-чындыкка жетүү жолун окуучу буга чейинки билимине таянып өзү табуусу талап кылынат…

Мындай ишмердик жөн эле ишке аша бербейт. Анын өз алдынча этаптары менен деңгээлдери болот.

Мындагы этап түшүнүгү эмнени түшүндүрөт: этап-бул, өнүгүүнүн алгоритми, же аткарылуучу иштин технологиялык процесси, ал процесстин алгоритми, а деңгээл- иштин ийгиликке чыгармачылык менен жетүүдөгү жаңы сапаттык белгилери.

**Чыгармачылыктын деңгээлдери**

**Чыгармачылыктын деңгээлдери психолог А.** Пуанкаренин сунушу жана Грэм Уоллестин өнүктүрүүсү боюнча алсак, (<u>«Искусство мысли»</u> (1926) ал төмөндөгүчө ишке ашат:

-**Даярдануу деңгээли,** т.а жаңы материалды изилдөө, аны үйрөнүүнү пландоо, алдыга чечилүүчү милдеттерди ойлонуштуруу, проблеманы чечүүнүн жолдорун аң-сезимдүү ойлонуу мезгили.

-**Инкубация деңгээли:** проблемалуу милдетти чечүүгө шашылбоо, ой жүгүртүү, психологиялык толгонуу, белгилүү бир убакытка чейин шашылбоо, эс алуу;

-**Бышып жетилүү деңгээли**: проблеманын чечилиш жолунун табылышы, эргүүнүн келиши, ийгиликтин күтүлбөгөн жерден жаралышы, жаңыча иштөө мүнөзүнүн келип чыгышы, чечимге келүү;

-**Текшерүү деңгээли:** келген бүтүмдү, тапкан чечимди практикада текшерүү, гипотезанын аныктыгын байкоо, баштапкы идея менен соңку натыйжасы салыштыруу, кайра толуктоо, натыйжа менен далилдүү тыянакка келүү.

**Чыгармачыл ишмердиктин этаптары**

**Чыгармачыл мындай иштин төмөндөгүдөй этаптары** бар:

-чечилүүчү милдетти алдыга коюу этабы;

-концепцияны так мүнөздөө этабы;

-маалыматтарды топтоо этабы;

-чечүү жолун издөө этабы;

-идеяны өнүктүрүү, конструкциялоо этабы;

-жайылтуу этабы.

Мында-бул этаптардын ар бири өз алдынча мүнөздүү этаптарга ээ жана, жогоруда айтылып өткөндөй, күтүүсүз келген чечимдер, чыгармачылык жаңылык артыкча бааланат.

**Чыгармачылык жаңылык деген эмне?**

Жаңылык- окуу-таануу иш-аракетинде, т.а сабакта окуу материалын өздөштүрүүдө келип чыгуучу – жетишкен ийгилик, т.а. жетишкендик, буга чейин окуучу үчүн белгисиз болгон маалымат, жаңы билим, жаңы машыгуу, жаңы жаттыгуу жана жаңы көндүм. Окуу милдетин чечүүчү жаңы багыт, эвристикалык иш-аракеттердин аралыктагы же соңку натыйжасы. Ал натыйжага чыгармачылык менен жетүү.

Кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун предметтик стандартында **өздөштүрүүнүн үч деңгээли:** репродуктивдик, продуктивдик жана креативдик деңгээлдери белгиленген. Блумдун таксономиясында 6 деңгээл белгилүү, мисалы: билим, түшүнүк, колдонуу, анализ, синтез жана баалоо. Албетте, булар окуучунун билим алуусунун жана жаңылыкка жетүүсүнүн деңгээлдери болуп саналат.

**Билимди текшерүүнүн төрт деңгээли**

**Биздин практикабызда билимди текшерүүнүн төрт деңгээли коюла**т, алар: маалыматты билүү, практикада колдонуу, проблемалык жагдайды чечүү жана чыгармачыл мамиле… Бул төртөө- төрт деңгээлди элестетет жана өздөштүрүүнүн төрт критерийи катары да көрүнөт.

Демек, деңгээлдик билим берүү-бул, окуучунун билим алуусунун жана ага ээ болуусунун сапаттык көрсөткүчтөрү, же сапаттык өнүгүү тепкичтери, окутуунун жана анын натыйжасында ээ болуучу сапаттык өнүгүү деңгэлдерин баалоо болуп саналат.

Андай болсо, төмөндөгүдөй төрт деңгээлди сунуш кылабыз, тактап айтканда:

***-окуучунун маалыматтык билим деңгээли;***

***- билимди практикада колдонуу деңгээли;***

***-проблемалык кырдаалды чечүү;***

***- чыгармачыл мамиле жасоо деңгээли.***

Эмес, ушул төрт деңгээлдин практикада көрүнүшү, ал боюнча иштин жүрүшү кандай болору тууралуу сөз кылалы.

***1-деңгээл:***

**Маалыматтык билим деңгээли**

Бул деңгээлде окуу материалдары, аны өздөш-түрүүгө карата коюлган тапшырмалар кыргыз тилин мектептерде үйрөтүүнүн стандартынын чегинен, анын өлчөмүнөн чыкпайт; кыргыз тили программасында белгиленген материалдарды өздөштүрүүгө карата коюлган компетенциялар негизги таяныч болот; окуучулар окуу китептерде берилген таяныч үлгүлөрдүн негизинде иш аткарышат; тапшырмалар жана суроолор карапайым деңгээлде болот; сөздөрдү, эрежелер менен мисалдарды окуучулар эске сактоо, эске түшүрүү механизмдери аткарылат, т.а. бул деңгээл **маалыматтык билим деңгээли** деп аталат.

Эмесе, мына ушул деңгээлдерге коюлуучу талаптар, тапшырмалардын мазмуну жана мүнөзү тууралуу кеп кылалы.

**Бул деңгээлдеги суроо-тапшырмалардын мазмуну:**

Бул, негизинен, окуучунун теориялык-мазмундук маалыматтулугун, фактыларды, маалыматтарды, эрежелерди эсте тутуусун тактоо үчүн суроо-жооп менен бышыктоо болуп эсептелинет.

Мында, негизинен, өтүлгөн тема боюнча маалыматтуулугун текшерүү, баалоо, маалыматтарды жаттоо, кайра аларды кайталатып айтуу же текшерүү мүнөзүндө гана иш жүрөт. Окуучулардын өтүлгөн темадагы фактыларды жаттап эсте тутуусун баалоо менен чектелишет.

Мисалга алсак, мындагы суроо тапшырмалардын мүнөзү төмөндөгүдөй болот:

– баяндап айтып берүү үчүн суроо-тапшырмалар;

– сүрөттөп айтуу үчүн суроо-тапшырмалар;

– эсте сактоосун текшерүү үчүн суроо-тапшырмалар;

– жаттоосун текшерүү үчүн суроо-тапшырмалар;

– көркөм окуусун текшерүү үчүн суроо-тапшырмалар;

– көркөм айтуу үчүн суроо-тапшырмалар;

– окуу техникасын текшерүү үчүн суроо-тапшырмалар;

– жазуу жүзүндө жооп берүүчү суроо-тапшырмалар;

– оозеки түрдө жооп берүүчү суроо-тапшырмалар;

Ушул жерден, сөзүбүз кургак болбосун үчүн, эки тесттик тапшырманы мисалга тарталык.

Мисалы,1-деңгээлге жараша жөнөкөй тапшырмаларды камтыган тесттин мазмуну төмөндөгүдөй болуусу ыктымал:

1.Кыргыз тили сабагынан:

Тексттин эң кичине бирдиги кайсы?

**а) тексттин эң кичине бирдиги – сүйлөм;**

б) тексттин эң кичине бирдиги – абзац;

в) тексттин эң кичине бирдиги – микротема;

г) тексттин эң кичине бирдиги – сөз.

**2.Кыргыз адабияты сабагынан:**

Бул саптар кайсы чыгармадан жана кимдин ыры?

«Түбөлүк чечилбеген улуу талаш:

Канткенде адам уулу адам болот?»

а) «Кылым карытар бир күн», Абуталиптин;

**б) «Фудзиямадагы кадыр түн», Сабырдын:**

в) «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт», Органдын ыры;

г) «Биринчи мугалим», Дүйшөндүн ыры.

Мында көрүнүп тургандай, биринчи тапшырмада талап сүйлөмдүн эң кичине бирдиги кайсы экенин эсте сактоосун текшерүү мүнөзүндө коюлган болсо, экинчисинде Ч.Айтматовдун билгилүү чыгармасындагы жалпы элге маалым болгон сөзү тууралуу маалыматтуулугун билүүсүн текшерүү гана талабы коюлду. Мындай тапшырмалар тесттерде көп учурайт, аларда окуучулардын сабакта ээ болгон маалыматтуулугун жана эсте сактоосун гана текшерүүгө басым жасалат.

### *2-деңгээл:*

### Билимди практикада колдонуу деңгээли

Бул деңгээл - коюлган суроолор менен тапшырмалардын татаалдануусу менен айырмаланат; эске сактаган сөздөрдү, эрежелерди, буга чейинки жетишкендиктерин окуучулардын эми практикада колдоно билүүсүнө басым коюлат, тактап айтканда, **колдонуу технологиясына үйрөтүү деңгээлине** көңүл бурулат.

**Билимди практикада колдонуу деңгээлдеги суроо-тапшырмалардын максаты** –үйрөнгөнүн практикада колдоно билүүгө машыктыруу үчүн үлгү тапшырмалар менен бышыктоо жана текшерүү болуп саналат.

Мында мугалим сабакта өтүлгөндөрдүн маанисин түшүнүүсүн, аны практикада колдонуп сүйлөп, жазууга машыгуусун текшерет. Окутуунун практикалык багыты жүзөгө ашырылат. Окуучулар үйрөнгөнүн чыгармачылык менен өздөштүрүүгө жол алат. Мисалы:

– үйрөнгөнүн практикада колдонуу үчүн суроо-тапшырмалар;

– үйрөнгөнүн практика жүзүндө түшүндүрүү үчүн тапшырмалар;

- эрежени далилдөө үчүн суроо-тапшырмалар;

– сөз маанисин талдап түшүндүрүү үчүн суроо-тапшырмалар;

– фактыларды талдоо үчүн суроо-тапшырмалар;

– түшүнүктү аныктоо үчүн суроо-тапшырмалар;

– түшүнүктү тактоо үчүн суроо-тапшырмалар;

– түшүнүктү мүнөздөө үчүн суроо-тапшырмалар;

Ушул багыттагы эки тапшырманы мисалга алып, оюбузду бекемдейли.

### *Кыргыз тилинен тесттик суроолор:*

Макалдын маанисин түшүнүп, макалдын түшүндүрмөсүндөгү көп чекиттин ордун тууралап толтургула.«Эринчээкке эшик – **арт**». Мында **арт** сөзү … маанисинде колдонулду.

а) жүктө; б) арка жак; **в) ашуу, бел;** г) алыс, ыраак.

**2.** Морфологиялык каражаттар сөз маанисин байытат, анда эмесе, ошондой каражаттар аркылуу сөздөрдүн эркелетүү маанисин билдирүүчү мүчөлөр колдонулган катарды тап.

а) **иничек, эжеке, энекебай** б) жар-жар, Алымкан, Сатике

в) Кулунум, ак чүч, келинчек г) каралдым, апээй, сонун

**3. Кепте зат, сын жана сан атооч сөздөрүнүн ордуна колдонулган сөздөр ат атооч болушат, андай болсо, төмөнкүлөрдө ат атооч кандай учурда бул кызматты аткарды?**

А)**Асан келди (Ким келди?)** Б) Асан ойноду (Асан эмне кылды?)

В)**Кооз гүл (Кандай гүл?)** г) Гүл өстү (Гүл эмне болду?)

***Кыргыз адабиятынан тесттик суроолор:***

4. А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасында Толубай өз айтканын эмне менен жана кантип далилдеди?

а) Элди үндөп ханга каршы көтөрөт.

б) Хандын жылкыларынан мыкты тулпарды таап берип, сынчылыгын далилдейт, ага эч бир тулпар жете албайт;

в**) Кармыш кулдун жаман чаарын кырк күн күнү-түнү таптап, тулпар кылат, ага эч бир күлүк жетпейт;**

г) Чыныгы тулпарды таап берип, Толубай хандан урмат-сый көрөт.

5.Үзүндүдөгү көп чекиттердин ордуна кайсы сөз туура келерин белгилегилеп, текстти толуктап түшүндүр.

«Алтын менен …,
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен …,
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен …,
Бир өзүнөн бүткөндөй» («Манас»)

а) күмүштүн, тооңдун, жылдыздын;

б) каухардын, жылдыздын, күнүңдүн;

**в) күмүштүн, жериңдин; күнүңдүн;**

г) күмүштүн, жылдыздын, күнүңдүн.

Байкап көрсөк, бул тапшырмалардын биринчисинде ат атооч сөзүнүн аныктамасын мурдагы өтүлгөн сабактагы маалымат менен толуктап, андагы маалыматты эми практикада колдонуп далилдөө, т.а. зат, сын, сан атоочтордун ордуна колдонулуп, анын атын атабай туруп, алмаштырып, ким, эмне, кандай, канча ж.б. суроолорго жооп берген сөздөр болорун далилдөө талабын чече алуусу, же болбосо, морфологиялык каражаттардын кепте кантип колдонулуу менен сөз маанисин байытаарын билүүсү - окуучунун алдыга чоң кадам таштоосу болуп саналат. Мындагы маселе-сөздөрдүн маанисин билип жана аларды жазууда же оозеки кебинде туура колдоно алуу тажрыйбасын текшерүү болуп саналат.

Адабияттан берилген тесттеги окуучунун жообу дагы- чыгармалардагы маалыматтарды, каармандардын ким жана кандай экенин тексттеги сүрөттөөлөрдү же сюжеттерди колдонуу аркылуу тастыктоону талып кылды. Мында Манас баатырдын мүнөздөмөсү менен Толубай сынчы өз сынчылыгын кантип далилдегенин, Кармыштын жаман атын кантип тулпар кылып таптаганын туура жооп аркылуу далилдей алганын туюнтту. Демек тесттердин жоопторун талдап келип, окуучулар өзүнүн практикалык машыгууларынын жана теориялык билиминин деңгээлин аныктайт.

**3-деңгээл:**

**Проблеманы чечүү деңгээли**

Бул деңгээлде коюлган проблемалуу, татаалыраак көнүгүү тапшырмалары менен суроолор, сүйлөмдөр, маек үлгүлөрү жана тексттер менен иштөөгө басым коюлат. Андай тапшырмаларды аткарууда окуучулардан ой жүгүртүү менен чыгармачыл дараметтеринин негизинде, **проблемалык изилдөө** же **эвристикалык ыкмада** иштөөсү талап кылынат.

**Проблемалык-эвристикалык деңгээлдеги суроо-тапшырмалардын мүнөзү –** үйрөнгөн көндүмдөргө таянуу менен, өз алдынча жаңылыктарды ачууга багытталган тапшырмаларды аткарып бышыктоо катары каралат. Мында:

- айтылган ойду далилдөө үчүн суроо-тапшырмалар;

– түшүнүктөрдү анализдөө үчүн суроо-тапшырмалар;

- проблемаларды чечүү үчүн коюлган суроо-тапшырмалар;

– далилдерди салыштыруу үчүн суроо-тапшырмалар;

– түшүнүктөрдү синтездөө үчүн суроо-тапшырмалар;

– түшүнүктү жалпылоо үчүн суроо-тапшырмалар;

– түшүнүктөрдү классификациялоо үчүн суроо-тапшырмалар;

– схема түзүү үчүн суроо-тапшырмалар…

Мында, мугалим өтүлгөн сабакта айтылган ойлорунун себеп-натыйжалаш табиятын ачып түшүндүрөт. Окуучу аларды сынчыл көз караштa кабыл алуу менен проблема коюп чечүүгө үйрөнөт. Мисал келтирели.

***Кыргыз тилинен тесттик суроолор:***

1.**Бул стиль - образдуулук, эмоционалдуулук-экспрессивдик касиеттерге ээ. Кеп кайсы стиль тууралуу болуп жатат жана аны эмне менен далилдөөгө болот?**

а) публицистикалык стиль, анткени ал аркылуу коомдук маселелер, адам турмушунун проблемалары, кайгы-кубанычы берилет, образдуулук менен далилденет;

б) сүйлөшүү стили, анда адамдын кеби, ал аркылуу адамдын ой-пикири, жан дүйнөсү берилет, ал проблема коюусу менен далилденет;

в**) көркөм стиль, анткени ал аркылуу адам турмушу, табият көркөм жана образдуу берилет, ал образ түзүүсү менен далилденет;**

г) илимий стиль, анткени анда адам турмушундагы илимий-изилдөөлөр, анын адам турмушундагы ролу ачылып берилет, проблема коюусу менен далилденет.

2. **Албетте, заттын сын-сыпатын билдирген жакшы жана билимдүү сыяктуу сөздөр лексикалык маанисинде сын атооч сөздөрү болушат, бирок алар сүйлөм ичинде грамматикалык мааниге өтүп кетет. Эмне үчүн ушундай болот жана ал кандай милдетти аткарып калат?**

Мисалы**: Жакшы бала жакшы окуйт.**

а) аныктооч, аныктооч; затты гана аныктады; б) аныктооч, толуктооч, затты аныктады жана ойду толуктады;

**в) аныктооч, бышыктооч, затты аныктады жана кыймыл-аракетти бышыктады;** г) аныктооч, баяндооч, затты аныктады жана кыймыл-аракетти баяндады.

**3.Биринчи жана экинчи сүйлөмдөгү байламта жана жандооч сөздөрүн тап. Кандай себептен ал сөздөр бири-бирине өтүп кетти? Далилдегиле.**

Мисалы: **Бекташ чарба дүкөнүнөн кайчы жана күрөк сатып келди. Анан кайчы менен дарактарды бутап, күрөк менен дарактын түптөрүн жумшартты.**

а) биринчисинде: жана-байламта, сөз менен сөздү байланыштырды, экинчисинде кыймыл-аракет менен байланыштырды

**б); биринчисинде: жана- байламта, анткени ал сөз менен сөздү байланыштырды, экинчисинде, жана - жандооч, кыймыл-аракетти аткаруунун куралы катары келди;**

в) биринчисинде: жана - жандооч, экинчисинде – жана байламта, кыймыл-аракетти аткаруунун каражаты болду;

г) биринчисинде да, экинчисинде да жана-байламталык милдетти аткарды.

Талдап көрөлү: биринчи тестте: көркөм стилдин табиятына, анын мүнөзүнө жана кепте колдонулушуна, экинчи тестте: сын атооч сөзүнүн кепте бышыктоочко өтүүсүндөгү жана үчүнчү тестте: байламтанын сүйлөмдүн жандооч мүчөсүнө өтүп кетүүсүндөгү көрүнүштөрдү камтыган проблемалуу көрүнүштөр боюнча проблемалуу жагдайлар чечмеленди. Мындай мүнөздөгү тапшырмаларды бардык эле окуучулар аткара алышпайт, ал үчүн кептеги сөздүн колдонулушун жакшылап түшүндүрүү, ага машыктыруу менен, биринчи

денгээлдеги тапшырмаларды туура аткарууга көнүктүрүү керек.

*Кыргыз адабиятынан тесттик суроолор:*

1. Мисалы: **Ч.Айтматов «Атадан калган туяк» аңгемесинде балага апасы Гүлжамал мындай деп айтат:«Тынч отур, тигиногу-сенин атаң…!» Апасы уулуна эмне үчүн ушинтип айтты?**

а) Элге тынчтык бербей, ээнбаштык кылгандыгы жана кинодогу баатыр солдатты тынч отуруп көрүүсү үчүн;

б) Атасы кинодо баатыр жоокердин ролун аткарып жаткандыгын билсин үчүн;

**в) Кинодогу баатырдык менен курман болгон солдатты көрүп, бала атасынын кандай эр жүрөк экендигин элестетсин үчүн;**

г) Атасы согушта өлгөндүгүн угузуш үчүн.

Дагы бир тапшырмага көңүл буралы:

**2. Ж.Бөкөнбаевдик «Чептен эрдин күчү бек» аттуу уламышында карыя душмандардан коргонуу үчүн чеп куруп жаткан элге эмне үчүн экинчи жолу келди жана баланы неге куткарып калды?**

а) Карыя келбегенде, эл баланы чептин түбүнө көмүп коюшмак;

б) Чепти бийиктетип куруу керек деп айтыш үчүн келди жана баланы куткарып калды;

в) Чептин түбүнө чоң баланы көмүш керек деп айтыш үчүн келди жана жаш баланы куткарып калды;

г**) Элди чеп эмес, патриот уулдар коргой турганын айтыш үчүн келди**.

Бул соңку эки тестте, биринчисинде Ч.Айтматовдун аңгемесиндеги балага энеси, албетте, атасы кандай эр жүрөк баатыр адам болгондугун кинодогу эпизод аркылуу билдирип, тааныштырып отурат. Бул окуя бала үчүн чоң тарбиялык таасир берди. Экинчи суроодо элди-жерди эмне коргойт, адам бою жетпес, үстүнөн куш учуп өтө албас темир чеп коргойбу же, баатыр, патриот уул-кыздары коргойбу-деген проблемалуу суроолор боюнча балдардын ой жүгүртүүсүн текшерүү жүзөгө ашты десек болот.

**Ушуга байланыштуу 6-класста Кыргыз адабиятынан өтүлгөн «Көз караш-сабагынын» чакан үзүндүсүн мисалга алалы.**

**«Көз караш» сабагы: «Чептен эрдин күчү бек»**

6-класста өтүлүүчү Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» аттуу уламышын проблемалык-эвристикалык ыкма менен өтүүнүн бир үлгүсүн мисал алалы. Ири алдыда, 1-суроого жараша, окуучунун уламышка, андагы балага, энеге жана карыяга карата эмоционалдык-психологиялык реакциясы кандай экенин билели. Андай болсо ошого ылайык окуучулар менен талкуулоодогу билдирген көз караштарын берели:

**1-суроо:**Асанов, айтчы, сага душмандар тынч жашап жаткан элди басып кириши, эл чаң-тополоңго капыстан түшүшү, кайдан-жайдан бир ак сакалдуу карыянын пайда болуп, чеп салуу керектигин айтышы, чеп кулап, душманга туруштук бербей жатышы, ошондо баягы карыянын айтуусу боюнча бир бала чептин пайдубалынын түбүнө «Мени көмгүлө», -деп келиши, бечара баланын энесинин ыйлап, жалбарып баласын аман алып калууга кылган аракети, баланын энесинин сөзүнө болбой: «Мени элдин керегине жараса деп төрөбөдүң беле», -деп көмүүгө макул болушу – кандай таасир этти, сен бул абалды, бала менен эненин кылганын кандай кабыл алдың?!

***Жооп:*** Бул окуялар мага айрыкча таасир этти. Бала эр жүрөк бала экен. Эл-жерди коргоо үчүн өлүмгө баргысы келди. Энеси да акылман эне экен. Анын сөзү менин эсимден чыккыс болду. Анткени ал жалгыз баласын эл керегине жараса экен – деп төрөгөн да. Эми ал бечара баласы эл үчүн өлүмгө бара жатканын билип туруп, макул болду. Баланын бул кылганы – анык эр жүрөктүк. Энесинин сөзү – акылмандыктын үлгүсү. Мындай окуялар турмушта дайыма эле боло бербейт. Бул окуя – чындыгында укмуш окуя.

**2-суроо:** Баланын кылганын эр жүрөктүүлүк, апасынын кылганын – акылмандык деп бааладык. Асановго айрыкча таасир этиптир. Укмуш окуя деп баа берди. Үсөнов, сага суроо узаталы, бул окуядан сага эмне жакты? Сен бала менен анын энесине, алардын кылганына кандай баа бересиң? Бала өз эрки менен өлүмгө баратат, өз энеси өзүнүн уулун өлүмгө кыйып отурат? Ушул окуяларды баалап, баа берчи.

**Жооп:** Менин оюмча, ак сакал карыя дагы «Тирүү адамды көмсөңөр, чеп урагыс болот», -деп туура сынап айткан, бала эл-жерин коргоо үчүн өлүмгө барууга даяр экенин да, энеси жалгыз уулун өлүмгө баруусуна макул болгону да туура болгон. Булар эл-жерди коргоо үчүн ушундай кадамга барып жатышат. Мен буларды эң туура – деп эсептейм, оң баа берем жана жактайм. Анткени бала эр жүрөк, баатыр бала экендигин көрсөтүүдө, энесин да эр жүрөк, баатыр эне –деп баалайм. Турмушта мындайлар бар. Мисалы, Курманжан датка дагы эл-жерди сактап калуу үчүн өз уулуна: «Өлүмгө тике кара!» - деп айткан.

**3-суроо:** Жакшы. Эми Эсенов, сага кайрылайын. Менде мындай суроо туулуп олтурат. Бала эмне үчүн өлүмгө барууга туура келди? Баланын энеси эмне үчүн жалгыз уулун өлүмгө кыюуга аргасыз болду? Мындан башка жол жок беле? Мындан бүгүнкү күндүн жаштары жана тынчтык күндүн энелери кандай сабак алса болот? Бул чыгармадагы баланын ордунда силер болсоңор, кандай кылат элеңер? Дегеле, бул чыгарма эмнеге тарбиялайт?

**Жооп:** Мындагы окуя талаадан келип чыккан жок деп ойлойм. Бул кыргыздын өткөндөгү жоо-керчилик замандагы турмушун баяндайт. Өткөн турмушта кыргыздарга душмандар кол салып, кыргыздар баатырдык менен эл-жерин коргоп келишкен. Ошондой шартта эгер баатырдык менен эл-жерин коргобосо, душманга кул болууга, кыргынга учуроого туура келет. Ошол үчүн бала: эл бүтүндөй кырылганча, бир кишини чептин пайдубалына көмсө, чеп менен эл-жерин тосуп, эл аман калса: «Мен өлүмгө даярмын», – деп өлүмгө тике барды. Энеси да баласынын эл-жерди эр жүрөктүк менен коргоого барып жаткандыгы үчүн, жалгыз баласы ошондой эр жүрөк элдик киши болуп өскөндүгү үчүн, бир жан бакты, кара жанын сактаган качкын эмес, нагыз эл уулун өлүмгө кыюуга даап отурат.

Мен бул жомокту угуп, абдан таң калдым. Жаш балдар, энелер ушундай чоң ишке бара аларына ишендим. Ыракат алдым. Мен өзүм чоң сабак алдым.

**Мугалимдин жыйынтык сөзү:** Балдар, жоопторуңар мени ынандырды. Мындай бала менен энеден элибиз чоң сабак алса болот. Ошондуктан эгер бүгүн ошондой кырдаал кайталанса, ар бир уул дал ушул уламыштагы баладай болуп, өлүмгө тике кароо керек. Антпесек, өлкөбүздү жок кылып алабыз. Мен бул уламышты окугандан кийин өлкөбүз, анын тагдыры тууралуу оюм өзгөрдү. Анткени өлкөбүз азыр эгемендүүлүгүн сактап калуу зарылдыгынын алдында, кыйынчылык кезде жашап жатат. Ошондуктан бүгүнкү жаштар өз кара жанын гана эмес, элинин эртеңин, эгемен өлкөбүздүн тагдырын ойлообуз керек! Туурабы?

**Окуучуларга тапшырмалар:**

1. Уламыш тууралуу үйдөн дилбаян жазып келүү;
2. Уламыш тууралуу сүрөт тартуу, сүрөткө ат коюу;
3. Эмки сабакта «Мен чоңойгондо өлкөмдү коргоого кантип кызмат кылам?» деген темада диспут уюштуруу.

**4-деңгээл:**

**Чыгармачыл деңгээл**

Бул деңгээл кыргыз тилин өздөштүрүүдө **өзгөчө зиректигин көргөзгөн, таланттуу, өздүк чыгармачылыгы күчтүү окуучуларды** аныктоого жана алар менен иштөөгө арналат.

**Бул чыгармачылык деңгээлдеги суроо-тапшырмалардын мазмуну мындай болуп саналат, т.а.** калыптанган көндүмдөргө жана теориялык билимге таянып, эми өз алдынча проблеманы чечүү аркылуу чыгармачылык менен

изилдөө жүрөт. Окуучунун чыгармачылык менен өздөштүрүүсүнө багыт берет, чыгармачыл ишин уюштурушат.

Мисалы:

– ишмердик мамилесин текшерүү жана баалоо үчүн суроо-тапшырмалар;

– каармандын андан аркы тагдыры тууралуу ой жүгүртүүсүн билүүчү проблемалык суроо-тапшырмалар;

– предмет аралык байланышты ишке ашыруу боюнча суроо-тапшырмалар;

– чыгармачылык менен иштөө үчүн суроо-тапшырмалар;

– жеке көз карашын далилдөө үчүн суроо-тапшырмалар;

– жеке мамилесин билдирүү үчүн суроо-тапшырмалар.

**Бул мезгилде адабият сабагында төмөндөгүдөй иштер аткарылышы мүмкүн:**

– чыгармага, анын каарманына жеке пикирин, сын көз карашын билдирүү;

– чыгарманын эпизоддору боюнча элестетип, өз алдынча иллюстрация тартуу;

– каармандарын элестетип портреттерин тартуу;

– чыгарманын окуясын логикалык жактан улантып, өз алдынча улама дилбаян жазуу;

– чыгарманын сюжети, идеялык мазмунун жана анын авторунун жалпы чыгармачылыгы тууралуу тесттик тапшырмаларды түзүү;

- чыгарманын авторунун башка чыгармаларын иликтөө жана окуп-үйрөнгөн башка чыгарма менен салыштыруу;

- чыгарма боюнча талкуунун суроолорун түзүп, класста талкуу уюштуруу;

– чыгарма боюнча диспут уюштуруу;

– чыгарманын мазмуну, сюжети боюнча викторинанын суроолорун түзүү жана аны класста өткөрүү;

– чыгарма боюнча конференция өткөрүү;

- чыгарманын автору менен жолугушуу уюштуруу;

– чыгарманын авторунун сабагын уюштуруу;

– чыгарманын эпизоду боюнча ролдорду аткарып, сценка көрсөтүү;

– чыгармага баа берип, ал тууралуу пикир, рецензия жазуу;

– чыгарманын сюжетин поэмага айлантуу;

– чыгарма тууралуу чакан дилбаян жазуу;

– чыгарманын тилин изилдөө;

– чыгарманын сюжети, мазмуну тууралуу кластер, синквейн, таяныч чиймелерди түзүү;

– чыгарма боюнча реферат жазуу;

– чыгармага аннотация жазуу;

– чыгармага жараша музыкалуу кече уюштуруу;

Албетте, бул айтылган ойлордун, иш-аракеттердин бүткүл жыйынтыгы – сабакта окуучунун жетишкендиктерин объективдүү баалоого алып барат.

**Чыгармачылык деңгээлге Кыргыз тили сабагынан бир мисал келтирели.**

**Изилдөө: «Алты бакан» сөзүнүн мааниси**

**Алты бакан** деген сөз кайдан келди экен? Албетте, биз бул сөздү айтканда анын селкинчек экенин түшүнөбүз. Ошентсе да анын «алты бакан» деп аталып калышынын себеби бар болуу керек да, чынбы?

Бул үчүн сөздүн маанисин изилдеп үйрөтүүчү этимологиялык сөздүктү пайдаланып, жогорудагы сөздүн маанисин чечмелеп үйрөнүүгө окуучуларды көнүктүрөбүз.

Илгертен ата-бабаларыбыз майрамдарында, тойлорунда кыздар менен жигиттердин селкинчек оюнун курушчу. Оюнда жерге эки түркүк орнотуп, алардын баштарын бириктирген узун жыгачты байлап, ага селкинчек жасашчу. Балдар-кыздар селкинчек тепкенде тияк-бияккa термелип жыгылып кетпесин үчүн, эки башынын эки жагынан дагы да экиден баканды тиреп бекем бекитишчү экен. Мына эки жагынан үчтөн алты бакандан салынган селкинчек **алты бакан** болуп калбай эмне болмок? Түшүнүп калдыңарбы?

**2-мисал:** «Кош келиңиздер!» сөзүн ким кандай түшүнөт.

Дайыма биз мейман тоскондо: «Жакшы келдиңиздерби?» же «Кош келиңиздер!» – деп тосуп алабыз. Анын үстүнө, мектептерде же бала бакчалардын эшик алдында да бардык жерде: «**Кош келиңиздер!»,** кээде **«Куш келиңиздер!»** деп жазылып турат. Албетте, ал экөө тең «Жакшы келиңиздер!» деген маанини туюнтат.

Сөздүктү пайдалануу менен мындагы «куш» деген иран сөзү «жакшы» дегенди билдирерин табабыз. Ушул сөздөн улам: «кушубак кечиңиздер менен!», «көңүлү куш», же «куш кабар» деген сөздөр жаралган. Алар «көңүлдүү кечиңиздер менен!», «көңүлү ачык» жана «жакшы кабар» деген маанини билдирерин аныктайбыз.

**Окуучу деңгээлин өзү аныктайт!**

Адегенде, окуучуну деңгээлдерге мугалим бөлбөйт. Ар бир окуучу кыргыз тили жана адабияты предметин өздөштүрүү деңгээлин өзү аныктайт. Кантип? Деңгээлдик негизде түзүлгөн тапшырмаларды класстагы окуучуларга, кезеги менен, т.а. адегенде, биринчи деңгээлде, андан соң экинчи, анан үчүнчү деңгээлдеги, соңунда төртүнчү деңгээлдеги тапшырмаларды берет. Окуучулар деңгээлдер боюнча кезеги менен иштешет. Мында мугалим деңгээлдик тапшырмалардын жөнөкөйдөн татаалды көздөй кеткен багыттагы баалоо системасы боюнча окуучулардын жоопторун текшерип, баалайт.

Окуучулардын билим деңгээлдерин баалоодо атайын критерий жана ага жараша баалоо бирдиктери пайдаланылат. Ар бир деңгээлден алынган өздөштүрүүнүн жыйынтыгына жараша окуучулардын билиминин сандык жана сапаттык анализинен улам – ар бир окуучу өз деңгээлинин абалын өзү аныктайт.

Мындай технологиянын артыкчылыгы – анын психологиялык жагы. Анткени мугалим окуучунун компетенттүүлүгүнүн деңгээлин окуучулардын алдында төмөнкү баа менен баалап, уяткарып отуруу ыңгайсыздыкты жаратары белгилүү. Ошондуктан өз билими аркылуу өзүнүн деңгээлин аныктаган окуучу өз билимин мындан ары өркүндөтүүгө аракеттенүүсүн арттырат.

Демек, ар бир деңгээлдеги өздөштүрүүсүнүн абалына жараша класстагы канча бала кыргыз тилин жана адабиятын өздөштүрүү деңгээлинде турары аныкталат жана мындан аркы аткарылуучу иштин багыттары аныкталат.

**Деңгээлдеп окутууга карата суроолор кандай болот?**

**Кыргыз адабиятынан:**

**Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалим» повести боюнча**:

1. (1-деңгээл: маалымат) «Мен начар мугалиммин. Бирок менден башка мугалим жок да…» (суроо: Кайсы жазуучунун чыгармасындагы каармандын сөзүнөн алынды?)
2. (2-деңгээл: колдонуу) Дүйшөн эмне үчүн: «Мен начар мугалиммин. Бирок менден башка мугалим жок да…» деп айтты? Ошол эпизодду чыгарманын мисалында талда.
3. (3-деңгээл: пролема) Дүйшөндүн тилегин караңгы айыл эли түшүнгөн жок. Ал тургай, аны өлтүрүп коё жаздашты. Ал эски сарайдын бир бурчун оңдоп, мектеп салды. Автор муну менен эмнени тайтып отурат?
4. (4-деңгээл: чыгармачылык) «Кыргыз баласынын өмүрүнө караңгыда жарык чачкан шам» (Дүйшөндүн образын чагылдырып, портреттик дилбаян жазуу)

**Ч.Айтматовдун «Саманчы жолу» повести боюнча**:

1. (1-деңгээл: маалымат) «Эй, куубаш, баарын жуттуң эле. Эми бизди жут…!» -деп Ч.Айтматовдун кайсы чыгармасында кайсы каарман кимге айткан?
2. (2-деңгээл: колдонуу) «Саманчы жолу» повестинде уурулар Толгонайга: «Эй, куубаш, баарын жуттуң эле. Эми бизди

жут…!» -деп качан жана эмне үчүн айтты? Чыгарманын мисалында ошол эпизодду түшүндүр.

3. (3-деңгээл: проблема) «Саманчы жолу» повестинде уурулар Толгонайга эмне үчүн : «Эй, куубаш, баарын жуттуң эле. Эми бизди жут…!» -деп айтты. Эмне, Толгонайды чын эле «куу баш» деп ойлойсуңарбы?
4. (4-тема: чыгармачылык) «О, Толгонай, сен адамсың. Сен айткын!» (Адам жана согуш темасында эссе жазуу)

**Т.Касымбековдун «Адам болгум келет» повести боюнча:**

1. (1-деңгээл: маалымат) Шаарга барып окууга өтпөй калып, максатына жетпей, айылда убактысын бекер өткөрүп көнгөн Асылбек кайсы жазуучунун кандай аталыштагы чыгармасынын каарманы?

2. (2-деңгээл: колдонуу) Атасы намыстанып, Асылбекке эмне деген сөздөрдү көп айтчу эле? Эмне себептен?

3. (3-деңгээл: проблема) «Асылбек «Адам болгум келет?» деген сөзүнө турдубу? Ал үчүн Асылбек мындан ары эмне кылат деп ойлойсуңар?

4. (4-тема: чыгармачылык) «Асылбек алдына койгон максатына канткенде жетет?» деген темада Асылбектин кийинки тагдыры тууралуу улама-дилбаян жазуу.

**Кыргыз тилинен: байланыштуу кеп**

1.(1-деңгээл: маалымат) Табиятты, адам келбетинин көрүнүшүн сүрөттөө кептин түрлөрүнүн кайсынысына тиешелүү?

2.(2-деңгээл: колдонуу) Сүрөттөө кеби колдонулган тилдик каражаттарына караганда сөз түркүмүнүн кайсы түрү менен байланышат? Мисал менен түшүндүр.

3. (3-деңгээл: проблема) Көркөм чыгармаларда табиятты сүрөттөө кандай максатта болушу жана ал кандай максаттарда өзгөрүшү мүмкүн?

4. (4-деңгээл: чыгармачылык) «Биздин айылдын көрүнүшү» деген темада чакан дилбаян жазып, андагы сүрөттөөнүн көрүнүшүн сын атооч сөз түркүмү менен байланышта талдап түшүндүрүү.

**Кыргыз тилинен: Этиш сөз түркүмү:**

1. .(1-деңгээл: маалымат) Сүйлөмдөн заттын кыймылын жана ал-абалын түшүндүргөн сөздөрдү белгиле.
2. .(2-деңгээл: колдонуу) «Укту» жана «сүйүндү» деген сөздөр этиш сөздөрүнүн кайсы мааниlerин билдирерин мисалдар менен далилде.
3. (3-деңгээл: проблема) «Сүйүндү», «кубанды», «жарпы жазылды» деген сөздөр кыймыл-аракетти билдирбейт. Бирок алар этиш сөздөрү. Эмне үчүн?
4. (3-деңгээл: проблема) Этиштин окшош (синонимдик) жана каршы (антонимдик) маанилери катышкан ырлардан, аңгемелерден жана жомоктордон үзүндүлөрдөн таап, талдап чакан реферат жазуу.

**Деңгээлдик баалоо кандайча ишке ашат?**

Деңгээлдик билим берүүдө баа коюлбайт, баланын билими балл коюу менен ишке ашырылат. Анткени деңгээлдер балл менен аныкталат. Ошону менен бирге, ар бир деңгээл өз алдынча дагы ич ара майда деңгээлдер менен мүнөздөлөт, т.а. төмөнкү деңгээл, орто деңгээл жана жогорку деңгээл.

Бул деңгээлдик таншырмалар менен кыргыз тили жана адабияты программасындагы чоң-чоң темалар же главалар өтүлгөндө иш жүргүзүлөт. Суроо-тапшырмалар, тесттер ошол главалардагы окуу материалдарынын мазмунун камтып түзүлөт. Жооптор жазуу же тест түрүндө алынат. Алар деңгээлдерге жана анын ичиндеги топтордун деңгээлдерине жараша талданып, баллы чыгарылат.

Мисалы, Биринчи, маалыматтык билим деңгээлин камтыган 15 суроо үч топко бөлүнөт. Биринчи 5 суроону камтыган топ-төмөнкү, 1-10

суроону камтыган топ –ортоңку, ал эми бардык 15 суроону камтыган топ – жогорку деңгээл болуп мүнөздөлөт. Демек, окуучунун маалыматтык билими да ошол жоопторуна жараша балл коюлуу менен аныкталат.

Алсак,15 суроого туура жооп берген окуучу биринчи деңгээлден экинчи деңгээлге көтөрүлөт. Эгер андай болбой, 5 суроого гана туура жооп берсе, ал окуучу биринчи деңгээлдин биринчи тобуна кирет, 1-10 суроого гана туура жооп берсе, ортоңку топко жана 15 суроого туура, так жооп берсе, ал окуучу биринчи деңээлдин жогорку тобуна кирет. Башка деңгээлдер дагы ошондой мүнөздөлөт.

Ушул жерден мындайча суроо туулушу толук ыктымал: Окуучунун деңгээлдик билими чоң-чоң главалардан кийин гана аныкталса, а күндөлүк сабакта кантип иш жүрөт?

Ал учурда окуучунун билимди өздөштүрүүсү мындайча бааланат жана эсепке алынат:

1)мугалим ар бир сабагында жаңы теманы жогорудагы төрт деңгээлди эске алып түшүндүрөт, т.а. жаңы маалыматты берет, аны практикада кантип колдонуу жолун көрсөтөт, проблемалуу суроо коюп, аны чечип түшүндүрөт жана чыгармачылыкка багыт берет;

2) жаңы сабакты бышыктоодо аны төрт багытта жүргүзөт, т.а. маалыматтык бышыктоо, колдонуп бышыктоо, проблеманы чечип бышыктоо жана чыгармачыл бышыктоо багыттарында;

3) үйгө тапшырма берүүдө дагы окуучуну төрт багытта ой жүгүртүп өз алдынча иштөөгө багыттайт, кезектеги аткарылуучу иш-аракет үй тапшырмасы катары берилбейт; бул иш-аракет баланын өз алдынча тажрыйба топтоосун калыптандырат;

4) өтүлгөн теманы кайталоодо да ушул төрт багыттагы суроо-жооп иштери жүрөт жана ошол багыттар боюнча градацияланып бааланат; ал төрт багыт окуучунун өздөштүрүүсүн формативдик негизде баалоонун критерийлери катары кызмат кылат.

**Деңгээлдик ыкманын максаты эмнеде?**

Мындагы максат- окуучулардын билим деңгээлин татыктуу (реалдуу, обьективдүү) аныктоо гана эмес, ошого жараша дифференцирлеп окутуу да эмес, окуучунун билимин деңгээлден деңгээлге көтөрүү болмокчу. Ар бир деңгээлдин, жогоруда айткандай, ички топторуна жараша бала өз деңээлин билет да, эми андан өйдө, улам жогорку тобуна көтөрүлүүгө аракет жасайт, балдарга ошого жараша стимул түзүлөт. Коюлган балл менен гана аларды чектеп коюлбайт, улам жогорку деңгээлге көтөрүлүү жолу көрсөтүлөт, бул– башкы көңүлдө турат.

Ошондо төрт деңгээлдин баарын басып өтүп, чыгармачыл деңгээлге жеткен окуучунун жалпы баллы- 12 балл болот. Демек, бул баланын билиминин 12 балл менен бааланганын түшүндүрөт. Мындай балл окуучунун билим беңгээлине жараша реалдуу баалоого жакындап барат –деген ишенимимди билдиргим келет.

Бирок бул жерде чыгармачыл деңгээлдин окуучуларынын дилбаяндарын кандай баалоо керектиги эске түшөт. Анда, 3 талап: сабаттуулугу, теманы ача билүүсү жана стили айрыкча эске алынат. Мында сабаттуулугунан ката кетирүүсү –төмөнкү топ, теманы ачуу деңгээли-ортоңку топ, ал эми стили мыкты болуусу- жогорку топ катары бааланат.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И.Б.Инсанга багыттап билим берүүнүн теориялык жана практикалык негиздери», Б.,2017., 56-б.
2. Хуторской А.В., Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированного образования // Народное образование. – 2003. — №2. – С.58-64.

3. Педагогика школы. – Москва: Просвещение, 1980. –78-б.
4. Мамбетакунов Э.М.,Таалим-тарбия процесси: теория, технология, практика, Б., 2017, 40-б.
5. Чыманов Ж.А.,Кыргыз тилин окутуунун методологиясы, Б.**,**
6. Акматов К, Бабаев Д., Кимсанов К., Педагогика, Б., 2019, 192-б.
7. Кыргыз тилинин окутуунун предметтик стандарты, КББАнын Окумуштуулар кеңеши бекиткен, Б., 2014
8. Үсөналиев С., Кыргыз тилинин морфологиясы окутуунун методикасы, Ф., 1982.
9. Өмүралиев Б., Кыргыз тилинин систаксисин окутуунун методикасы, 1999.
10. Рысбаев С.К.,«Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш», Б., 2016, 41-42-б.б.
11. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын 8 томдугу, Б., 2018-ж
12. Т.Касыбеков, Чыгармаларынын 8 томдугу, Б., 2006-ж.


**Рецензент** - Ж.А.Чыманов, п.и.д., профессор

**Оторбаев Б. К.**

*Ж.Баласагын атындагы КУУнун доценти*

**ОКУТУУНУН КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮ**

**Оторбаев Б. К.**

*доцент КНУ им. Ж.Баласагына*

**СРЕДСТВА ОБУЧЕНИЯ И ЕГО ВИДЫ**

**B. K. Otorbaev**

*Associate professor of KNU named after J. Balasagyn*

**TRAINING TOOLS AND TYPES**

**Аннотация:** Макалада окутуунун каражаттары жана анын түрлөрү, кыргыз адабиятын мектепте окутуунун техникалык каражаттары, адабият сабагындагы көрсөтмөлүүлүк, анын түрлөрү тууралуу кеп болот.

**Түйүндүү сөздөр:** окутуунун каражаттары, окутуунун идеалдык каражаттары, окутуунун материалдык каражаттары, гипертекст, гипермедиа системалары, интернет, мультимедиа-технологиясы.

**Аннотация:** В данной статье речь идет о средствах и видах обучения, технических средствах обучения кыргызской литературе в школе, наглядности по предмету литературы, ее видах.

**Ключевые слова:** средства обучения, идеальные средства обучения, материальные средства обучения, гипертекст, системы гипермедиа, интернет, мультимедиа-технологии.

**Resume:** This article deals with the means and types of education, technical means of teaching Kyrgyz literature at school, clarity on the subject of literature, its types.

**Key words:** learning tools, ideal learning tools, material learning tools, hypertext, hypermedia systems, the Internet, multimedia technologies.

**1. Окутуунун каражаттары жана анын түрлөрү. Адабиятты - кыргыз адабиятын мектепте окутуунун техникалык каражаттары. Адабият сабагындагы көрсөтмөлүүлүк, анын түрлөрү.**

Окутуунун каражаттары мугалимдин - адабият мугалиминин жандуу сөзү менен катар эле мектептеги билим берүүчүлүк процесстин маанилүү курамдык бөлүгү болуп эсептелинет. Ал эми окутуунун каражаттары өз кезегинде билим берүүчүлүк процесстин башка бардык курамдык бөлүктөрүнө - максаттарына, мазмунуна, формаларына жана усулдарына олуттуу таасирин тийгизишет. Демек, сабактын, биздин мисалыбызда кыргыз адабияты сабагынын ийгиликтүү болушу басымдуу учурларда мугалимдин окутуу каражатттарын туура тандап алып, орду менен, ийкемдүү колдоно билүү чеберчилигине байланыштуу.

**Окутуунун каражаттары** - бул адам тарабынан, ошондой эле табигый жаратылыш тарабынан түзүлүп, билим берүүчүлүк процессте окуу маалыматтарын алып жүрүүчүлөр катары колдонулуучу, мугалимдин жана окуучулардын сабак

маалында алдыга коюлган максаттарга жетишүүлөрү үчүн зарыл аспаптар, нерсе-заттар. Дагы тактасак, **окутуунун каражаттары** - бул жалпы орто билим берүүчү мектептеги кайсы бир окуу предметин, мисалы, кыргыз адабиятын окутууда керектелчү нерселердин, аспап-жабдуулардын жыйындысы, булар өз ичине окуу маалыматтарын камтыйт жана мектеп окуучуларында тийиштүү окуу предметинен - кыргыз адабияты предметинен тереңдетип билим алууга карата билгичтиктерди, көндүмдөрдү түзүп калыптандырууга өбөлгө болушат. Жыйынтыктасак, **окутуунун каражаттары** - бул тийиштүү окуу куралдарынын, көрсөтмө окуу буюм-заттарынын жана окутуу процессинде керектелүүчү техникалык каражаттардын жыйындысы, булардын жардамы менен окутуу иши кыйла натыйжалуу жүзөгө ашырылат.

Негизи, окутуунун каражаттары эки топко бөлүштүрүлүп каралат:

а) окутуунун маалымат булагы катары каражаттары;

б) окутуунун окуу материалын өздөштүрүүнүн аспабы катары каражаттары.

Жалпы кабылданган заманбап типтештирүү адабиятты - **кыргыз адабиятын окутуунун каражаттарын** төмөндөгүдөй түрлөргө ажырымдайт:

- басма түрүндө (окуу китептери жана окуу куралдары, окууга сунушталчу китептер, окуулук-хрестоматиялар, жумушчу дептерлер, таратып берчү материалдар ж.б.);
- электрондук билим берүүчүлүк ресурстар (басымдуу билим берүүчүлүк мультмедиа деп аталчу мультимедиалык окуу китептери, тармактык билим берүүчүлүк ресурстар, мультимедиалык универсалдык энциклопедиялар ж.б.);
- атайын көрсөтүлүүчү (стенддер, сүрөт топтомдору, портреттер, сүрөт полотнолору);
- аудиовизуалдык (слайддар, слайд-фильмдер, билим берүүчүлүк көрмө фильмдер, окуу кинофильмдери, санариптик алып жүрүүчүлөрдөгү окуу фильмдери);
- тегиздиктүү көрсөтмөлүүлөр (плакаттар, дубалга илинчү карталар, дубалга илинчү көрсөтмө куралдар, магниттик такталар, интерактивдүү тактал ар).

Ошондой эле окутуунун каражаттарын типтештирүүгө карата профессор П.И.Пидкасистыйдын (1926-2013) да өз алдынчалуу мамилеси бар. Атап айтканда, ал окутуунун каражаттарын **идеалдык** жана **материалдык**деп экиге бөлүп карайт.

**Окутуунун идеалдык каражаттары** - булар окуу предмети боюнча буга чейин өздөштүрүлгөн билимдер жана билгичтиктер мисал адабият мугалими жана окуучулар тарабынан жаңы билимдерди өздөштүрүүдө керектелинет. Мында окутуунун идеалдык каражаттары эсебинде белгилик тилдердин жалпы кабылданган системасы (кеп), жазуу (жазуу кеби), тийиштүү илимдин шарттуу белгилөөлөрүнүн системасы, окуу-компьютердик программалар, окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун усулдары жана формалары, окутууга карата талаптардын системалары келишет.

**Окутуунун материалдык каражаттары** - булар окутууда керектелүүчү буюм-заттар, нерселер, буларды мектептеги кыргыз адабияты мугалими жана окуучулар окуу предметин тереңдетип өздөштүрүү сабактарында колдонушат. Окутуунун материалдык каражаттарына окуу китептери, окуу колдонмолору, дидактикалык материалдар, тесттик материалдар, көрсөтмөлүү каражаттар, окутуунун техникалык каражаттары киргизилет.

Байкалып тургандай, мында окутуунун материалдык каражаттары басымдуу көрсөтмө куралдар эсебинде. Ал эми көрсөтмө куралдар төмөндөгүдөй эки топко бөлүнүп классификацияланышат:

1) басма түрүндөгү каражаттар (картиналар, портреттер, сүрөт альбомдору, плакаттар, таблицалар, окуулуктар жана окуу китептери, таратып берилчү материалдар);
2) чагылдырып көрсөтүлүүчү материалдар (кинофильмдер, көрмө фильмдер, слайддар ж.б.).

Эми окутуунун техникалык каражаттарына келсек, **ОТК** - бул маалыматты алып чыгуу жана оптималдаштыруу максатында окутуу процессинде колдонулуучу техникалык жабдуулардын жыйындысы. Окутуунун техникалык каражаттары эки түшүнүктү: техникалык жабдууларды жана окутуунун дидактикалык каражаттарын (маалыматты алып жүрүүчүлөрдү) өз ара бириктирип турат, маалыматтар аталган жабдуулардын жардамы менен алып чыгылат. Окутуунун техникалык каражаттары программалык материалдын окуучулар тарабынан кыйла натыйжалуу кабылданышына, анын өздөштүрүлүш дэңгээлин текшерип-көзөмөлдөөгө, алынган билимдерди колдонуунун билгичтикеринин жана практикалык көндүмдөрүнүн иштелип чыгуусуна, ошондой эле окутуунун жүрүшүндө аткарылышы кыйын процесстердин жеңилдетилишине өбөлгө түзөт. Окутуунун техникалык каражаттарынын мүмкүнчүлүктөрү маалыматтын кыйла чоң көлөмүн алып чыгууга жол берет, муну менен ал мугалимдин - кыргыз адабияты мугалиминин убактысын үнөмдөп, анын окутуучулук эмгегинин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатат.

Дайындалышынан жана колдонулуш максаттарынан көз карандылыкта ОТКны төмөндөгүдөй кылып ажырымдашат: а) окуу маалыматын берүүнүн техникалык каражаттары; б) билимдерди көзөмөлдөп-текшерүүнүн техникалык каражаттары; в) өз алдынча билим алуунун техникалык каражаттары; г) көмөкчү техникалык каражаттар. ОТКнын бул аталган топтомдорунун ар бири аракетте болуу жана түзүлүү принциптери боюнча айырмалануучу техникалык каражаттардын бир канча түрлөрүн ичтерине камтышат. Карайлы:

- **Окуу маалыматын берүүнүн техникалык каражаттары** - булар окуу предметинин, биздин мисалыбызда кыргыз адабияты предметинин материалынын мазмунун ачууга мүмкүндүк берүүчү түзүлүштөр. Алар кеңири жана максаттык дайындалыштарда болуштары ыктымал. Кеңири дайындалыштагы окуу маалыматын берүүнүн техникалык каражаттарына экрандык (чагылдырып көргөзүүчү) аппаратура (диапроекторлор, кинопроекторлор, графо-проекторлор, видеопроекторлор) жана үндүк аппаратура (магнитофондор, музыкалык борборлор, компакт-дисктин ойноткучтары жана кепти күчөтүп уктургучтар, үн колонкалары) киргизилет. Кеңири дайындалыштагы окуу маалыматын берүүнүн техникалык каражаттары көрмө маалыматты кандай болсо, так эле ошондой үндүк маалыматты да берүүчү бириктирилген типтеги аппаратура да (кинопроекторлор, киноаппаратуралар, телевизорлор, көрмө магнитофондор, персоналдык компьютерлер ж.б.) болушу мүмкүн.
- **Билимдерди көзөмөлдөп-текшерүүнүн техникалык каражаттары** - булар ушундай түзүлүштөр, булардын жардамы менен берилген маалыматты, тактап айтсак, окуучулардын өздөштүрүү деңгээли тууралуу маалыматты тездик менен алууга болот. Буларга окуучулардын билимдерин демейки көзөмөлдөп-текшерүүнү жүргүзүүдө колдонулуучу билеттер, тесттер, ар кыл түрдүү атайын компьютердик

программалар киргизилет. Билимдерди көзөмөлдөп-текшерүүнүн техникалык каражаттары жекече кандай болсо, так эле ошондой жамааттык (окуу тобунда же бүткүл курста) колдонуу үчүн дайындалышы ыктымал.

- **Өз алдынча билим алуунун техникалык каражаттары** - булар ушундай окутуу системалары, буларда, биринчиден, техникалык түзүлүштөрдө камтылган белгилүү бир программалар боюнча окуп жаткандарга деп окуу маалыматтары берилет, экинчиден, билимдерди өздөштүрүүсүн өзү көзөмөлдөп-текшерүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Мындай программалар окуу материалын чакан үлүштөр түрүндө беришет, булардын ар биринен кийин көзөмөлдөп-текшерүүчү суроолор келтирилет. Материалды өздөштүрүү ылдамдыгы мектеп окуучусунун жекече мүмкүнчүлүктөрүнөн, керектөөлөрүнөн жана жөндөмдүүлүктөрүнөн көз каранды.
- **Көмөкчү техникалык каражаттар** - булар аткарылышы кыйын процесстерди оңойлотуучу, окуу убактысын үнөмдөөчү түзүлүштөр, атап айтканда: интерактивдүү такталар, ОТК комплекстерин аралыктан башкаруунун түзүлүштөрү, оргтехника түзүлүштөрү, электрондук почто, электрондук конференциялар, Интернеттин маалыматтык ресурстары, мультмедия системалары ж.б.

Адатта көркөм адабият анык болууну жандуу картиналарда, образдарда чагылдырып, өзүнүн ички маңызы боюнча да анык болуунун көрсөтмөлүү сүрөттөлүшү болуп эсептелинет. Бирок анткен менен айрым учурларда адабият сабагы маалында искусствонун көркөм сүрөт, музыка, кино, теле көрсөтүү сыяктуу түрлөрү адабий текстти өздөштүрүүгө бир топ эле жардам бере алышат, ошондой эле ар кыл түрдүү графикалык материалдарды окутуунун көрсөтмөлүү каражаттары деп атоо небактан кабылданып калганы да баарыга жакшы белгилүү.

Адабият сабагындагы көрсөтмөлүүлүк дегенде баарыдан мурда көркөм адабият тууралуу билимдерди конкреттештирүү жана байытуу каражаттары көңүлгө алынат, булар анын тексттеринен тышкарыда жайгашкан болот жана да басымдуу учурларда же образдуу, же документалдуу, башкача айтканда, көркөм сүрөт өнөрүнүн чыгармасы, ошондой эле компакт-дисктеги жазуулар, кинокадрлар, фото сүрөттөр ж.б. мүнөзүндө болот. Түздөн-түз көрсөтмөлүүлүккө адабий туундуда чагылдырылган доордун көрүнүшүн тартып берүүгө көмөктөшүүчү предметтер киргизилет. Бирок бул алардын чыгармага тарыхый түшүндүрмө милдетин аткарууга жөндөмдүү картиналардагы чагылдырылыштары болушу да ыктымал. Түздөн-түз көрсөтмөлүүлүккө ошондой эле чыгарманын окуяларын чагылдырган сүрөттөрдү, фото сүрөттөрдү, жазуучулардын жана акындардын портреттерин, адабий туундунун каармандарынын жана эпизоддорунун сүрөттөлүштөрүн, үйрөнүлүп жаткан доор-мезгилде жашаган адамдардын күбөлөндүрүүлөрүн, музейлик фонддордун жарыялаган материалдарын ж.б. киргизишет.

Ар кыл түрдүү көрсөтмөлүү каражаттар пайдаланылган сабактардын, албетте, натыйжасы жогору болот. Бирок көрсөтмөлүүлүккө кайрылуу негизги максат эмес, мындагы башкы максат - окуу процессине көрсөтмөлүү жардамчыларды жигердүүлүк менен жана сарамжалдуу киргизүү.

Көрсөтмөлүүлүк өзү төрт башка түрлөргө ажырымдалат:

**Көркөм сөздүк көрсөтмөлүүлүк** - мугалимдин сөзү, компакт-дискке жазылгандарды уктуруу, көркөм жана чыгармачылык менен окуу же түшүнгөнүн кайрадан баяндоо.

**Предметтик көрсөтмөлүүлүк** китеп көргөзмөлөрү, сюжетти чагылдырган сүрөттөр, портреттер, фото сүрөттөр, бедиздик тулкулар, макеттер ж.б. түрүндө колдонулат.

**Графикалык көрсөтмөлүүлүк** - таблицалар, схемалар, диаграммалар, сабакка коюлган эпиграф.

**Синтетикалык көрсөтмөлүүлүк** өзүнө көрүү жана угуу көрсөтмөлүүлүгүн: кинофрагменттерди, инсценировкаларды, мультимедиалык түзүлүштү же интерактивдүү тактаны колдонууну бириктирет.

Ошондой эле адабият сабагындагы көрсөтмөлүүлүктү түрлөргө төмөндөгүдөй кылып да классификациялап жүрүшөт: **1) көрүү көрсөтмөлүүлүгү, 2) угуу көрсөтмөлүүлүгү, 3) көрүү-угуу көрсөтмөлүүлүгү**. Адабият - кыргыз адабияты сабагындагы көрсөтмөлүүлүктүн башкы, негизги милдети болуп мектеп окуучуларына адабий туундунун, дегеле калемгердин бүткүл чыгармачылыгын тереңден аңдап билүүгө, теориялык-адабий билимдерге ээ болууга, оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүүгө, кыскасы, адабият мугалиминин алдына коюлган бардык милдеттерди чечүүгө көмөктөшүү эсептелинет. Заманбап кыргыз адабияты мугалими көрсөтмөлүүлүктүн эң эле ар кыл түрдүү каражаттарына ээлик кылат: иллюстративдик-көркөм жана графикалык материалдар, компакт-дисктеги жазуулар жана радио-телеберүүлөр ж.б., бул каражаттардын ар бири өз-өздөрүнчө көрсөтмөлүүлүктүн белгилүү бир түрүнө: **көрүү, угуу** же **көрүү-угууга** тийиштүү болушат.

**Көрүү көрсөтмөлүүлүгү** адабиятты - кыргыз адабиятын мектепте окутууда чоң мааниге ээ. Адабият предметин үйрөнүү маалында көрүү көрсөтмөлүүлүгү таянычынын ролун акын-жазуучулардын портреттеринин репродукциялары, чыгармага карата сүрөттөр, тектик мүнөздөгү картиналар, калемгердин өмүрү менен байланыштуу аймактардын фото сүрөттөрү, китептердин каармандарынын бедиздик тулкулары, макеттер ж.б. аткара алышат.

Альбомдордо көркөм сүрөттүк эле эмес, ошондой эле документалдык материал - сүрөткердин өзүнүн гана эмес, анын замандаштарынын жана ишин улантуучуларынын жазып калтырган пикирлери, каттардын фрагменттери ж.б. келтирилет. Көркөм сүрөттүк жана документалдык материалдардын мындайча айкалышуусу альбомдорду сабак маалында, жамааттык иште кандай болсо, так эле ошондой өз алдынчалуу жекече тапшырмаларда да колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Өзүнүн педагогикалык багытталышы боюнча иллюстративдик-көркөм көрсөтмөлүүлүккө статикалык экрандык каражаттар - диафильмдер жана диапозитивдер жакын. Диафильмдер обзордук-биографиялык мүнөздү алып жүрүшөт же айрым бир адабий туундуга арналган болот. Иллюстративдик-көркөм көрсөтмөлүүлүктөр калемгердин жана ага жакын адамдардын портреттерин, документалдык материалдарды, тарыхый-тиричиликтик мүнөздөгү картиналарды, ошондой эле анын негиздүү чыгармаларына карата иллюстрацияларды ичине камтыйт.

**Угуу көрсөтмөлүүлүгү.** Калемгер тарабынан түзүлгөн үндүк образды туюп жана баалай билүү - адабий туундуну, бөтөнчө поэтикалыкты толук кандуу кабылдай алуунун зарыл шарты. Ушундайда мугалимге угуу көрсөтмөлүүлүгү жардамга келе алат.

Музыка жана көркөм окуу мектепте кыргыз адабиятын окутуу процессин жигерлештирүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачып берет. Тийиштүү компакт-диск так ушул адабият сабагы үчүн зарылдын зарылы болгон учурлар кездешет. Мисалы, жомокту же эпосту жөн эле окуп койбой, айтуучунун аткаруусунда угуу керек. Ошол эле маалда компакт-дисктеги жазуу «экинчилик» көрсөтмөлүүлүк экенин унутуп койгондо болбойт. Ооба, техникалык каражаттардагы аткарылыш бир далай

артыкчылыктарга ээ экени (баарыдан мурда артисттик аткаруу чеберчилиги) анык, бирок баары бир мугалимдин көзмө-көз туруп, жандуу окуп бергенине жетпейт. Актердук окуу окуучуга көп нерсени ачышы мүмкүн, бирок эгер ал мугалимдин жана окуучунун көркөм окуусун сүрүп чыгара турган болсо, анда мындай көрүнүш акылга көп деле сыя бербейт. Андыктан угуу көрсөтмөлүүлүгүн колдонууда мугалимдин жана окуучунун өздөрүнүн текстти көркөм окуулары такыр эле унутулуп, четке сүрүлүп калбаганы ылайык.

**Көрсөтмөлүүлүктүн көрүү-угуу каражаттары.** Кино жана теле-көрсөтүү өзүнө көрүү жана угуу көрсөтмөлүүлүктөрүн кошуп бириктирет, мезгил жана мейкиндик аралыгындагы окуяларды чагылдырышат жана да сыртынан бири-бирине окшош образдардын аныктыгын түзүп беришет. Телекөрсөтүүнүн жана кинонун бай мүмкүнчүлүктөрү аларды предметти окутуу максаттарында өзгөчө келечектүү кылышат. Бирок алардын, бөтөнчө телекоюулардын татаалдыгы дароо эле анын оорчулугун күчөтөт. Ооба, булардын мазмунун, көргөзүлүү убактысын жана уланыш узактыгын мугалим жөнгө сала албайт. Мындай кыйчалыш тенденция мугалимдин алдында техникалык каражаттарды колдонуу менен сабактарды өткөнүндө келип чыгат.

Заманбап кыргыз адабияты мугалиминин колунда бир катар окуу фильмдеринин болушу толук ыктымал. Бул документалдуу фильмдер көбүнчөсү жетиштүү бай иллюстративдик материалды - акын-жазуучулардын жана алардын замандаштарынын портреттерин, каттардын фрагменттерин, калемгерлердин өздөрү тартылган хроникалдык кадрларды (мисалы, А.Токомбаевдин, А.Осмоновдун, Ч.Айтматовдун) камтып, биографиялык жана обзордук мүнөздө болушат. Адатта бул фильмдердин өтө эле узактыгынан улам колдонууга ыңгайсыздыгын айтып сындашат. Андыктан аларды толугу менен эмес, фрагменттүү, мисалы, хроникалдуу кадрларды же акын-жазуучулардын сейрек кездешчү портреттерин гана көрсөтүү максатка ылайыктуу.

Окуу фильмдеринин башка бир түрү - эсте калардык аймактар боюнча киноэкскурсиялар. Экран кандайдыр окуучуларды Бишкектин үстү жагындагы Ата-Бейитке же Баласагын шаарынын калдыгы Буранага, Манастын күмбөзүнө ж.б. жерлерге алып барып койгондой болот. Албетте, кинофильм экскурсияны алмаштыра албайт, бирок кайсы бир өлчөмдө чындап эле барып келгендик маанайын жаратары айныксыз.

Мындан тышкары, кыргыз адабияты мугалиминин карамагында дайым жаңыланып туруучу телекөрүүнүн окуу берүүлөрүнүн бүтүндөй бир топтому колдонууда болот.

**2. Маалыматтык технологиялар жана компьютер адабий билим берүү процессиндеги окутуунун заманбап каражаты катары.**

Учурда компьютердик технологиялардын ыкчам өнүгүүсүнүн таасири коомубуздун дээрлик бардык чөйрөлөрүнө, мунун ичинде билим берүү чөйрөсүнө да тийип өттү. Анын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүчү жаңы аппараттык жана программалык каражаттар анын билим берүүчүлүк дымагы жөнүндөгү түшүнүктү кыйла кеңейтти. Мультимедианын техникалык каражаттары менен жабдылган компьютер көрмө жана укма маалыматтардын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн бир топ жогорку деңгээлде алып чыгууга мүмкүндүк берет.

**Гипертекст** системаларынын жардамы менен тексттерде бири экинчисин кесип өткөн шилтемелерди түзүүгө болот, бул түйүндүү сөздөргө таянып, керектүү маалыматты издөөнү жеңилдетет.

**Гипермедиа системалары** тексттин фрагменттерин гана эмес, ошондой эле графиканы, санариптелген кепти, компакт-дисктеги жазууну, фото сүрөттөрдү, мультфильмдерди, көрмөклиптерди бири-бири менен байланыштырууга мүмкүндүк берет.

Мындай системаларды колдонуу электрондук колдонмолорду, маалымдамаларды, китептерди, энциклопедияларды лазердик компакт-дисктерде түзүүгө жана көбөйтүп чыгарууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Мына ушундан уламбы, заманбап билим берүүчүлүк чөйрөдө **«компьютердик технологиялар»** түшүнүгүн **«маалыматтык технологиялар»** термини күндөн-күнгө күчөп, четке сүрүп чыгып барат. Мунун мааниси маалыматты электрондук каражаттардын жардамы аркылуу топтоо, иштетүү, алып чыгуу жана пайдалануу процесстери менен байланышкан. Ал эми билим **берүүнү маалыматташтыруунун** маңызын мектеп окуучуларына деп маалыматтар базасындагы, билимдер базасындагы, электрондук архивдердеги, маалымдамалардагы, энциклопедиялардагы маалыматтардын чоң көлөмүнө эркин жол алуу үчүн шарттарды түзүү катары аныкташат.

Заманбап окутуу теориясында «маалыматтык технология» түшүнүгү «маалымат менен иштөө үчүн атайын ыкмалар, программалык жана техникалык каражаттар (кино-, угуу- жана көрмө каражаттар, компьютерлер, телекоммуникациялык тармактар) колдонулчу педагогикалык технологияны» билдирет.[4]

Билим берүүчүлүк процесс менен байланыштагы жаңы маалыматтык технологиялардын ичинен төмөндөгүлөрдү атаса болот:

- өз ичине электрондук окуу китептерин, көнүгүүлөр жыйнактарын, практикумдарды, тесттик системаларды камтуучу компьютердик окутуп-үйрөтүүчү программалар;
- персоналдык компьютерлерди, көрмө техникаларды, оптикалык дисктердеги маалымат алып жүрүүчүлөрдү пайдалануу менен курулган мультимедия-технологиялар базасындагы окутуп-үйрөтүүчү системалар;
- ар кыл түрдүү предметтик аймактарда колдонулуучу интеллектуал-дык жана окутуп-үйрөтүүчү системалар;
- телекоммуникациянын өз ичине электрондук почтону, телеконференцияларды, байланыштын жергиликтүү жана аймактык тармактарын, маалымат алмашуу тармактарын ж.б. камтуучу каражаттары;
- электрондук китепканалар, бөлүштүрүлгөн жана борборлоштурулган басма системалары.

Мектептик адабий билим берүүдө маалыматтык технологияларды колдонуу төмөндөгү деңгээлдерде ишке ашырылуусу мүмкүн:

- мугалимдин - кыргыз адабият мугалиминин билим берүүчүлүк, психологиялык-педагогикалык жана методикалык өз алдынча даярдануусу;
- билим берүүчүлүк процесстин заманбап мамилелер негизинде уюштурулуусу;
- окуучулардын билим алуучулук керектөөлөрүнүн ишке ашырылуусу.

Адабият мугалими үчүн персоналдык компьютерди төмөндөгүдөй жагдайларда колдонуу пайдалуу жана жемиштүү болорун күтсө болчудай:

1) жетиштүү өркүндөтүлгөн «жазгыч машинка» эсебинде, бул сабактарга карата минималдуу аз убакыт жумшоо менен конспектилерди, дидактикалык жана усулдук материалдарды түзүп-даярдоого мүмкүндүк берет;

2) Интернетке «кирүү» эсебинде, мында ал дүйнөнүн бардык тилдеринде эң эле ар түрдүү маалыматтарды камтуучу эбегейсиз зор энциклопедия катары келет.

---

[4] Караңыз: Загвязинский В.И. Теория обучения: Современная интерпретации. - М.: Академия, 2001. - С. 183.

**Интернет** - бул бардык өлкөлөрдүн адамдарына бүткүл адамзаттык маалыматтык ресурстарды алууга, түздөн-түз (online) баарлашууга, үйдөн чыкпай туруп ыңгайлуу шарттарда маалымат алууга мүмкүндүк берүүчү жаңы ай-ааламдык каражат. Интернетте адабий билим берүү үчүн баары бар деп айтсак, эч кандай деле апырткандык болбойт. Ырас, Интернетте кыргыз тилиндеги көркөм адабий чыгармалар, сын жана усулдук материалдар азырынча жетишсиз, ал эми орус тилинде каалаганыңды тапса болот. Алып карасак:

- классик калемгерлердин чыгармаларын;
- гезит-журналдардын электрондук үлгүлөрүн, музейлердин, сүрөт галереяларынын экспонаттарын;
- окуу китептерин жана окуу куралдарын;
- электрондук китепканаларды, программалык каражаттарды ж.б.

Компьютерлерди колдонуу предметти - кыргыз адабияты предметин окутуу процессинин төмөндөгү бардык баскычтарында кыйла жемиштүү:

- окуу маалыматын алып чыгуу баскычында;
- компьютер менен интерактивдүү биргелешип иштөө процессиндеги окуу материалын өздөштүрүү баскычында;
- өздөштүрүлгөн билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү кайталоо жана бекемдөө баскычында;
- окуп-үйрөнүүдөгү жетишилген натыйжаларды күндөгү жана жыйынтык текшерүү жана да өзүн өзү текшерүү баскычында;
- оңдоп-түзөөнү жана окутуп-үйрөтүү процессин, анын натыйжаларын окуу материалын үлүштөп берүүнү өркүндөтүү, классификациялоо, системалаштыруу баскычында.

**Мультимедиа-технологиясы** дегенде аппараттык жана программалык каражаттардын жыйындысын түшүнүшөт, булар адамдын маалыматты бир эле учурда бир нече туюу органдары аркылуу кабылдоосун камсыз кылышат. Андан да маалымат азыркы замандын адамы үчүн көбүрөөк көнүмүш формаларда алып чыгылган болот:

- аудиомаалыматтар (үндүк);
- видеомаалыматтар (көрмө);
- анимациялар (мультипликациялар, жандандыруулар).

Мектеп мугалиминин комментарийлерин (чечмелеп түшүндүрүүлөрүн) көрмө маалымат же анимация менен айкалыштыруу тааныштырылып жаткан окуу материалынын мазмунуна окуучулардын көңүл бурууларын бир кыйла жигерлештирет жана жаңы темага кызыгууну жогорулатат. Окутуп-үйрөтүү эстетикалык канааттанууну жаратуу менен катар мугалим алып чыккан маалыматтын сапатын жогорулатып, натыйжада сабак мазмундуу жана эмоционалдуу болуп баштайт. Ушунда анын окуу процессиндеги ролу олуттуу өзгөрүлөт. Мугалим окуу материалынын кыйла татаал фрагменттерин талкуулоого көңүлүн топтоп, лекция-сабакка деп бөлүнгөн окуу убактысын натыйжалуу пайдаланат.

Интерактивдүү лекция адабият мугалиминин жетекчилиги астында окутуунун заманбап салттуу ыкмаларынын жана жекеликтүү компьютердик окутуунун артыкчылыктарын өзүндө айкалыштырат.

Персоналдык компьютер (же ноутбук) жана анын чагылдыргычы (проектор) кыргыз адабиятын окутууда окутуу каражаты катары төмөндөгү учурларда пайдаланылышы ыктымал:

- окуу материалын сабакта алып чыгууда;
- окуучуларда адабиятты сөз өнөрү катары түшүнүүнү калыптандырууда, адабиятты искусствонун башка түрлөрү менен байланышта, ошондой эле предмет аралык байланыштардын контекстинде кароо максатында колдонулуучу иллюстративдик материалдар менен тааныштырууда;

- окуучулардын өз алдынчалуу ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын демонстрациялоодо;
- окуучулардын адабият жаатындагы билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн диагноздоону жана көзөмөлдөп-текшерүүнү жүзөгө ашырууда:
  - ♦ тест түрүндө;
  - ♦ сабактын оюндук тибинин ар кыл түрлөрү менен коштоолуусу эсебинде;
  - ♦ ар кыл түрдүү тапшырмаларды жайгаштырууда.

Жалпы орто билим берүүчү мектепте кыргыз адабиятынан сабак процессин уюштурууда маалыматтык технологияларды колдонуу аз убакыт ичинде үйрөнүлүп жаткан материалдын маңыздык өзөгүн алып чыгууга, андан да кысылган жана көзгө дароо урунчу, эсте каларлык формада, көңүл бурулуусу зарыл делинген эң бир маанилүү учурларды белгилөөгө мүмкүндүк берет.

Адабият сабагынын окутуу каражаттары өз ара байланыштуу болушат. Аларды чогуусу менен үзгүлтүксүз колдонуу окуучулардын адабий билим алуу процессин ийгиликтүү уюштурууга мүмкүндүк түзөт.

Учурда окутуунун каражаттары фондусуна жаңы маалыматтык технологиялардын каражаты - адабият боюнча окуу CD-ROMдору киргизилип баштады. Аларды түзүүнүн максаты мектеп мугалимине жана окуучуга калемгердин чыгармачылык ишмердүүлүгү жана адабий туундунун жашоосу менен байланышкан эң эле ар түрдүү маалыматты берүүдө, алардын издөө жумушун жеңилдетүүдө, сунушталып жаткан материалды окуучулардын натыйжалуу өздөштүрүүсүн камсыз кылууда турат. Окутуунун бул аталган каражаты көркөм туундуну искусствонун айрым түрлөрүнүн ортосунда орун алган байланыштардын көп түрдүүлүгүндө кароого мүмкүндүк берет. Окуу CD-ROMдорунун натыйжалуулугу бул окутуу каражатынын төмөндөгүдөй бир катар мүмкүнчүлүктөрдү түзүүчү спецификасы менен аныкталат:

- бир алып жүрүүчүдө кеңири жана эң эле ар кыл түрдүү (тексттик, көрүү, угуу, көрүү-угуу) материалдар камтылат;
- сунушталган маалымат менен таанышуунун уланмалуулугуна же таанышуу материалынын маанилүүлүк даражасына карай тандап алуу мүмкүндүгүн берет;
- адабият - кыргыз адабияты мугалимине жана окуучуларга дисктен ар кандай материалды алып чыгып, өз алдынча аткарчу иштерде пайдалануу мүмкүнчүлүгү берилет;
- өзүнүн кароосуна ылайык, бул же тигил шрифтти тандап алат;
- текстти угулгандай кыла алат;
- Интернетке кирип, өзүн кызыктырган тема боюнча каалаган маалымат менен тааныша алат.

Окутуунун ушул CD-ROM каражатын түзүүгө жана колдонууга карата иштелип чыккан усулдук мамилелер бир катар эмгектерде камтылып берилген.[5]

Жыйынтыктасак, окутуу каражаттарынын ар бир түрү белгилүү бир жана өзүнө гана мүнөздүү милдеттердин топтомуна ээлик кылат, буларды ишке киргизүү бул же тигил билим берүүчүлүк жана тарбиялык милдеттерди чечүүгө жардам берет, ошондой эле булардын ар бири окутуу ишинин ар башка формаларында аракетте болушат. Так ушул себептүү окутуу каражатынын бир

[5] Караңыз: Гудилина С.И., Кудина И.Ю. Методические подходы к созданию цикла учебных CD-ROMов «Литература и другие виды искусства». - М.: ИОСО РАО, 2002; Кудина И.Ю., Курушин А.А. Методические подходы к отбору материалов для учебных CD-ROMов по литературе. // На пути к 12-летней школе. - М., 2000.

түрүнүнэкинчисинен артыкчылыгы тууралуу кеп козгогондо болбойт. Болгону бул же тигил окутуу каражатын кайсы бир сабакты өткөндө пайдаланууга ылайыктуулугу тууралуу айтылганы жөн. Мындан тышкары, бул жерде чоң ролду класстын даярдык деңгээли, ошондой эле окуучулардын жана кыргыз адабияты мугалиминин өздөрүнүн кызыгуулары ойнойт.

**Билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Окутуунун каражаттары деген эмне жана алар кандай топторго ажырымдалышат?
2. Заманбап типтештирүүгө ылайык кыргыз адабиятын мектепте окутуу каражаттары түрлөргө кандайча болуп бөлүштүрүлөт?
3. Окутуунун каражаттарын типтештирүүгө карата проф. П.И.Пидкасистыйдын өз алдынчалуу мамилеси, окутуу каражаттарын бөлүштүрүүсү тууралуу эмнелерди айта аласыңар?
4. Материалдык каражаттар эсебиндеги көрсөтмө куралдар кандайча классификацияланышат?
5. Окутуунун техникалык каражаттары деген эмне жана аларды сабак процессинде колдонуунун маанилүүлүгү эмнеден көрүнөт?
6. Дайындалышынан жана колдонулуш максаттарынан көз карандылыкта окутуунун техникалык каражаттарын кандайча кылып бөлүп ажырымдашат жана алардын курамдык бөлүнүштөрү тууралуу эмне маалыматтарды билесиңер?
7. Адабият сабагындагы көрсөтмөлүүлүк, көрсөтмөлүү каражаттар деген эмне? Көрсөтмөлүү каражаттарды кыргыз адабияты сабактарында колдонуунун мааниси тууралуу эмнелерди айтса болот?
8. Адабият сабагындагы көрсөтмөлүүлүк кандайча ажырымдалат?
9. Адабият сабагындагы көрсөтмөлүүлүктү дагы кандайча кылып классификациялап жүрүшөт?
10. Көрүү көрсөтмөлүүлүгү эмнеси менен айырмаланат жана адабият сабагы маалында кандайча болуп колдонулат?
11. Угуу көрсөтмөлүүлүгү дегенди кандайча түшүнөсүңөр жана ал кайсыл учурларда колдонулганы ылайык?
12. Көрсөтмөлүүлүктүн көрүү-угуу каражаттары эмнеси менен артыкчылыктуу жана сабак процессинде кандайча пайдаланылат?
13. Маалыматтык технологиялардын маанилүү каражаттары эсебиндеги гипертекст, гипермедиа системалары тууралуу эмне маалыматтарды билесиңер? Буларды сабакта колдонуу кандай кошумча мүмкүнчүлүктөрдү берет?
14. Билим берүүчүлүк процесс менен байланыштагы жаңы маалыматтык технологиялардын ичинен кайсыларды атап кетсе болот?
15. Мектептик адабий билим берүүдө маалыматтык технологияларды колдонуу кайсы деңгээлдерде ишке ашырылуусу мүмкүн?
16. Адабият мугалими үчүн персоналдык компьютерди кандай жагдайларда колдонуу пайдалуу жана жемиштүү болорун күтсө болчудай?
17. Интернет, андан адабий маалымат алуудагы мүмкүнчүлүктөр тууралуу эмнелерди айта аласыңар? Интернет аркылуу адабият сабагына байланыштуу эмне маалыматтарды тапса болот?
18. Окутуу каражаты катары компьютерди жана анын чагылдыргычын кыргыз адабияты предметин окутуу процессинин кайсы баскычтарында колдонуу кыйла жемиштүү десе болчудай?

19. Мультимедия-технологиясы тууралуу эмнени билесиңер жана ал кандай формаларда алып чыгылат?
20. Персоналдык компьютер (же ноутбук) жана анын чагылдыргычы (проектор) кыргыз адабиятын окутууда окутуу каражаты катары кайсыл учурларда пайдаланылышы ыктымал?
21. Маалыматтык технологиялардын каражаты - адабият боюнча окуу CD-ROMдору тууралуу эмне маалыматтарды билесиңер жана аларды түзүүнүн максаты эмнеде?
22. Окуу CD-ROMдорун колдонуунун натыйжалуулугу бул окутуу каражатынын кандай бир катар мүмкүнчүлүктөрдү түзүүчү спецификасы менен аныкталат?

**Адабияттар:**


1. Ажгибкова Т.Н. Технология применения аудиовизуальных средств обучения в вузах // Инновации в образовании. - 2004. - № 2. - С. 111-123.
2. Артемьев В.А. Психология наглядности при обучении. - М., 2008. - 256 с.
3. Богданова О.Ю., Леонов С.А., Чертов В.Ф. Теория и методика обучения литературе. Учебник для студентов пед. вузов. - М.: Издательский центр «Академия», 2004. - 400 с.
4. Глушенко Е.Л. Картина и иллюстрация на уроках литературы. - М.: Просвещение, 1985. - 235 с.
5. Евдокимов В.И. К вопросу об использовании наглядности в школе. - СПб.: Питер, 2002. - 212 с.
6. Загвязинский В.И. Теория обучения: Современная интерпретация. - М.: Академия, 2001. - 192 с.
7. Коджаспирова Г.М. Технические средства обучения и методика их использования: Учебное пособие для студентов высших педагогических учебных заведений. - М., 2008. - С. 58.
8. Колокольцев Е.Н. О классификации средств наглядности в преподавании литературы. - М.: Просвещение, 1989. - 93 с.
9. Методика преподавания литературы./ Под ред. О.Ю.Богдановой, В.Г.Маранц-мана. В 2 ч. 1 ч.- М.: Прос-е, 1994. - 288 с.; 2 ч. - М.: Прос-е, 1994. - 304 с.
10. Осмоловская Наглядные методы обучения. - М.: Издательский центр «Академия», 2009. - 192 с.
11. Романичева Е.С., Сосновская И.В. Введение в методику обучения литературе. Учебное пособие для вузов по специальности «Русский язык и литература. - М.: Флинта-Наука, 2012. - 208 с.
12. Сосновская И.В. Методика преподавания литературы в современной школе: монография. - Иркутск: Изд-во ВСГАО, 2016. - 307 с.
13. Шаповаленко С.Г. О приведении методов и средств обучения в соответствие стребованиям жизни. - М., 1976. - 152 с.
14. Шахмаев Н.М. Дидактические проблемы применения технических средств в средней школе. - М.: Просвещение, 2000. - 260 с.

**МАЗМУНУ**

**СОДЕРЖАНИЕ**

**CONTENT**

***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***

***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***PEDAGOGICAL SCIENCE***

**1. А.Т.Турдугулов,**

ОКУУ КИТЕПТЕРИНИН МАЗМУНУ ПРОГРАММАЛАРГА ДАЛ КЕЛЕБИ?....................................2

**А.Т.Турдугулов,**

СООТВЕТСТВУЕТ ЛИ СОДЕРЖАНИЕ УЧЕБНИКОВ ПРОГРАММАМ?...........................................2

**A.T. Turdugulov**

DOES THE CONTENT OF TEXTBOOKS CORRESPOND TO THE PROGRAMMES?..........................2

**2.Оторбаев Б. К.**

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫН МЕКТЕПТЕ ӨТҮҮДӨГҮ ЗАМАНБАП БИЛИМ

БЕРҮҮЧҮЛҮК ТЕХНОЛОГИЯЛАР……………………………………………………………………12

**Оторбаев Б. К.**

СОВРЕМЕННЫЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕТЕХНОЛОГИИ ИСПОЛЬЗУЕМЫЕ ПРИ ОБУЧЕНИИ

ПРЕДМЕТА КЫРГЫЗСКАЯ ЛИТЕРАТУРА В ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ШКОЛАХ…………12

**B. K. Otorbaev**

MODERN EDUCATIONAL TECHNOLOGIES USED IN LEARNING THE SUBJECT KYRGYZ

LITERATURE IN GENERAL EDUCATIONAL SCHOOLS……………………………………………12

**3.Тыныстанова Н. А.**

ОКУУЧУЛАРДЫ Ч.АЙТМАТОВДУН «КАССАНДРА ТАМГАСЫ» РОМАНЫ

МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУНУН НЕГИЗДҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ.............................................................23

**Тыныстанова Н. А.**

КЛЮЧЕВЫЕ ВОПРОСЫ ОЗНАКОМЛЕНИЯ ШКОЛЬНИКОВ

С РОМАНОМ «ТАВРО КАССАНДРЫ» Ч.АЙТМАТОВА......................................................................23

**Tynystanova N. A.**

KEY ISSUES FOR INTRODUCING STUDENTS TO THE NOVEL

"KASSANDRA'S BRAND" BY CH.AITMATOV…………………………………………………………….23

**4.Кыштообаева Ч.А.,**
БОЛОЧОКТОГУ МАТЕМАТИКА МУГАЛИМДЕРИН КЕСИПКЕ ДАЯРДООДО

«САНДЫК МЕТОДДОР» КУРСУН ОКУТУУНУН ОРДУ ЖАНА РОЛУ................................................29

**Кыштообаева Ч.А.,**
МЕСТО И РОЛЬ ОБУЧЕНИЯ КУРСА «ЧИСЛЕННЫЕ МЕТОДЫ»

В ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ПОДГОТОВКЕ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ МАТЕМАТИКИ………………..29

**Kyshtoobaeva Ch.A.,**
PLACE AND ROLE OF TRAINING THE COURSE "NUMERICAL METHODS"
IN THE PROFESSIONAL TRAINING OF FUTURE TEACHERS OF MATHEMATICS…………………..29

**5.Рысбаев С.К.,**

ДЕҢГЭЭЛДИК БИЛИМ ЖАНА АНЫ БААЛОО ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ……………………………….38

**Рысбаев С.К.,**

УРОВНЕВОЕ ОБУЧЕНИЕ И ТЕХНОЛОГИИ ЕГО ОЦЕНКИ……………………………………………38

**Rysbaev S.K.,**

LEVEL EDUCATION AND TECHNOLOGIES OF ITS ASSESSMENT……………………………………..38

**6.Оторбаев Б. К.**

ОКУТУУНУН КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮ……………………………………………52

**Оторбаев Б. К.**

СРЕДСТВА ОБУЧЕНИЯ И ЕГО ВИДЫ……………………………………..…………………………52

**B. K. Otorbaev**

TRAINING TOOLS AND TYPES........................................................................................................................52